Ү. АСАНАЛИЕВ
Ж. ШИРИМКУЛОВА

# АДЕП



6

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГЕРБИ




## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ТУУСУ



# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ

Тексттин авторлору:
*Ж. Садыков менен Ш. Кулуев.*

Музыкасынын авторлору:
*Н. Давлесов, К. Молдобасанов.*

Ак мөңгүлүү аска-тоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

*Кайырма:* Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө.
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

*Кайырма.*

Аткарылып элдин үмүт-тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап урпактарга берели.

*Кайырма.*

www.bizdin.kg

Ү. Асаналиев, Ж. Ширимкулова

# АДЕП
# (Мурас)

Орто мектептердин 6-классы үчүн окуу китеби

*Биринчи басылышы*

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен

«Билим-компьютер»
Бишкек – 2012

www.bizdin.kg

УДК 373.167.1
ББК 74.26
А 90

**Асаналиев Ү., Ширимкулова Ж.**

А-90 Адеп (Мурас): 6-кл. үчүн окуу китеби. - Б.: «Билим-компьютер», 2012 - 192 б., ил.

ISBN 978-9967-17-001-8

Бул 6-класстар үчүн жазылган окуу китеби учурдагы колдонулуп жаткан программанын негизинде жазылган. Окуу китеби негизинен ата-бабалардын акыл-нускаларын, макал-лакаптарды, аталык тескөөлөрдү, энелик көрсөтмөлөрдү ичине камтыйт. Окуучунун акыл-эсин, ой жөндөмдүүлүгүн өстүрүү максатында ойлонто турган суроолор берилип, тексттер, тамсилдер, табышмактар, тесттик суроолор жана сөздүктөр окуу китебинин негизги өзөгүн түзөт.

**А 4306022200-12** **УДК 373.167.1**
**ББК 74.26**

ISBN 978-9967-17-001-8

© Асаналиев Ү., Ширимкулова Ж., 2012
© КР Билим берүү жана илим министрлиги, 2012
© «Билим компьютер», 2012

www.bizdin.kg

# ОКУУЧУЛАРГА КАЙРЫЛУУ

Кымбаттуу окуучум! Сенин колуңда Адеп сабагынын Мурас бөлүмү турат. Бул китепти ачып барактаганыңда сенин жан-дүйнөңдө көптөгөн өзгөрүүлөр болот деп ишенебиз. Анткени, сенин мекениңдин кооздугу, көркөмдүгү менен катар сен билген жана билбеген жер-суулардын бар экендиги, аны коргоого сенин мүмкүнчүлүгүң бар экенин түшүнөсүң.

Андан соң адамдагы асыл сапаттар жана жосунсуз жоруктарды талдап биле алааарыңа, китепте берилген тесттер, макал-лакаптар, кызыктуу аңгемелер, көркөм ырлар, ата-бабалардын акыл-нускалары жардам берет. Сен өзүңдү тексттеги оң жана тескери каармандын ордуна коюу менен өзүңдөгү жаман адаттардан кутулат деп ойлойбуз. Сенин акыл-эстүү, сылык-сыпаа, мээнеткеч, адамгерчиликтүү адам болуп чоңоюшуңа болгон дитибизди, акылыбызды салып жазууга аракеттендик. Келечекте сен сөзсүз ата-энеңдин, өз өлкөңдүн мыкты атуулу болуп чоңоёруңа ишенебиз. Ошондой болсо да азыртадан айтылган акыл-нускаларды, улуу акылмандардын, ата-бабаларыбыздын айткан акыл-кеңештерин эс-акылыңа түйө жүр! Аларды ар дайым турмушуңда пайдаланууга жетиш. Ар бир каармандын ордуна өзүңдү коё бил.

Силерге ак жол каалайбыз!

Авторлор

www.bizdin.kg

# ОКУУЧУЛАРГА АДЕПТИК-ЫЙМАНДЫК БИЛИМ БЕРҮҮ

Мурас «Адеп сабагы» окуу предметинин 2-баскычындагы китеп. Окуу китеби негизги төрт бөлүмдү камтыйт.

**1-бөлүм. Атуул жана ата журт.**

**2-бөлүм. Адамдагы асыл сапаттар – ыймандуулуктун белгиси.**

**3-бөлүм. Адамдагы жосунсуз жоруктар.**

**4-бөлүм. Улуттук нарк-насил.**

Адептик жана рухий-ыймандык билим берүүнүн башкы максаты мектеп окуучуларын элдик идеяга жана заманга шайкеш келген нарктуу адептик-ыймандык сапаттарды, маданияттуу жүрүм-турум адебин калыптандыруу. Адеп сабактары ошондой эле окуучулардын жакшылык жана жамандык, адам жана коом, өзгөнүн жана өзүнүн жан-дүйнөсү, адамзат тагдыры жана өз жашоо турмушу, жекече жана коомдук милдети, өткөндөр жана урпактар, өлкө жана эл алдындагы парзы сыяктуу олуттуу проблемалар тууралуу терең ой толгоп, тетик тыянак чыгаруусуна багытталган, аларда бийик адептик ыймандык маданиятты калыптандыруу жаңыча сабактардын системасы болуп саналат.

Авторлор педагогикалык кесиптеги көп жылдык тажрыйбаларына таянып, чыгармачылык менен бул окуу китебин талапка ылайык жазып чыгышкан.

Ар бир бөлүмдө балдардын жаш өзгөчөлүгүнө ылайык программага туура келгидей ыйман-нарк маселелерин камтыган макал-лакаптар, кызыктуу аңгемелер жана жомоктор, таалим-тарбияга үндөп чакырган ырлар, улуу инсандар жөнүндө кызыкту материалдар, окуучунун ой жүгүртүүсүн өстүргөн интеллектуалдык деңгээлин арттырууга арналган тексттер, накыл кептер берилип, учкул ойлорго акылмандардын айткандарына ой-жүгүртүүлөр сунушталган.

Насырымбекова Таалайбүбү,
Бишкек шаардык билим берүү
башкармасынын методикалык жана
маалымат берүү бөлүмүнүн
адеп боюнча башкы адиси

www.bizdin.kg

# I ЧЕЙРЕК.
# АТУУЛ ЖАНА АТА ЖУРТ



## 1-сабак

## 5-КЛАССТАГЫ УРУНТТУУ, ЗАРЫЛ ТЕМАЛАРДЫ КАЙТАЛОО

5-класста өтүлгөн ыйман-нарк маселелеринен билгендериңди эсиңе сал!

**Маани бер:**

«Ата-энеңди сыйласаң, өз балаңдан сый көрөсүң».
«Уят – өлүмдөн катуу».«Айтылган сөз, атылган ок».
«Чириген ооздон, ириген сөз чыгат».
«Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат».
«Таланттуу бала талпынган куштай,
кумары канбас асманга учпай».

Өмүр шамын өөдөлөтүп кармагын,
Ар күнүңдү эл журтуңа арнагын.
Текке кетпес, асыл эмгек жасасаң,
Ошол болот өлбөс болуп калганың.

www.bizdin.kg

## АТАНЫН КАЛЫСТЫГЫ

Акиш аттуу адам жашап, анын эки кыз, төрт уулу болот. Бала-бакырасынын баары үйлөнүп-жайланып, турмуштан өз орундарын тапкан учуру. Балдарынын кээ бири шаарга, кээси райондун борборуна көчүп кетип, эки уулу гана өзүнүн айылында тиричилик кылууда. Акиш кемпири экөө кичүү баласы Болоттун колунда. Андан улуусу Темир айылдын баш жагына өзүнчө там салып, короо-жай күтүп, оокатка тың чыгып, айылдагы колунда жок адамдарга жардам берип, ата-энени кубантууда.

Акиш да өз убагында мектепте кырк жыл мугалим болуп иштегендигин айта кетсек ашык болбойт.

Темир малын кышында колго кармап, жаз алды менен жайлоого чыга тургандарга кошуп жиберчү. Соёрго бирин-эки жандык алып кала турган. Быйыл кыш катуу болуп, чөп-чары жазга араң жетип, малы кыштан арык чыккандыктан бирин калтырбай баарын «жону сергип келсин» деп тоого чыгарып жиберди. «Киши каран келип калса атамдан деле алып турам» – деп ойлоду. «Конок чакыртпай келет» – демекчи бир күнү шаардан досу аялы, бала-бакырасы менен келип калбаспы. Темир атасыныкына барса, алар да болгон малын тоого жиберишкенин угуп эмне кылаарын билбей калды. Айылда же эт саткан жер жок, же мал саткан киши жок. Айласы кетип үйүнө кайра келе жатса алдынан Үмүт чыгып калып, экөө учурашып ал-жай сурашып калышты.

– Кайдан келе жатасың, атаңдыкына бардыңбы?

– Ооба, ошол жактан келе жатам.

– Ии, кандай кемпир-абышка жакшы бекен, малжаны эсенби?

– Кудайга шүгүр жакшы – деди Темир.

– Ой, анда эмне үлдүрөйсүң, эмне болду? – деп такыды Үмүт.

– Үйгө киши келип калды, малдын баарын тоого чыгарып жибердим эле, атамдыкына барсам алар да тоого малдын баарын кетиришкен экен. Өзүң билесиң быйыл кыш катуу болуп, мал жазга араң жетпедиби – деди.

www.bizdin.kg

– Тиги Жапардан сурап көрчү ошол бирин-эки козу алып калыптыр болчу, козулары да сойгонго жарактуу көрүнгөн – деди.

«Энеси эркек төрөгөндөй» – сүйүнгөн Темир Жапардыкын көздөй чуркап жөнөдү.

Жапар өзү көп сүйлөбөгөн өтө токтоо көрүнгөн адам эле. Аны айылдаштары «сүйлөбөс Жапар» деп коюшчу.

Үйгө кирип, Жапар менен саламдашкандан кийин Темир сөзгө келип:

– Жапар байке, малдын баарын тоого чыгарып жибердим эле, үйгө конок келип калыптыр, сизде козулар бар экенин угуп келдим, соёрго жараган бир козу берип туруңуз, күзүндө мал тоодон жакага түшкөндө берейин – дейт. Жапар бир козусун берет.

Күз келип малдын баары жакага түшкөн кезде Жапар келип, Темирден козусун доолайт. Темир короодогу койлорун көрсөтүп, тандап, каалаганын алууга анын эркине коёт. Жапар аралап көрөт. Бирок отуз кой-козунун ичинен бирөө да жакпайт.

Темир – дейт ал, – «Мунун ичинен бир да жарамдуу кой жок, козумду кайдан болсо да таап бергин».

Экөө чатакташып, кер мур айтыша кетишет. Темирди тилдеп, жаман сөздөр менен сөгөт. Темирдин бала-бакырасынын алдында абийирин кетирет. Айласы кеткен Темир «Отуз койдун ичинен бири да жакпаган соң, шылтоолоп, кыйнагың келгени да! Жеткен жеринде ал! – деп кол шилтеп, тескери басып кетет. Жини келген Жапар Темирдин атасы Акишке барып даттанат. Уулу жазында алган коюн эмгиче бербегени аз келгенсип, «жеткен жеринде ал» – деп койгонун жана анын койлорунун ичинен бир да кою жакпаганын айтып арызданат. Акиш уулун чакыртып келип, сураштыра баштайт. Уулу болгонун болгондой, төкпөй-чачпай айтып берет. Экөөнүн тең жоопторун, доолорун уккандан кийин Акиш мындай дейт:

– Мен Жапардын козусун көргөмүн. Ал жүкчүл болчу. Жазында Ой-Кайыңдыдан көчүп келе жаткан экен. Жанагы сен алган козуга атасы Сартпайдын керегe-уугун комдоп, түндүгүн үстүнө бастырып коюптур болчу. Ал

www.bizdin.kg

эми сенин койлоруң көнөчөгүңдү да көтөрө албайт. Демек, Жапарга сары атаныңды берип кутулгун, – деди.

Жапар уялып, сөз кайтара алган жок. Баягы өзү жактырбай койгон койлордон бирди тандап алып жолго түштү.

### Суроолор:

1. Ушул тексттен ким атуулдук милдет аткарды деп түшүнөсүң? Эмне үчүн?
2. Темирдин кылык-жоругунан сага жаккан же жакпаган жери?
3. Акиш атанын айтканына Жапар эмне үчүн уялды?
4. Бул тексттен биз эмнени түшүндүк?
5. Адептүүлүк, салт, нарк жөнүндө сөз болдубу?

### Үйгө тапшырма:

Сен кандай адепсиздик иш жасадың эле? Күндөлүккө жазып кел.

### Сөздүк:

**Жүкчүл** – оор жүк көтөрө алат.
**Атан** – төө.
**Кыт** – чүкөгө куюлган коргошун.
**Жадың** – эсиң.

## КОШУМЧА ОКУУ ҮЧҮН

## Өнөрдүн баркы

Илгери Иран ханынын бир баласы бар экен. Ал бала бир кедей чабандын кызын жакшы көрүп калыптыр. Атасына келип:

– Ата, мен бир чабандын кызын жакшы көрүп калдым. Ошол кыз менен баш кошоюн дедим эле, – дейт. Атасы каарданып:

– Ошондой да болобу, балам? Сен хандын баласысың. Мен өлсөм тактыма сен олтурасың. Чабандын кызы сарайга кантип жарашсын?

Хандын баласы болбой, атасына жалбарып:

www.bizdin.kg

– Айланайын атаке, мен ал кызды абдан жакшы көрөм. Эгер ага үйлөнбөсөм, өлөм деп атасынын кулагын жейт.

Атасы баласын кыя албай:

– Мейли, балам, жуучу жиберип кызды суратайын, – дейт. Ошентип, вазирин кызга жуучу кылып жиберет.

Вазири кызга барып, хандын уулу аны жакшы көрөөрүн, ага үйлөнгүсү келгенин айтат. Анда чабандын кызы:

– Макул. Хандын уулу эмне иш кылат? десе вазир чочуп кетет:

– Хандын уулубу? Бул кандай суроо? Хандын уулун да эмне иш кылат деп суроочу беле? Хандын уулу кайдан иштесин, – дейт

– Жок, дептир кыз. Хандын баласы болсо да, бир чеберчиликти үйрөнүшү керек. Мен колунан эч нерсе келбеген бирөөгө хандын баласы болсо да, турмушка чыга албайм. Вазир башын жерге салып ханга кыздын жообун айтып келет.

Хан баласын чакырып:

– Эгер сен ошол кызды ошондой эле катуу сүйсөң бир чеберчиликти үйрөн, же андан баш тарт, – дейт.

Анда уулу: «Мейли, мен анда чий токуганды үйрөнөйүн», дейт экен. Айлар бою чарчабай, тажабай аракет, көңүл коюп, чий токуганды үйрөнө баштайт.

Барган сайын чеберчилиги артат. Кооз оймолорду жаратып, түрдүү-түрдүү түстөргө боёп, кооз чийлерди токуйт. Чеберчилиги өскөндөн кийин вазирди кайра жуучу кылып, колуна чий берип кызга жиберишет. Вазир кызга «мына» деп хандын уулунун токуган чийлерин көргөзөт.

Чабандын кызы, өрүлгөн чийлерди көрүп, абдан кубанып, сунушуна макул болот. Ошентип кыз келин болуп сарайга барат. Күндөрдүн биринде хандын баласы көчөдө сейилдеп басып жүрүп, бир кербен сарайга учурайт. Сарайдын ичи таза, эшик болсо ысык болот, күндүн ысыгына чыдабай, ошол сарайга кирип, бир бурчка олтурат, бирок ал сарай ууру, каракчылардын сарайы экен. Ал сарайга киргендерди каршылык кылууга мүмкүнчүлүк бербей, шап кармап, зынданга ыргытышчу экен. Көзүн кан баскан каракчылардын дагы мындай бир салты бар болчу. Колго түшкөндөрдүн семиздерин өлтүрүп, арыктарына жедиришчү. Хандын баласы арык болгонунан тирүү калыптыр. Күндөрдүн биринде бала каракчыларга: «Мен сонун-сонун чийлерди токуйм. Бул

www.bizdin.kg

чийлер абдан кымбат турат. Мага бир аз камыш, анан үстөлүмө чырак берсеңиздер, силерге эң кооз чийлерди токуп берейин, – дейт. Каракчылар баланы угуп, айтканын кылышат. Арадан үч күн өтпөй бала түрдүү-түрдүү, кооз чийлерди токуп берет да: «Бул чийлерди алып, Иран ханынын сарайына барсаңар, чийлерди көрүп, силерге бир ууч алтын берет» дейт.

Каракчылар чийлерди жондоруна көтөргөн бойдон, хандын сарайына жетип барышат. Хан бир көрүштөн чийдин оймолоруна, кооздугуна айран таң калат. Чийлерди келинине жиберет.

«Бул чийлерди сатканы үч киши келиптир. Эгер алар жакса, сатып ал» деп кабар берет. Чабандын кызы ар бир оймону өз-өзүнчө изилдеп, оймолордун токулушунан күйөөсүнүн ага жашыруун кабар жибергенин түшүнөт. Хандын баласы кайсыл жакта жашырылганын чийдин оймолору менен көргөзүптүр. Аялы түшүнөөр замат жүгүрүп келип, ханга айтат. Хан каракчылардын сарайына сакчыларын жиберип, сарайды басып алып, каракчыларды кармашат. Хандын уулу сарайга, чабандын кызына кайтып келет да:

«Кымбаттуу жарым, сен мени өлүмдөн сактап калдың, сага карызмын», – дейт. Хан дагы чабандын кызынын акылдуулугуна абдан ыраазы болуп, батасын берет.

### Суроолор жана тапшырмалар:

1. Жомоктон эмнени түшүндүң?
2. Өнөрдүн баркы канчалык экенин жомоктун негизинде түшүндүрүп бер?
3. Пайдалуу өнөрлөрдү санап бере аласыңарбы?

## Жолдо, көчөдө өзүн алып жүрүү адеби

Көчөдө жүргөндө этияттык менен жүрүү, кийимдерди ыпылас нерсеге урунтуп алуудан сактоого аракет кылуу керек. Оозду ачып, ар нерсеге элеңдеп карай берүү жакшы сапаттардан эмес. Базарда жана адамдар жыйылган жайларда өтө этияттык менен абайлап жүрүү сунуш кылынат. Элебестик менен кадам шилтеп, адамдардын бутун басып кетүү же түртүп өтүү, ушул сыяктуу бейжай аракеттер аркылуу

www.bizdin.kg

бөтөндөргө азар берүү жакшы эмес. Эгер эркек же эки аял сүйлөшүп турган болсо, алардын ортосунан жарып өтүү тарбиясыздык болуп саналат.

Эгер жолдо карыя адам учурап калса, урмат көрсөтүү үчүн анын соңунан гана жүрүү зарыл. Иши зарыл болуп шашылып турган адам четирээк басып, карыяны түртүп кетпей, акырын алдыга өтүп кетиш керек.

Адамдар өтүп турган жол үстүндө сүйлөшүп туруу, өтүүчүлөргө жолтоо болуу тура эмес, четирээк жагында туруп сүйлөшкөн оң. Жолоочу жол үстүндө жаткан таш, тикен сыяктуу нерселерди көрсө, аларды четирээкке алып ташташа соол табат, башка жолоочуларга пайдасы тиет. Жолго түкүрүү, чимкирүү, ыпылас нерселерди ыргытуу тарбиясыздык. Жолдо карыган чал, алсыз адам же жаш бала учурап калса, аларга жардамга колун сунуу парз. Алардын жүктөрү болсо, аны колунан ала коюп жардам берген адам өз өмүрүндө эң мээримдүү иш жасаган болот.

Көчөнүн бир четинде дем алып отурганда да өзүңдү тарбия-адеп эрежелерине ылайык алып жүрүшүң зарыл. Жолдон өтүп бара жаткан кыздарга тийиштик кылуу адепсиздик. Дем алуу үчүн жанына бирди-жарым адам келип отурса, адептүүлүк каадасын сактап ширин-шербет сөздөр менен сүйлөшүп отурсун, ушак-айынды оозуна албасын. Бирди-жарым адам тайып жыгылып кеткенин көрсө тезинен ордунан туруп барып, ага жардам берсин.

Бардык жанга жакшылыгың сулуу кыл,
Тилди ширин, чырайыңды жылуу кыл.
Сөз берметин угуп калсаң нак акак,
Кулакка куй, бой-тумар кыл, дилге так.

## 2-сабак

## КЫРГЫЗСТАН – БИЗДИН МЕКЕНИБИЗ

**Маани бер:**
«Эр жигит эл четинде, жоо бетинде».

«Өзөктөн күйгөн өрт жаман,
Өздөн чыккан жат жаман».

www.bizdin.kg

«Адеби жок бала, жүгөнү жок атка окшош».
«Эр достугу эгиз, эл достугу деңиз».
«Досу көптү жоо албайт, акылы көптү доо албайт».
«Өз элин сыйлаган адам, өзгө элден сый көрөт».

Эр жигит сыймыктанат эли менен,
Эң кымбат Ата Журттун деми менен.
Элиңдин эң сүйүктүү уулу бол деп,
Эркелетип өстүрдү сени энең!

Кыргызстан – биздин ата-бабаларыбыздан калган, муундан-муунга мурастап, көздүн карегиндей ыйык сактай турган Ата Мекенибиз. Аны коргоо, душманга аяк бастырбоо, аймагынын бүтүндүгү үчүн керек болсо кан-жанын аябай курмандыкка баруу – ар бир атуулдун мойнундагы парзы, перзенттик карызы.

Кыргызстанда 80ден ашык улуттун өкүлү жашайт. Кыргыз эли – байыркы эл. Мындан 2000 жылдар мурун өз алдынча мамлекет болуп, V–IX кылымдарда жазуу маданиятына ээ болгону Кытай жазмаларынан жана Орхон-Енисей жазууларынан белгилүү.

Тарыхта канчалаган элдер чачырап, өзгө элге сиңип кетти. Кыргыздар бири кетип Эренге, бири кетип терең-



www.bizdin.kg

ге, бири кетип Кангайга, бири кетип Алтайга дегендей бытырап-чачылган бойдон калбай, өз бүтүндүгүн сактап, кыргыз атын өчүрбөй келе жатат. Ата Мекенинин айланасына топтолуп, түндүгүн көтөрүп, коломто отун өчүргөн эмес. Элибиз жоокер эл болгон. Убагында кыргыз баатырдыгын өзгө элдер: «Моголистандын жапайы арстандары» деп баалашкан. Окуучум, сенин да:

Жандай сүйгөн тууган элим, Мекеним,
Мен да сенин бир кулунуң экемин.
Тирүүлүктө жер таптабай жөнү жок,
Ак сүтүңө татый алар бекемин –

деген ой сезиминде уялап тургандыр.

*Д. Майсакеева*

## КЫРГЫЗСТАН – МЕНИН МЕКЕНИМ

«Өз элинин тарыхын билбеген эл – наристе балага окшош» – деп айткан экен илгери бир кеменгер.

Илгери өткөн заманда эң зор кубаттуу Кыргыз мамлекети болуп, аны кеменгер, акылга дыйкан ажо башкарып турган дешет. Ошол мезгилдеги биздин мамлекетибиз тууралуу жазууларда мындай деп айтылат. «Байыркы убакта кыргыз эли өзүнчө бир укмуш эл болгон. Тегерек четте, өлкөнү жапайы жана караңгы уруулар курчап турса дагы, алар өздөрүнүн билимдүүлүгү, туура башкаруу бийлиги, гүлдөгөн соода-сатыгы жана күчтүү жоокерчилиги менен айырмаланып турчу экен. Мамлекет динди бекем сактап, сот адилеттиги менен атагы алыска даңкталып турчу. Калайык журттун биримдүүлүгү өтө жогору болгон.

Дүйнөдө кыргыз жериндей жер, кыргыз ажосунун калаасындай калаа жок экен. Анын күмүш сарайы аябагандай кооз таштардан курулуп, өзгөчө көркөмдүүлүгү менен азыркы Тадж-Махалдан да сулуулугу менен даңкталган экен. Дүйнөнүн төрт бурчунан ажонун керемет сарайына саякатчылар жана соодагер байлар агылып келип турчу. Алар биздин эл менен достошуп, маек ку-

www.bizdin.kg

рушчу. Андан соң Ысык-Көл, Соң-Көл, Чатыр-Көл, Суусамыр, Сары-Челек, Арстанбап, Алтай, Эне-Сай жерлерибизди көрүп «Бейиштин жери тура!» – деп суктанышчу.

Кыргыз жергесинде атагы алыска жеткен улуу ойчул жана акын Жусуп Баласагын жашаган экен. Анын «Кут билимин» окуган башка элдер, анын билимине, акылына тан беришкен, өз тилдерине которуп, Жусуп Баласагынды даңкташкан.

Ошол жылдарда түрк тилин терең өздөштүргөн Махмуд Хусеин деген адам жашаган. Тарыхта ал бизге Кашкардын беги катары белгилүү, бирок атасы Хусеин Ысык-Көлдүн Барсконунан болгону, анын нагыз кыргыздын уулу экендигин аныктайт. Махмуд дүйнөнүн тегерек картасын түзүп, дүйнөнүн борбору деп «Ысык-Көл» көлүн эсептеген.

Ал эми азыркы кыргыз жерим, Кыргызстаным кандай деп ойлойсуңар? Ооба, Кыргызстанды азыр да «Бейиштин жерине» окшоштурбаган бир дагы саякатчы-меймманды жолуктура элекпиз. Демек, бир акындын жеримдин суусу дары, таштары алтын деп сүрөттөгөнүндөй эле бар.

Тоолорубуздун койну арча, кайыңга толгону аз келгенсип алтын, көмүр, сымап, сурма сыяктуу кен байлыктарга бай экендигин биз толкундануу, сыймыктануу менен билдирээрибизди кантип жашырабыз.

Абасынын тазалыгы, суусунун молдугу, жеринин кеңдиги, элинин меймандостугу менен азыр да атагы алыска угулганын танабызбы?

Меймандар бул жерди экинчи Швейцария – деп аташып, менин жерим болуп калсачы! – деп тандай такылдатышат. Мунун себеби жогоруда белгиленгендей карагай, кайыңга, арча менен четинге, карагат менен кожогатка коюну толгон, чокусундагы күмүш кары жайдын ысык саратанында салкындык тартуулаган тоосунун кереметиненби же мүмкүн кыштын ызгаар суугунда тоңбогон табышмактуу көлүнөнбү, же мүмкүн өрүшү малга, талаасы данга толгон элинин пейилиненби, айтор келген меймандардын саны арбууда. «Баатырдын атын алыстан ук, жанына келсең бир киши» дегендей, атагы алыска

www.bizdin.kg

кеткен Кыргызстандын мен бир атуулумун. Демек, мен өз мекеним менен сыймыктанышым керек. Мен мекенимдин өнүгүшүнө, өркүндөшүнө өз салымымды кошушум керек. Эгер мен өз салымымды кошсом, сен өз салымыңды кошсоң, тиги да өз салымын кошсо демек биздин мекенибиз өркүндөп өсөөрү, жашараары чындык.

Биз бул жерден кыргыз элинин атагына атак кошкон «Манас» эпосун айтпай коё алабызбы?

Ар бир атуул «мына менин кыргыз элим, мына менин кыргыз жерим» – деп дүйнөгө жарыя салууга даяр турушу керек.

Мекеним менин тапкан алтын энем,
Энеме керек болсо жаным берем.
Мекеним мени өстүргөн улуу атам,
Кубатым, кубанычым сен уулум деген
Жашарып жаңыланып алга басам,
Жаным бир, жүрөгүм бир Мекен менен! –

деп Кубанычбек Маликов акын жазгандай Ата Мекенди коргоо ар бирибиз үчүн ыйык милдет. «Мекенсиз адам үйсүз калган каңгыган иттен жаман» – деген биздин ата-бабаларыбыз. Мекендин баркын билген баатырларды өстүрүшкөн, демек, ар бир атуулда патриоттук дух, сезим болуу зарыл нерсе.

«Патриотизм дегенибиз, – деп жазат Булат Окуджава, бул ички купуя сезим, аны бирөөгө көрсөтүүгө болбойт, ал көкүрөктө ыйык сакталат, дилде – уюган, жүрөктө жүргөн нерсе». Патриотизм – бул табиятты сүйүү деп түшүнүү артыкчылык болбойт. Себеби сени курчап турган табият – бул сенин дүйнөң, Мекениңдин бир үзүмү.

## Суроолор:

1. Өз Мекениңин атуулу болуу, мекенди сүйүү жана коргоо керек дегенди кандай түшүнөсүң?
2. «Кыргызстан менин мекеним» – деп айтып, анан өзүңдөгү болгон сезимди байкап көрчү.
3. Патриот, патриоттук сезим деген эмне?
4. Өз мекениңе атуулдук кандай милдетиң бар деп ойлойсуң?
5. Сен келечекте ким болгуң келет?

www.bizdin.kg

Акактай тунук жер бермети – Ысык-Көл, ажайып кооз, чокусунан ак булут кетпеген жер түркүгү – Теңир-Тоо, бир убакта Кудай Таала өзү жаратып кеткен бейиштин төрү эмеспи. Ушул бейиштин төрүндө биздин урпактар жашайт. Алар улуу кудуреттүүлүктү, өлбөс түбөлүктүүлүктү кадырлаган момун эл.

Жерибиз болсо, акыл эстүү мамилеге муктаж. Ушул жерде канча адамдын буту басып, канча адамдын назары түшпөгөн. Мен өзүмдүн ушундай жерде туулуп, өскөнүмө сыймыктанам!

Бир жолу каникул убагында алыскы Соң-Көл жайлоосуна чоң атамдыкына жибериштиата-энем. Мен алыскы тоо койнунда, туш тарабы тоо, ортосунда көл жана да аякка койчу, уйчулардан башка эч ким деле барбайт деп ойлочумун.

Эртең менен эрте Бишкектен чыгып, түштө эле Соң-Көл жайлоосунда болдук. Ушул келе жаткандагы жолдун тыякбыягындагы кооз-керемет жаратылыш мени аябай таң калтырып, суктандырып келсе, Соң-Көл жайлоосуна чоң атамдыкына келгендеги көрүнүш «оозумду» ачырды да салды.

Соң-Көл жайлоосунун кооздугун, көркөмдүгүн, көрүнүшүн айтууга сөз жеткидей эмес. Бул жер да менин мекеним! – деп ай ааламга жар салууга даярсың! Анан дагы баягы, койчулардын ордуна башка тилдеги адамдарды көрсөң, оозуң ачылбаганын көрөөр элем. Мен шаарда эле жашайт деген адамдарды бул жерде, болгондо да алыскы тоо арасындагы жайлоодо кездештирем деген ой жок болчу.

Дагы бир таң калганым жаныбыздагы чатырлар өзбек менен орустуку экендиги болду. Алар кой, эчкилерин өздөрү кайтарышат экен. Алардын балдары менен таанышып, чогуу көлгө түшүп, ойноп жүрдүм. Алар да мен ичкен кымыздан ичип, тоого чыгып, ышкын, кызгалдак терип, сооган жеп жүрүштү. Дагы бир кызыгы орустардын кой сойгону болду. Кыргыздар кандай конок күтсө – алар да андан кем калышкан жок. Кой-эчкилерин тоо жакка айдап, булактан сугарып жана ошол булактан суу алып ичкенге биздикилерди да көндүрүшүптүр. Көл ансыз да кичине, аны таза сакташыбыз керек» – дейт Иван байке.

www.bizdin.kg

**Үйгө тапшырма:**

Окуп маанисин түшүн, салыштыр, ойлон.

«Мен өзүм жашап турган жериме кандай атуулдук милдетим бар?» – деген деген темада эссе жазып келүү.

## 3-сабак

# КЫРГЫЗ ЖЕРГЕСИНДЕГИ ЭЛ ЫЙЫК ТУТКАН ЖЕРЛЕР

Унутпагын! Ата-эненди, салтынды,
Унутпагын! Тарыхынды, атынды.
Унутпагын, жашоо такыр бүтсө да,
Кадыр туткан кыргыз деген атынды!

Кыргызымдын сыймыктанар жөнү бар,
Чалкып жаткан Ысык-Көлдөй көлү бар.
Тээ илгерки Көкөтөйдүн ашы өткөн,
Каркырадай, Суусамырдай төрү бар.

Дүйнөнү дүңгүрөткөн «Манасы» бар,
Айкөл бабам жердеген Таласы бар.
Дал ортодо Сулайман тоо көк тирейт,
Атак даңктуу Ош пирим калаасы бар.

*К. Акматов*

Балдар, кыргыз жери өзүнүн коздугу, сулуулугу менен гана эмес сырдуулугу менен да башка өлкө элдерин кызыктырып, суктандырып, ал тургай азгырып келгендигин биз өткөн сабакта айтканбыз. Демек, бүгүнкү сабакта темабыз айтып тургандай кыргыз жергесиндеги сырдуу деп аталган «ыйык» жерлер жөнүндө сөз болмокчу. «Ыйык» – деп аталгандыгынын себеби, бул жерлер кыргыз элинин тарыхын камтыган өзөгү, тамыры, эстелиги болуп саналгандыгы үчүн бийик, кол жеткис, кол тийгис таза, аруу нерсе деп түшүнгөнүбүз туура болот экен. Бул ыйык туткан жерлерибизди көргөнүбүз бар, көрбөгөнүбүз да бар. «Көргөн да арманда, көрбөгөн да арманда» дегендей ал жерлердин атын алыстан угуп, бир көрсөк деп дегдеп жүргөндүгүбүздүн өзү ошол жер-

www.bizdin.kg

лердин ыйыктыгын билгизип жүрбөсүн! Ошондой ыйык жерлерибиздин кээ бирлери менен бүгүн таанышабыз. Алар алыскы Ат-Башыдагы Таш-Рабат, Ош жергесиндеги айтылуу Сулайман тоосу, Өзгөн менен Токмок шаарындагы мунаралар жана улуу Манас баатырдын күмбөзү.

Урматтуу менин жаш окурманым, келечекте ошол жерлердин сырын ачкан окумуштуу болооруңа шек жок, ал үчүн көп окуп, кыргыз тарыхына кызыгып, ага ынтаанды, аракетинди койсоң гана болгону. Ак жол сага келечектин ээси!

## МАНАС КҮМБӨЗҮ

Сай-сайдан чымыркanып кулатып таш,
Омкоруп кедергини кылган талаш.
Башталып Ала-Тоодон Чүйгө карай,
Күзгүдөй суусу тунук агат Талас.
Урматтуу көз жаш менен ал күмбөзгө,
Коюлган өткөн күндө баатыр Манас.
Күмбөздүн салынганы кандайчылап,
Болгонун эчен жүз жыл мурун эбак.
Манастын эл бакканын, эл чапканын,
Кимдигин, кандайлыгын чын аныктап.
Мурун да окуучуга сүйлөп берген,
Айлана дубалында жазылган кат.
Бул күндө ырайымсыз жат колунан,
Мурунку жазуу, сызуу түшкөн урап.
Али да турат күмбөз таңыркатып,
Көргөндө ойлондурат көңүлүн тартып.
Алыста көрбөгөнгө даңкы менен,
Өзүнө куса кылып кумардантып.
Эрте кеч тоонун жели жомок кылып,
Күмбөзгө толуп жаткан сырлар айтып.
Бул күнкү урпагынын жайын сүйлөп,
Уйкуда жаткан элди кайраттантып.

Манастын күмбөзү – Ала-Тоо койнундагы керемет эстеликтердин бири. Бабабыз Манастын күмбөзү деп кыр-

www.bizdin.kg

гыз эли сыймыктанган жана сыйынган ыйык жайы. Анын жайгашкан жери Талас шаарынын жанында, Кең-Кол суусунун боюнда.

Манастын күмбөзү орто кылымдагы (XIV к.) архитектуралык эстелик. Эл ичинде «Манас күмбөзү» деген ат менен белгилүү. Бышкан кыштан салынган. Төрт чарчы имараттын (ичи 4,38 *м* x 4,48 *м*) бийиктиги 11 *м*, фасаддарынын ар биринин бийиктиги 7 *м*.

Манастын күмбөзү көчмөн кыргыздардын чөйрөсүнө мусулманчылык кире баштаган мезгилинде, ыйык адамдын мүрзөсү эмес, кудайдын жердеги күчүн даңазалаган храм катары курулган. Ошол үчүн жергиликтүү эл үчүн зыярат жайы болуп келген. Белгисиз архитектордун өз мезгилинин архитектуралык ой жүгүртүүлөрүнүн бийик деңгээлинде аткарылган.

Манастын күмбөзүнүн жанына азыркы күндө ата-бабаларыбыздын өткөн доордогу тарыхын чагылдырган этнографиялык музей курулган.

Күмбөз бышкан кыштан салынып, пирамида түрүндөгү төрт бурчтуктун үстүнө орнотулган 16 кырдуу чатыры бар. Сырты оймо-чийме менен асемделип коозодолгон. «Манас» эпосунда бул күмбөздүн салынышы тууралуу укмуштуудай зор эргүү менен баяндаган бөлүм бар.



Манастын күмбөзү.

www.bizdin.kg

Кыргыз элинин байыркы тарыхынан кабар берип турган бул күмбөзгө азыркы урпактар да чоң урмат менен мамиле кылышат.

## Манастын күмбөзү тууралуу уламыш

Түпкү атасы Төбөй хан, Төбөйдөн Ногой хан, Ногой хандан Бала хан, Бала хандан Кара хан.

Ал Кара хан өлгөндө,
Кайра келбес чын жайды,
Ошол киши көргөндө.
Аргын менен кыргыздын,
Кереге уугун кыйратып,
Кытайдан Молто хан чыгып,
Калайманды баштады.
Каяшаяк бергенди,
Койбой кырып таштады.
«Ал, Кара хан өлбө деп»,
Бул өңдөнгөн кордукту
Пендесине бербе деп,
Кара калмак манжу журт,
Каарын салып уздалды,
Олжо кылып оңбогур,
Беш көкүлдүү кыз алды,
Талдын баарын сулатты,
Тамдын баарын кулатты,
Каарланган каапырга,
Же кармап берээр мал калбай
Же каяша айтаар жан калбай,
Тополоңу тос болуп,
Токтобой качып кайран журт
Бири тентип Алайга,
Бири тентип Кангайга,
Бири тентип Урумга,
Бири тентип Кырымга,
Элсиз эркин жер калып,
Каны жок каңгып эл калып,
Ошо Кара кандын сегиз уул,
Эрээни Жакып, Улак хан,

www.bizdin.kg

Улуусу Бай Үсөндүр,
Үсөндүн колун байлады,
Орхон көздөй айдады,
Байдын колун байлады,
Төмөн Желпимиш көздөй айдады.
Улак хан колун байлады,
Иренди көздөй айдады.
Баштыгы Жакып баланы,
Алтай көздөй айдады.

Алтай жерин жердеген Жакып байдан Манас баатыр төрөлөт. Манас төрөлөрдөн мурда Кытайдын ханы Эсен хан кыргызда Манас аттуу бала төрөлөрүн билип:

Ошол Манас туулса
Каарды катуу салбайбы
Капкайда кегин албайбы
Бээжинге душман зилинде
Кынсыз кылыч байланат
Кызы талак ал көк жал
Каары тышка айланат
Кабагы бийик заары күч
Аркасында белгиси
Кара көк жал жалы бар –

деп корккон жери бар.

Манас төрөлгөндө Чыйырдыга:

Пайда болуп келиптир
Бир аксакал дубана
«Бул төрөлгөн балаңыз
Алты шердин кенжеси
Алланын сүйгөн пендеси
Аты Манас артык шер
Жан жаратып пендеден
Эселде чыкпайт мындай эр» –

деп көздөн кайым болот.

Манас он эки жашка келгенде Кытайдын ханы Эсен хандын Кочку баатыры 700 колу менен Алтайды жердеген кыргыздарга кол салат.

Ачууланып Манаска
Каарланып барбайып
Чоңдугу тоодой дардайып
«Он экиге келипсиң»

www.bizdin.kg

Сексен Манас болсоң да
Бүгүн менден өлүпсүң
Түбүнө чогуу жетемин
Бай Жакып атаң баш кылып
Баарыңды байлап кетемин
Түп көтөрө куу бурут
Түбүнө чогуу жетемин –

деп каардананына карабай Манастан жеңилет.

Эсен хан Жолой менен Дөңгүнү баш кылып Манасты кармап келүүгө 1000 кол аткарат. Алардын алдыга келген 200 колун кыргандан кийин бул Алтай бизге жер болбойт, бул кытай бизге эл болбойт деп Ала-Тоого элин көчүрүп жөнөйт. Артынан кууп келген Жолой менен Дөңгүнүн колун жеңет.

Аманат жандан түңүлүп
Качып Жолой баратат
Жетсе канкор жеди деп
Жерге кирген чоң Жолой
Жетик жандан түңүлдү
Калмактардын хан Жолой
Өзү жайчы кул экен
Токойго качып барганы
Күн жаадырчу жай ташта
Көтөрүп суугa салганы
Астыдан булут табылды
Жөө туман түшүп жабылды.
Ошентип кырк үйлүү кыргыз
Үзүлгөнүн улоого
Чачылганын жыйноого
Ою кетип эр Манас
Жаккан отун өчүрүп
Жалпы журттун баарысын
Жан жабылтып зор Манас
Башчы болуп көчүрдү.

Ошентип Манас баатыр кыргыз элин эзелтеден жер-деген кең Таласка көчүрүп келип, 40 жигитин 40 улуттун өкүлүнөн курап, элди, жерди коргогон.

www.bizdin.kg

Манас биз үчүн Ала-Тоону баскынчылардан куткарып, Ата Мекен жер кылган, таруудай чачылган кыргызды жыйнап эл кылган. Жаштарды намыс менен эрдикке жетелеген, кыргызды кылымдар бою сактаган зор күч. Манас кыргыз элинин туусу.

## СУЛАЙМАН ТОО

Сулайман тоо – берекелүү Ош жергесинде жайгашкан. Байыркы замандардан бери ыйык деп эсептелип, адамдар сыйынып келишкен. Аты да көптөгөн легенда, уламыштарда Сулайман пайгамбардын өмүрү менен байланыштуу айтылат. Ошол уламыштарга караганда, бир кезде Сулайман пайгамбар ушул тоодо туруп, жер жүзүндөгү жан-жаныбарларга бийлик жүргүзүп турган деп баяндалат. Тоо түндүк жагынан караганда тизесин бүгүп алып, чалкалап жаткан аксакал карыяга окшоп кетет. Түштүк жагынан караганда көкүрөгүн эки колу менен жөлөп жаткан ажайып сулуу кызды элестетет. Окумуштуулардын айтуусуна караганда тоонун дал ушул адамга окшош символикалык көрүнүшү байыркы адамдарга сыйкырдуу күч катары көрүнгөн.

Бул тоодогу укмуштуудай сүрөттөр тартылган үңкүрлөр, байыркы замандардан эле бул жер адамдардын сүйгүнчүктүү жайы болгондугун айгинелеп турат. Сулайман тоосу (мурдагы Беранкух) – Ош шаарынын так ортосунда, Ак-Буура суусунун сол жээгинен орун алган. Азыр чокусунан түтүк менен суу чыгарылып, айланасына бак-дарак тигилип, эс алуучу жайга айланып, оригиналдуу музей курулган.

XIV кылымда Фергана өрөөнүнүн башкаруучусу Бабур аталган тоого хужра (чакан ак там) курдурган. Кийин совет доорунда ал хужра бузулуп, азыркы күндө кайра калыбына келтирилген.

Сулайман тоо бүгүнкү күндө да сырдуулугу, ыйыктыгы менен Мекке сыяктуу адамдарды өзүнө тартып турат.

www.bizdin.kg

## Сулайман тоосу тууралуу уламыш

Дөөт падыша болуп турган кезде көп балдарынын ичинен Сулайманга тактысын калтырам деп убада берип, көзү өтө электе эле аны такка отургузган экен. Сулайман такка отурган соң Кудай таала ага аян берип: «Эмнени каалайсың? Кандай тилегиңди орундатайын» – дейт. Ошондо Сулайман «Оо жараткан эгем, мен алсыз карапайым адаммын, ушунча элдин үстүнөн падышачылык кылуу үчүн мага акылмандык бере көр» – деп суранат. Кудайга Сулаймандын тилеги жагып: «Сен душмандарыңдан кек алууну, байлыкты, мансапты, же керт башыңа керек пендечилик кызыкчылыкты сурабай акылмандыкты сурадың. Тилегиң орундалсын, байлык, атак-даңкты жана жан-жаныбардын тилин билүүчү касиетти сага кошуп бердим деген экен». Ошентип Сулайман падыша элге, жерге гана карамдуу болбой, жан-жаныбарга да карамдуу падыша болуптур. Ал падышачылыгында эмне болгонун өз көзү менен көрүп туруу максатында, тагын Улуу тоонун башына салдырып, күндө эртең менен айланасындагы адамдар, жан-жаныбарлар менен жана жашоонун башаты болгон Күн менен амандашып турчу экен. Күн сайын падышачылыгында эмне болуп жаткандыгынан кабар алчу. Бардык жан-жаныбардын



Сулайман тоосунда жайгашкан музей.

www.bizdin.kg

тилин билгендиги анын кайрымдуу адилет болуусуна шарт түзгөн. Ошол так курдурган Улуу тоо Сулайман тоосу деп аталып калган.

## БУРАНА

Караханийлердин доорундагы байыркы көчмөн элдердин борбор шаарынан сакталып калган архитектуралык эстелик – мунара. Ал Чүй өрөөнүндөгү азыркы Токмок шаарынын жанынан орун алган XI кылымдагы Баласагын шаарынын калдыгы болуп саналат. Мунаранын бийиктиги 24 метр, кезинде андан да бийик болуп – 40 метрден ашкан. Курулуш мусулмандарга намаз окуур убактысын билдириш үчүн азан чакырууга ылайыкташтырылган. 1970-жылдагы казууда Бурана мунарасына жакын жерде эски эстелик табылган. Бул архитектуралык курулуштун бири 8 кыр чыгарылып курулган, экинчиси жумуру түрдө салынып, эшиги (кире бериши) абдан жасалгаланган. Табылган архитектуралык курулуштар бул шаар X кылымдар ченде же андан кийин пайда болгонун далилдейт. Анан XIII–XIV кылымдарда ээн калганын изилдөөлөр көрсөткөн. Архитектуралык кооз эстеликтердин ансамбли, алтын тыйындар табылган кенч, буюмдардын кооздугу, коргонуу курулуштары жана шаардын пайда болгон мезгили менен Баласагындын салынган убагы жөнүндөгү жазма даректерде сакталган маалыматтын дал келиши аны Баласагын шаары деп болжолдоого мүмкүндүк берет. Бурана 1971–75-жылдарда калыбына келтирилди.



XI к. Баласагындык Жусуп «Кутадгу билиг» (Кут алчу билим) дастанын дал ушул жерде жазып, Бугра ханга тартуу кылып, сый-урматка бөлөнгөн.

Убагында мунарага жанаша салынган мечит болуп, тегерегинде башка көптөгөн курулуштардын орун алгандыгын андагы уранды-калдыктар далилдеп турат.

www.bizdin.kg

Бул Баласагын шаары кийин XIII–XIV кылымдарда талкаланып жок болгон. Ошонун ичинен жалгыз Бурана сакталып калган. Анын сырты оймо-чийме менен асемделип салынган, ичинде төбөсүнө карай буралып чыгуучу тепкичтери бар.

Жоокерчилик заманда мунара кароол карай турган жай катары да кызмат кылган.

### Бурана тууралуу уламыш

Илгери-илгери бир хан болуптур. Ал карыганга чейин балалуу болбоптур. Кудайдан суранып жүрүп байбичесинин боюнда болуп кыз төрөйт. Хан Ала-Тоодой эт кылып, ала көлдөй чык кылып чоң той берип, элдин баарын чакырат. Тойго жиндер, перилер, көзү ачыктар, сыйкырчылар да келишет. Хан баарынан бата сурап, кызынын тагдырын кандай болоорун айта кетүүлөрүн суранат. Эч ким алдыга чыкпайт. Хан дагы суранат. Хан үчүнчү жолу сураганда бир көзү ачык алдыга чыгып «Ханым, болбостур үч жолу сурадың эми угуп тур. Кызың 16 жашка чейин өтө бактылуу болот. 16 жашка чыкканда кара курт чагып алат дагы бул дүйнө менен коштошот» – дейт. Баш кесмек бар, тил кесмек жок деген ушул.

Хан буга ишенбейт. Кызына өтө бийик мунара салдырат. Анын оюнча кара курт жерде гана болот. Ал эми өйдө жакка чыга албайт. Кызы көз кубантып өтө жарооккер, сулуу, акылдуу-эстүү болуп чоңоёт. Хандын кызы 16 жашка чыгат. Жеген ичкендерине чейин дыкаттык менен текшертип турат. Ар тараптан вазирлери кайтарат. Туулган күнүнө карата хан башка өлкөдөн кийим-кечек, белек-бечкек менен кошо жер-жемиш да алдырат. Бардыгы текшерилгенден кийин мунаранын башына хандын кызына жеткирилет. Белекке сүйүнгөн кыз жүзүмдөн бирди үзүп оозуна салаар менен шалк жыгылат. Жүзүмдүн ортосунда келген кара курт чагып алган экен.

www.bizdin.kg

## ТАШ-РАБАТ

Таш-Рабат – Ат-Башы өрөөнүндө жайгашкан байыркы кербен сарай. Ал Орто Азиядагы ири архитектуралык эстеликтердин бири. XV к. курулган. Ат-Башы кыштагынан 80 *км* түштүк-чыгыш тарапта. Бишкек-Торугарт жолунун 18 *км* орун алган. Тимурийлер мамлекетинин Кытайга кеткен жолдогу бекемделген бул курулуш көпөстөр, элчилер жана миссионерлер түнөп өткөн кербен сарай деп болжолдонот. Самаркан курулушуна окшош.

Ал Улуу Жибек жолунун боюнда курулуп, өз убагында эл аралык мааниге ээ болгон. Анын салынышы да өз мезгилиндеги курулуштардан абдан айырмаланып турат. Жалаң табигый таштан кынапталган бул кербен сарай дайыма өзгөчө кызыгууну пайда кылып келген. Сарайдын ичи 31 бөлмөдөн туруп, анда эс алуучу, тамактануучу, унааларды байлай турган жайлар жана кеңеш куруучу чоң бөлмөсү бар. Өз убагында сарай согуштук максатта да пайдаланылгандыгын андагы эки зындан айгинелеп турат.

Рабат – кыргыз тилине которгондо «ажайып, кооз жай», таштан салынган кооз жай дегенди түшүндүрөт.



Таш-Рабат – Ат-Башы өрөөнүндө жайгашкан байыркы кербен сарай.

www.bizdin.kg

Таш-Рабаттын жалпы курулушу ошол мезгилдеги курулуш чеберлеринин устат экендигин ырастап көрсөтөт жана Теңир-Тоодогу байыркы гүлдөгөн көчмөн элдин маданиятынын бирден-бир үлгүсү катары сакталып калган. Анын качан салынгандыгы жөнүндө так маалымат жок. Болжолу XII–XVI-кылымдардын аралыгында курулган.

## Таш-Рабат жөнүндө уламыш

Илгери-илгери колунан көөрү төгүлгөн уста болгон экен. Анын жалгыз уулу болуптур. Уста бир чоң жумуш жасоого бел байлайт. Бул жасаган ишин элге кызмат кылат жана менин атагымды да чыгарат дейт. Ал баласы менен кеңешет. Ошентип уста баласы экөө бир чоң кербен сарай курууга киришет. Кербен сарайды жалаң таштан курууга ниеттенишет. Айланадагы тоолор да алардын ниеттерин толуктагандай таштарын төгүп берген экен. Ал убакта сыйкырчылык заман болуп, адамдарга ниети каршы сыйкырчылар ар кандай жакшы иштерге карасанатайлык кылып көз жазгырып, жолдон азгырып турушчу экен. Уста баласы экөө ишти баштагандан тартып алар азгыра башташат. Бир жолу экөө отуруп тамак жейли десе эле, бир супсулуу болгон келин аппак нанын көтөрүп келип калат. Атасы кой дегиче болбой бала нандан бир тиштеп жеп жиберип-тир. Бала ошол эле жерден зор уйкуга кеткен экен. Атасы эртерээк эскертпегенине өкүнүп өзү жалгыз сала баштайт. Ал устага сыйкырчылардын алы жетпептир. Ошентип баласы жети күн, жети түн уктагыча атасы кербен сарайдын көбүн бүтүрүп койгон экен. Баласы ойгонуп эки жагын карап, баягы салынган кербен сарайды көрүп аябай таң калат.

– Ата, – дейт ал – сиз бир түндүн ичинде эле ушунча куруп жибердиңизби?

– Балам, сен тиштеген нан кара ниет сыйкырчынын наны болчу. Мен эскерткиче жеп жиберип жети күн, жети түн уктабадыңбы, – дейт уста. Бала уялып, кечирим сурайт. Экөө кербен сарайды куруп бүтө жаздап

www.bizdin.kg

калышат. Уста баласына: – Балам кудай буюрса бүгүн бүтөбүз, бирок акыркы шарт менен гана, – дейт.

– Ал кандай шарт, ата, – дейт уулу.

– Биз көптөгөн сыноого туруштук бердик. Бирок бул шарт сыйкырчылардын өзгөчө шарты. Бүгүн ары-бери шарактап өткөн сулуу кыз-келиндерге сенин карабай коюшуң шарт. Эгерде сен карап коё турган болсоң кербен сарайды бүтө албайбыз, – дейт.

– Ушул эле болсо мен кыздарды карабайм деп убада берет баласы. Экөө кербен сарайдын үстүн бүтүүгө киришет. Эртеден ары-бери өткөн кыздарга көңүл бурбайт баласы. Ары-бери өткөн кыз-келиндер кызыл-тазыл кийинип, акыркы жолу шарактап өтүшөт. «Биз бүтүп калдык, эми эч нерсе деле болбос» дедиби, же эртеден бери араң чыдап турганбы, айтор бала кыз-келиндерди карап жиберет. Баланын колунан ташы ыргып кетет.

– Аттиң болбостур балам, кичине жери калганда азгырылдың, эми ушуну менен жумушубуз бүттү, – деп атасы салып жаткан кербен сарайдын үстүнөн түшүп кетиптир. Бала уялганынан жерге кирип кете жаздаптыр. Өзүм бүтүрөйүн деп ташты алайын десе таштар колуна тийбей качыптыр. Көрсө тиги уста да сыйкырчылардын тилин билген акылдуу адам тура. Ошентип курулуп бүтөйүн деп калган кербен сарайдын кичине жери бүтпөй ачык калып, ал жерден жаан, кар кирме болуп калган экен. Ал жалаң таштан салынган үчүн эл аны Таш-Рабат деп атап коюшуптур.

### Суроолор:

1. Ушул аты аталган ыйык жерлерибизди Ата журт деп атай алабызбы?
2. Сенин ушул ыйык деп аталган жерлерибизге карата атуулдук кандай милдетиң бар? Же жокбу?
3. Бул жерлердин бири-бирине болгон окшоштугун жана айырмачылыгын көрө алдыңарбы?
4. Бүгүнкү темабыздын адеп сабагына берилишин эмне менен түшүндүрө аласың? Эмне тиешеси бар деп ойлойсуң?

www.bizdin.kg

**Үйгө тапшырма:**

Берилген тексттер боюнча эссе жазып келүү.

**Сөздүк:**

**Жат** – душман.
**Храм** – зиярат кылуучу жай.
**Мунара** – бийик салынган турак жай.

## 4 - с а б а к

## АТЫНА ЗАТЫ ТӨП КЕЛГЕН, ЧҮРӨКТӨЙ КӨЛДӨР КИМДЕ БАР?

**Маани бер:**

«Суу кордогон кор болоор, суу сыйлаган зор болоор»
«Таза болсоң суудай бол, баарын жууп кетирген.
«Суу бар жерде жашоо бар».
«От менен суу тили жок – жоо».

## ЫСЫК-КӨЛ

Көлдөн мындай ким көргөн,
Көпкө унутпас бир көргөн.
Онтоп келген оорулуу,
Ойноп кетет бул жерден.

Көрсөм да түрдүү миң жайды,
Көрбөгөм бирок мындайды.
Созулуп жаткан Ысык-Көл,
Соорусу жердин турбайбы!

*Б. Сарногоев*

Ысык-Көлдү кимдер гана жазбаган, кимдер гана суктанбаган. «Көлгө куят миң булак, көлдөн агып чыкпайт бир булак», – деп акылман Калыгул айткандай Ысык-Көлгө 80 суу куюп, андан бир да суу агып чыкпайт. Ысык-Көл – Тянь-Шандагы эң ири туюк көл.

www.bizdin.kg



Суусу туздуу, ичүүгө жараксыз. Ысык-Көлгө Жыргалаң, Түп, Чоң-Ак-Суу, Жети-Өгүз, Жууку, Чоң-Кызыл-Суу, Барскон ж. б. суулар куят. Ысык-Көлдүн сыртынан Нарын жана Сары-Жаз суулары башталат. Ысык-Көлдө балык өстүрүүчү заводдор иштейт. Изилдөө иштери жүргүзүлөт.

Кереметүү Ысык-Көлдү көргөн дагы, көрбөгөн да арманда! Анын аты алыска кетип, Франция, Англия, Израил, Италия, Америкадан бери адамдар эңсеп келип, дарыланып, түшүп көңүл ачып кетишет. Ысык-Көлдүн дагы бир касиети, кышында тоңбостугу. Ошондуктан Ысык-Көл деп аталып калса керек. Ал эми түрк тилинде ысык (ызык) деген сөз «ыйык» деген сөздү билдирет экен. Мүмкүн ошол түрк тилинен киргендир ким билет? Мүмкүн сен келечекте Ысык-Көлдүн тарыхын иликтеген окумуштуу болоорсуң, Ысык-Көлдүн эмне үчүн тоңбой тургандыгын иликтеп чыгарсың?

Кыргыз эли үчүн Ысык-Көл ыйык, сыймык! Узундугу 178 *км*, туурасы 60 *км*. Эң терең жери 668 метрче. Ысык-Көлдүн жылдан-жылга соолуп, суусу азайып баратканы коомчулукту, окумуштууларды тынчсыздандырып келет.

www.bizdin.kg

## Ысык-Көл жөнүндө уламыш

Илгери-илгери азыркы Ысык-Көлдүн ордунда шаар болгон экен. Ал шаардын ханы элине кайрымсыз болуптур. Эл жарды жашаса да салыктын санын көбөйтүп, жада калса мышыкка да салык алчу экен. Ал хандын бир «чач тарачы» болуптур. Хан ошол чач тарачка гана мээримдүүлүк көрсөтчү. Себеби, хандын кулагы эшектикине окшош узун болгондуктан «чач тарачынан» башка эч кимге көрсөтчү эмес экен. Эгер бирөөгө айтсаң башыңды алам деген үчүн коркконунан эч кимге айтпаска убада берет. Хан чачын алдыргандан кийин узун кулактарын чокусуна байлап анан хан таажысын баса кийип ала турган. Ошондуктан эч ким, эч качан көргөн да, уккан да эмес. Күндөрдүн бир күнүндө ошол чач тарач хандын чачын алып бүткөндөн кийин, ичине көп жылдан бери катып жүргөн бугун ошол шаардын кудугуна барып башын ылдый салып «хан эшек кулак, хан эшек кулак» деп үч жолу катуу-катуу кыйкырган экен. Кудуктун суусу катуу чочуп, атып чыга баштаптыр. Суу атып чыгып отуруп оозу бош убадага турбаган чач тарачты, анан шаарды каптап түбүнө чөгөрүп салган экен. Мына ушундан касиеттүү Ысык-Көл пайда болот.

## СОҢ-КӨЛ

Көп орой чалгын бетеге
Төрүң, төр эмес бекен ээ!
Ыксырап жаткан тиги көл
Ырыс бейм бүткөн чекеге
Ушундай төрдө туулган
Ушундай көлдө жуунган
Ырыстуу кыргыз экем ээ!
Созулуп жаткан Соң-Көлүм,
Соолубас алтын чөйчөгүм
Көгүлтүр түбүн тиктесем
Көрүнүп турат эртеңим!

*Б. Сарногоев*

www.bizdin.kg



Соң-Көл көлү Нарын облусунун Жумгал өрөөнүнө карайт. Ал чоңдугу жагынан Ысык-Көлдөн кийинки экинчи орунда турат. Эң терең жери 22 *м*, узундугу 29 *км*, эң жазы жери 18 *км* түзөт. Деңиз деңгээлинен 3016 метр бийиктикте жайгашкан. Көлдүн түбү тегиз келип, туптунук. Жайлоо аталып, ал жерде түрдүү дары-чөптөр өскөндүгү менен жалпы элге маалым. Бул жерге келген эл таза абадан дем алып, кымыз ичип, ден соолуктарын чыңдашат. Соң-Көлдүн үстүндө ак куу баштаган түркүн-түстүү куштар конуп, көз жоосун алган көлгө айланат!

Соң-Көл – ички Тянь-Шандагы көл, бийик тоо ортосунда. Көлгө 18 суу куят. Көлдөн Кажырты суусу агып чыгат. Каңылтыр, линь, көкчаар, пелядь, сиг, чир, жилингир балыктары жана ондатр климатташтырылган.

Соң-Көлдү «сонун» деген сөз кыскарып, «соң» болуп калган дешет.

## Соң-Көл жөнүндө уламыш

Өткөн замандын каардуу бир жылдарында кемпирчал жашаган экен. Кудайга жалынып жүрүп, карып калганда көргөн жалгыз кызын эч кимге көргөзбөй багыш үчүн алыскы Ала-Тоого көчүп кетишет. Атасы кийик, кекилик, чий атып келип үй-бүлөсүн багып жүрөт. Кыз

www.bizdin.kg

да кер-маралдай керилип бойго жетет. Күндөрдүн бир күнүндө аң-уулап кеткен атасы үйгө келбей калат. Апасы экөө сарсанаага батат. Тан аткыча кирпик какпай чыкканына карабастан эртең менен эрте кызы: «Эки жакты карап келейин» – деген шылтоо менен атасын издеп жөнөйт. Аз жүрдүбү көп жүрдүбү, айтор хандын жигиттери кылыч чабышып машыгып жаткан жерден чыгат. Жигиттердин бири кызды көрүп катуу кыйкырып жиберет. Анын үнүнөн улам кылыч чабышып жаткан жигиттер тиги жигитти карап калышат. Кыйкырган жигит кыз жакты колу менен көрсөтүп үн сөзсүз турат. Жигиттер көрсөткөн жакты карашса, ай десе айдай, күн десе күндөй бир сулуу кыз турат. Булар хандын баласынын жигиттери болчу. Хандын баласы кыздын жанына келип:

– Оо перинин кызы, сиз кайдан келдиңиз жана сизге эмне керек болду? – деп сурайт.

Кыз болсо:

– Мен атамды издеп жүрөм –деп жооп берет. Тиги муну сурашып, сүйлөшүп ал кыздын адамдын эле кызы экенин билгенден кийин хандын уулу жигиттери менен кызды үйүнө жеткирип, атасын издеп таап келип, кош айтышып кетишет. Хандын баласы кызды жакшы көрүп калат. Кызга да хандын баласы жагып калат. Алар жолугуша турган болушат. Бул жолугушуу кыздын ата-энесине жакпайт. Себеби хандын баласы биздин кызга үйлөнбөйт деп ойлошот. Хандын уулу болсо атасына окуяны башынан аягына чейин айтып, үйлөнсөм ошо кызга гана үйлөнөм дейт. Хан каршы болбоптур. Атүгүл чогуу барып кыздын ата-энеси менен таанышууга жөнөйт. Ал мезгилде жоокерчилик заман болуп, бир эл экинчи элге жоортул жасап, жеңгени, жеңилгенин кул, күң кылып байлыгын тартып алып турган экен. Хан баласын ээрчитип жигиттери менен келе жатып жоого кабылат. Хандын жигиттери аз болгондуктан баары кырылат. Бул кабарды уккан абышка-кемпирдин кызы чымчыкка айланып кеткен экен. Чымчык болуп бара жатып баягы жигиттин өлгөн жерине келгенде көзүнүн жашы мөлт

www.bizdin.kg

этип жерге тамат. Жерге тамган көздүн жашы ушунчалык ысык болгондуктан жер жарылып суу атып чыккан дешет. Ошол суудан алыскы Ала-Тоодо көл пайда болуптур. Ал азыркы Соң-Көл көлү көздүн жашындай болуп молтүрөйт.

## САРЫ-ЧЕЛЕК

Жашарып сырдуу күү чалып,
Жай толкуп кайра тынч алып.
Жаңгактуу тоонун койнунда,
Жатканын көрчү суйкайып.
Көрктүүсү көлдүн Сары-Челек
Көркүнө анын бир себеп...
Сүрөтү жатат тоолордун,
Сүрөтчү мурда тарта элек.
Сары-Челек көлгө келишкен
Салбайбыз курорт неликтен
Коздук жайы кем калбайт
«Кой-Сары, Жети-Өгүздөн».
Артыкча шаңдуу байкасаң,
Атканда тоодон кашка таң.
Көл болбой эгер кыз болсо
Көз тиймек экен капкачан.

*Б. Сарногоев*

Сары-Челек көлү тоо арасынан орун алып, айланасы жаңгак токою менен курчалган, эң эле кооз, эң эле асем көл болуп саналат. Ал Жалал-Абад облусунун Аксы районунда, Чаткал менен Ат-Ойнок тоолорунун ортосунда Тоскол-Ата деген жерде орун алган. Сары-Челектин узундугу 7,5 *км*. Жазылыгы 650 *м*, орточо тереңдиги 98 *м*. Дениз деңгээлинен 1875 м бийиктикте орун алган. Көл декабрда тоңуп, апрелде ачылат. Жээги тик болгондугуна карабай, ал жээктердин беттери карагай-чер болуп, андан дагы жаңгак, алма, алча, мисте өскөнүчү!

Сары-Челек – өтө кооз жер. Жер бүткөндө жаңы гана жаралгандай, наристе бойдон тургандай ажайып жай.

www.bizdin.kg



Жапайы жаңгак, алмурут, алча, бадам, жапайы жүзүм, ак чечек, карагай-кайың, четин, ит мурун, долоно, бөрү карагат, бүлдүркөн, чие, мисте ж. б. кеңири тараган берекелүү бейиш жайы.

Тоосунда элик, тоо эчки, аркар, доңуз, зубр, бугу, кашкулак, түлкү, суур ж. б., канаттуулардан улар, кекилик, чил, кыргоол, көгүчкөн, каз, өрдөк ж. б. 150 дөн ашык түрү мекендейт. Тереңдиги боюнча Ысык-Көлдөн кийинки 2-орунда. Сары-Челек көлү жер титирөөдөн улам чоң жер көчкү өрөөндүн таманын бөгөп калышынан пайда болгон. Сары-Челек корукка айланган.

Жаратылышынын кооздугун көрүп, өзүңдү Меккеде жүргөндөй сезесиң! Ал эми жан-жаныбарларын айтпай эле коёлу. Кызыл китепке кирген илбирс, жолборстон баштап, күрөң аюунун сүйүктүү жайы.

## Сары-Челек жөнүндө уламыш

Сулайман пайгамбар жер-сууга падышачылык кылып турганда Алла таала бир кыз менен бир жигитти каарына алып, кушка айлантып жиберген экен. Кушка айлана элек кездеринде экөө кошуна жашаган адамдардын балдары болуптур. Бала кездеринде кадимки эле балдардай ойноп, ата-энелерине жардам берип, оокатка аралашып күн

www.bizdin.kg

өткөрүшчү. Балдар чоңоюп эс тартканы кыялдары бузула баштайт. Кыз эне-атасынын тилин албай аларды аябай капа кылган экен. Бул окуя баланын үйүндө да болот. Атүгүл эне-атасына каяша айта баштайт. Баланын эне-атасы да капа болот. Муну көрүп билип турган Алла таала, силер ата-энени капа кылып алар менен чогуу, ынтымакта жашагыңар келбесе экөөң эки куш болгула деп кушка айлантып жиберген экен. Алардын кушка айланганын эч ким билбейт. Ата-энелери издеп таппай калышат. Айылдын балдары куштарга жаа тартып, таш менен койгулап жолотушпайт. Ошентип эки куш, эне-ата, бир туугандарына жетпей куса болушат. Ата-энени катуу капа кылгандарын түшүнүшкөндө өтө кеч болгон болот. Ыза болгон экөө өздөрүн жерге чаап жандарын кыймак болот. Экөө өтө бийик көтөрүлүп шукшурулуп келип, жерде жаткан килейген ташты көздөй бойлорун ташташат. Жан-жаныбарлардын тилин билген Сулайман пайгамбар өздөрүнүн катасын түшүнгөн эки кушту өлүмгө кыйбайт. Ал ошол чоң ташты тең жарып жиберет. Тең жарылган таштын астынан суу атып чыгып тиги эки кушту тосуп калат. Ошол суу чыккан жерге суулар толуп отуруп көлгө айланат. Айлана тегереги тоо менен курчалгандыктан өтө кооз, жан-жаныбарга жайлуу жай болот. Ошол көл азыркы Сары-Челек көлү экен.

## ЧАТЫР-КӨЛ

Эч кемтик таппайм кымындай,
Эң чейрек чыккан сулуудай,
Эргиткен, чөккөн көңүлдү
Эх, чиркин, кандай сулуу жай!

*Б. Сарногоев*

Чатыр-Көл көлү Соң-Көлдөн да бийик жерде орун алган. Ал Ат-Башы районуна караштуу, атактуу Арпа жайлоосунда. Кышында эрте тоңуп, жазында кеч ээрийт. Эң бийик жерде орун алгандыктан тегереги абдан суук келип, көлгө түшкөнгө мүмкүнчүлүк жок. Ошондой болсо да суукка чыдамдуу кыргыздын жигиттери ал көлдө балык-

www.bizdin.kg



тай ойношот. Чатыр-Көлгө жакын жерде атактуу «Арашан» деп аталган касиети бар суу жер астынан оргуштап, фонтандай болуп чыгып турат. Арашан суусу жылуу.

Чатыр-Көл – ички Тянь-Шандагы тоо көлү. Деңиз деңгелинен 3520 *м* бийиктикте. Узундугу 23 *км*, туурасы 11 *км*. Терендиги батышында 18–19 *м*, чыгышында 8 *м*, орто терендиги 12–13 *м*. Суусу таза, тунук. Көлдө каз, өрдөк, аңыр, чулдук, ырыт ж. б. канаттуулар болот.

Легендада Чатыр-Көлдүн түбү Ысык-Көл менен туташ деп айтылат. Кашкардан келаткан соодагердин эшеги ээри менен Чатыр-Көлгө түшүп кеткен имиш. Кийин таанымал килем тердиги Ысык-Көлдөн чыгып калыптыр.

Чатыр дегендин үйдүн чатыры менен байланышы жок. Бийик жерден орун алганы үчүн чатырга жакындатышат болуу керек. Чындыгында «чатыр» чатыраган, кенен маанисинде болуп «кенен көл» маанисин туюнтушу мүмкүн.

## Чатыр-Көл жөнүндө уламыш

Илгери өткөн заманда кыргыз элинде Ча деген балбан жашаптыр. Анын балбандыгы улуу элдин учуна, кыска элдин кыйырына тарайт. Ча балбан менен беттешүүгө ар тараптан «мен кыйынмын» деген балбан баатырлар келген экен. Кыргыздын ханы келген баатыр-

www.bizdin.kg

ларга үй тиктирип, урмат менен тосуп алып, беттешүү өтчү жерди, күндү белгилейт. Эл жыйылып беттешүү башталат. Ча балбан баардык балбандарды жеңет. Беттешүү бүтүп, Ча балбан женди деп жар салуу башталганда эле эл ичинен бир кичине бойлуу жигит так секирип чыга келет да «Ча балбан мени менен күрөшүүгө барат бекен?» – дейт. Балбандардын беттешүүсүн көрүп отурган эл толкуй түшөт. «Ча балбанга ушул кичинекей неме тең келе алабы, уят» дегендер да болду. Чындыгында Ча балбан оро-пара келген кишиге тоодой көрүнөт, ал эми аны менен күрөшүүгө келгендердин ичинде андан да зорлору бар эле. Муну көргөн хан «күбүр-шыбыр» элди тыйып, тиги жигитти алдына алып келет.

– Ии кана, айтчы, эмне оюң бар? – дейт.

– Ханым, мен жөн гана Ча балбан менен күрөшкүм келет деп, жигит так кесе коркпой жооп берет. Бир эсе жообуна, бир эсе кайратына таң берген хан:

– Каалооң болсун, күрөшкө түш. Бирок, бир нерсе эсиңде болсун. Эгер жеңилсең башың алынат. Ушуга макулсуңбу дейт. – Макулмун дейт жигит шар. Жигитти биртике тиктеген хан «күрөштү баштагыла» дейт. Күрөшкө калыстык кылуучу жигиттин эрдигине таң калып, атың ким деп сурайт. Атым Тыр деп жооп берет. Күрөш башталат. Тиги тыякка тартып, бул быякка тартып бир күн кечке алышат. Бири-бирин жеңе албайт. Эртеси эртең менен дагы күрөштү башташат. Бул күнү дагы бири-бирин жыга алышпайт. Эки балбан буттары менен чалышып тизелери жерге тийип жатып, жер кадимкидей ороо болуп, эл арылап отуруп, ал ороо чоңойгондон чоңоюп, бири-бирин жыга албай жети күн алышат. Акыры хандын буйругу менен күрөш токтотулуп экөөнө тең балбандык наам ыйгарылат. Хан өтө айкөл жана адилет адам болгон экен. Экөөнө тең эки кымкап чапан жаап, эки аргымак тартуулап, келген балбандарга да сыйлыгын жасап жөнөткөн экен. Ал эми тиги эки балбан күрөшкөн жерге жаан толуп, суу агып кирип отуруп көлгө айланып, тиги эки балбандын атынан Чатыр-Көл аталып калган экен.

www.bizdin.kg

**Суроолор:**

1. Кереметтүү көлдөрүбүз жөнүндөгү уламыштын адеп сабагына кандай тиешеси бар деп ойлойсуңар?
3. Көлдөрдү окуп үйрөнүү сага эмне берет?
4. Көлдөрдү сактоонун, жакшыртуунун мааниси эмнеде деп ойлойсуң?
5. Ушул көлдөргө карата өзүңдүн кандай атуулдук милдетим бар деп ойлойсуң?

**Сөздүк:**

**Таң берген** – баалаган, суктанган.

**Үйгө тапшырма:**

«Жеримдин суусу дары, таштары алтын» – деген темада дил баян жазып кел.

## 5 - с а б а к
## ЖЕР-СУУ АТАЛЫШТАРЫ

**Маани бер:**

«Өз жерин, элин сыйлабаган адам, башка элден сый көрөбү?».

«Жердин көркүн, элдин даңкын чыгарган – эмгек».

«Ата Мекеним – алтын бешигим».

«Атаң барда эл тааны, атың барда жер тааны».

Жер, суу аталыштарына кайрылуунун өзү кыргыз тарыхына кайрылуу болуп саналат. Себеби, ал аттар кайсы жылдарда, кайсы кылымда ким тарабынан коюлганын тастыктоо керек. Бирок кайсы тарых булактарынан окуп, карап көрсөк деле ким ат койгону жана кайсы жылдарда коюлганы белгисиз. Бирок кыргыз жерине, кыргыз ат менен коюлгандыгынан улам, сөзсүз биздин ата-бабаларыбыз койгондугун баамдайбыз.

Байыркы ата-бабаларыбыз жашаган жерлерин ыйык тутуп, эски журтун кадырлап, көчкөндө таптаза, күлгүндөй кылып кетишкен. Конушун булгап, балбаалатып таштап кетүү аны жаман аттыга калтырган. «Ким жай-

www.bizdin.kg

лаган? Кимдин конушу?» деп сын беришкен. Бул – көчмөн маданиятынын канга сиңген эң бийик салты болгон.

Жер-сууга затына атын төп келтирип коюшкан, жер сырын жетик билишкен. Биз эски аттардын бардыгынын эле маанисин жете биле бербейбиз. Көрсө, жер-суунун аттары өзүнчө жазылбаган тарых тура. Ал ат кандай коюлган, кайсы тилдин сөзү экендиги иликтөөгө алынмайынча билүү кыйын. Ал жергебизде кандай окуялар болуп өткөн, элибиз кандай тарыхый шарттарда жашаган, кимдер менен жоолашкан, кимдер менен достук мамиледе болгон, ошонун изи тилибизде, жерибиздин атында да сакталып калган.

Байыркы кыргыз тилинде «барс» сөзү илбирсти билдирген. Кыргыздын байыркы каны Барсбек аталганы белгилүү. Манасты да кабылан Манас, шер Манас, арстан Манас деп, анын эрдигин күчтүү жаныбар менен өтмө мааниде теңештиришкен. Барскоон деген жердин аты орто кылымда ошол аймактын бийлеген Барс кагандын атынан коюлуп, кийин сөз өзгөрүп, Барскоон болуп калган.

Мисалы, алыс барбай эле жогорку Беш-Күңгөй, Арчалуу, Таш-Мойнок, Сары-Камыш, Күн-Туу айылдарын алалы. Беш-Күңгөй айылы толуу айыл болгондугуна карабастан эртеден кечке күңгөй-тескейи жок, күн тегиз тийип тургандыгы менен таң калтырбай койбойт.

Арчалуу айылы тоолуу айыл болбосо да туш-тарабында арча, кайың өсүп, арча жыттанып турат. Арчалуу айылы кийин «Победа» айылы болуп алмашып, айылдын адамдары арызданып жүрүшүп, «Арчалуу» атын кайра алгандыгын сыймыктануу менен айтышат.

Нагыз төл сөздөрүбүздөн жер шартына ылайык коюлган аттар атына заты төп келет: Көк-Жайык, Кызыл-Жар, Өрүктү, Долон, Сары-Жаз, Ак-Суу, Балыкчы, Куштар, Дүңгүрөмө, Кең-Суу, Чоң-Таш, Талды-Суу, Корумду, Ала-Бел, Терек-Сай, Кулан-Сай, Даркан, Тамга, Ак-Терек ж. б.

www.bizdin.kg

**«Нура» тоосунун чокусунда**

Мен турдум «Нура» тоонун чокусунда,
Менсинген темир текөөр кыраанга окшоп.
Булуттар көчүп жүрдү тегеректеп,
Бал ачып «бакыт берчү» цыганга окшоп.
Булутту жаздык кылып жамындым да
Кыңкайып бийик тоодон, бийик болуп.
«Нура» деп ат койду экен эмнеликтен,
А мүмкүн күн биринчи тийгендиктен.
«Нур» деген нурлуу сөзгө «А»ны кошуп,
Нура деп аташкандыр сүйгөндүктөн.
Ким билсин канча кылым жашаганын,
Бир билсе, билген чыгаар аталарым.
Бул чоку качанкы карт болсо дагы
Мен буга чыккан сайын жашарамын!

**Адамдагы эң мыкты сапат:**

1. Адамдын акылдуулугу.
2. Бүгүнкүнү таанып, эртеңкисин көрө билүүсү.
3. Айтканын аткарган, иштин өтөөсүнө чыккан ишенимдүүлүгү.

## ЖАҢЫ КОНУШ БАЯНЫ

*«Тарыхсыз эл – эл эмес»*
Эл оозунан

Жигит үмүттүү караган адамга «Улан десең жаңылбайсың» деп аттын башын шарт буруп «уулуңар ыймандуу болсун, турмуш жолу кенен болсун» – дегендей сырдуу тиктеди да атына камчы сала күтүп тургандарга жете келди. Булар көчтүн башында эле ... Өтүп бара жаткан көчтү кымыз, айран менен тосуу элибиздин салты. Бирок, бүгүн Курманбай үчүн бул көчтүн өтүшү өтө маанилүү. Анткени, көчтүн башында атагы таш жарган Кыдырназар баатырдын келе жаткандыгы угулган. Курманбайдын аялы жаңы эле эркек уул төрөп, ага ат кой-

www.bizdin.kg

дуруп калуу үчүн Кыдырназарды токтотуп кымыз, сунуп, баласына ат коюп берүүсүн суранган эле.

Бул жердин аты Сууксай аталат. Сайдын суусу жайдын саратанында да тим эле сөөк какшатат.

Көч андан өтүп, Коңур-Дөбөгө чыга келди. Алдыга кеткен эки адам, кайра кайрылып келип калды. Алардын бири: – Тиги, Беш бөлтөктүн ичине Асыран бийдин жээни Алабаш баатыр, сиздин өтөөрүңүздү күтүп үй тиктирип жатыптыр, кандай кыласыз? – деди.

Кыдырназар артка кайрылып, элинин чарчаганын баамдап «Беш бөлтөккө» черүүлөйбүз – деди да аттын башын бурду. Элдин сүйүнгөнүн айтпа!

Алабаш баатыр алты-жети үй тиктирип ак боз бээни кармап, байлатып турган экен жүктү ат, төөдөн бошотуп, жерге алдырып, белдерин эс алдырышты.

Кыдырназар да Алабашка алтын чөгөрүлгөн кемер кур тартуулады. Эртеси эртең менен эрте көч жолун улады. Дагы бир топ жолду басып Беш-Күңгөй, Суусар булуңду басып өтүп Улар дөбөгө келип конуш алышты.

Бул Кыдырназардын атасынын конушу эле.

## Суроолор:

1. Текстен кандай жер-суу аталыштарын окудуңар?
2. Мурдагы темалар менен салыштырып көрчү?
3. Өз ата журтуңду кантип атаса жарашат деп ойлойсуң?
4. Жер аталышы элдин тагдырына таасир эте алат дегенге сенин оюң?

## Үйгө тапшырма:

**Өзүңдүн туулган жериңдин аталышы, тарыхы тууралуу жазып кел.**

## Сөздүк:

**Кемер кур** – жазылыгы бир карыш келген алтын же күмүш чөгөрүлгөн кур.

**Черүү** – эс алуу.

**Темир текөөр кыраан** – тепкенин сая кетирбеген кыйын куш.

www.bizdin.kg

## 6 - с а б а к

# АБАЛКЫ АТТАРДЫ КАСТАРЛАЙ БИЛЕЛИ

**Маани бер:**

«Атанын өрнөгүн албасаң – азапка кабыласың
Эненин эскертүүсүн эстесең акыл табасың».

Жерден ыйык нерсе жок. Жерди сыйлабаган элди да сыйлабайт. Жерин саткан падыша элин да сатат. Жер – эне. Жердин аты да, заты да жанга медер, өмүргө дем. Бабаларыбыздан калган жер-суу аттары – балдарга, укум-тукумга калган баалуу мурас. Эзелтен калган эски аттардын атын өчүрүү эстүүлүк эмес. Эл койгон эски аттарды эстелик катары сыйлай билүүбүз зарыл.

Эски аттарды алмаштыруу ата-бабаларыбыздын таберигине таза мамиле кылбаганыбыз болуп саналат.

## ЧОҢ-ТУЗ АЙЫЛЫ ЖӨНҮНДӨ

Илгери кыргыз эли көчмөн калк болуп, ага ылайыктап жасап алган боз үйлөрүн чече салып, минип жүргөн аттарына жүктөй коюп бир жерден экинчи жерге, малга жайлуу, элге жайлуу жерге көчүп-конуп тургандыгын көп эле китептерден окуганыбыз бар. Алардын эр көкүрөк азаматтары элин коргоп жана аларды аң уулап баккандары да белгилүү. Ал эми созулган кыргыз кыздары иш десе иш кылып, аш десе аш кыла билген акыл-эстүү болуп, баатыр азаматтарыбызды кийим жана тамак тургай ынтымактуулукту камсыз кылышчу экен.

Күндөрдүн бир күндөрүндө, малга жайлуу, тоосу бийик, бетегеси белден буралган, тунук кашка сууга мол жерге барып конуп калышат. Тегереги тоо менен тосулуп тургандыгы да элди кубантат экен. «Элге да, малга да жайлуу мындай жерди дагы кайдан издейбиз, эми ушул жерге эле кыштап чыксак болчудай, же мүмкүн ушу жерди жердеп калсак эмне болот» – деп өз ара кеңешишет. Көчүп конуудан тажаган эл ушул жерди мекендемей болушат. Ал убакта ууру-кескинин жоктугу-

www.bizdin.kg

нанбы же элдеги ыймандын күчтүүлүгүнөнбү, айтор малды too ашырып айдап жиберип, бала-бакыра жиберип кайра айдатып алышчу экен.

Бир күнү баягы too ашырып айдап жиберген мал келбей калат. Айылдын эли, эртең келер дешип камырабай жатып алышат. Анын үстүнө эр азаматтары аңуулоого кетип айылда кары-картаң, кыз кыркын эле калган болот. Арадан 5–6 күн өтүп кетет. Эр азаматтары келгенден кийин аларга, малдын дайынын айтышып «силер жолдон учураткан жоксуңарбы» – деп сурашат.

Бирок ошол убактагы жашаган элге мүнөздүү болгон дагы бир нерсе бул, малдарын өздөрү деле алыска айдап жиберип анда-санда барып көрүп койчу экен. Дагы арадан убакыт өткөрүп айылдын 4–5 жигити, баягы кеткен малды издеп таап келүү үчүн аттанат. Тияк-быяктан карашат, жок. Эми, алысыраак жактан карамай болушат. Бир күнү мал издегендердин арасынан бирөө «Мобул жакка кеткен окшойт» – дейт малдын изинен көрүп. Баары ошол жакка жөнөшөт. Ал убакта ээн жаткан малды айдап өз малына кошуп алса, энинен гана таанып бөлүп кетпесе мал ошол кошуп алгандыкы болуп калчу. «Эмне болсо да бара көрөлү» – дешет. Малдын изи менен жүрүп отуруп өздөрүнүн малынын үстүнөн чыгышат. Малдын баары түгөл. Айдап жөнөшөт. Бирок быягынан айдаса, тыягынан качып эле баягы өздөрү оттоп жүргөн жерге келишет дейт. Айран-таң калган жигиттер айыл аксакалдары менен барып кеңешмей болушат. Бирөө айылга жөнөйт. Ал келип болгон окуяны, айылын чогултуп айтып берет. Эл-журт кеңешип, ошол малга жайлуу жерге көчүп жөнөшөт. Колдо бар бирин-эки малга жүктөрүн артып, өздөрү жөө-жалаңдап отуруп 2 конуп, 3 конуп отуруп баягы мал турган жерге келишет. Айылдагы акылман адамдар эки жакты байкап карап көргөндөн кийин бул жердин малга гана эмес, элге да жайлуу экенин билишет. Себеби бул жерде туздун кени бар экен. Жердин атын «Чоң-Туз» деп аташат да ошол жерде жашап калышат. Эки жакка көчпөс болуп отуруктанышкан экен. Ал жердеги туздун кени көп болгондуктан, биз-

www.bizdin.kg

дин күнгө чейин жетип, ал жерге санаторий курулуп, астма, бронха, өпкө оорусунан жабыр тарткан адамдар барып дарыланып жатышат.

**Суроолор:**

1. Сен ата конушунда акыркы жолу качан болдуң жана сенде кандай сезим пайда болду?
2. Автор мындан кандай ойду бергиси келген?
3. Жер аталыштарынын маанисин сен кандай түшүнөсүң?
4. Эгерде биз текстке карабай жердин атын башка койсок эмне болот?
5. Жер-суу аталыштары өзгөрүп кетсе, өз кунун жоготобу? – деген суроого талкуу уюштуруп көрчү?

**Үйгө тапшырма:**

Сен дагы кандай абалкы аттарды билесиң? Ата-энеңерден сурап, уламыштардан жазып келгиле.

## КОШУМЧА ОКУУ ҮЧҮН

### Каркыра

*(Уламыш)*

Каркыра жайлоосу эл үчүн да, мал үчүн да, кыштоого да, жайлоого өтө ыңгайлуу кут орногон берекелүү кең жер. Табигаты өтө көркөм. Бул жерге келген кандай мейман болсун, мал болсун сергип кетет.

Илгери-илгери ыксыраган малга, сулуу табигатка кызыккан калмак баскынчылары ушул өрөөнду жоолап алат. Бирок, намыстуу элдин баатыр жигиттери чогулуп, калың калк жыйнап калмактарды кууп чыгышкан экен. Ушул урушта калмактардан көп олжо жана Каркыра аттуу калмак кызы колго түшөт. Кыздын сулуулугуна жана урушта көрсөткөн эрдигине таң берген баатыр жигиттер аны талашып, уруша кетишиптир. Муну уккан Каркыра:

Өзү көсөм, өзү чечен
Казак эле менин энем
Колумду эгер бошотсоңор
Тагдырымды өзүм чечем – дейт.

www.bizdin.kg

Колун чечкенден кийин: – Эми мени уруу башчысына алып баргыла – деп өтүнөт экен. Уруу башчысынын алдына келген соң:

О, казак бабабыз,
Биз да сиздин балаңыз
Ишениңиз айтайын
Казак эле анабыз
Калмак-казак согушуп
Канга толду талааңыз
Кантсек катуу болобуз?!
Кара калмак кол жыйып
Каруу жарак мол жыйып
Кайта келсе кыруүга
Кандай болот чамаңыз – дейт.

Муну уккан уруу башчысы: – Аял заты болсоң да, эркек менен тең экенсиң, акылга кең экенсиң. Өзүңдүн оюң кандай? – дейт. Кыз: – Эгер мага тең келер жигит болсо элинде, кылыч болсун белинде, соот болсун башында, чокмор болсун кашында. Мен ошого тиемин деп жооп берет. – Белинде кылыч дегениң – жоого чабар эр болсун, башында соот болсун дегениң – акылдан ашкан соот жок, акылдуу болсун, кашында чокмор болсун дегениң – билектүү болсун дегениң болор. Уруу аксакалы кыздын акылы менен өткүрлүгүнө ыраазы болуп, казак баатырларынын бирине кошушкан экен. Баатырдын кедей экенин билген уруу башчы, кызга:

Такырга кар турбайт.
Баатырга мал турбайт

Күйөөң баатыр, бирок жакыр экен, мал мүлктөн канча алам десеңер да уруксаат дейт.

Баяке – дейт кыз баатыр жарды болгону менен арлуу болот. Эртең, «Мен аял албапмын, мал алыпмын, ошондо кимден кем болуп жаралыпмын, десе кантмексиз. Менин каалоомду берсеңиз жер бериңиз, курaштырып аларбыз, өңгөсүн биз» – дейт.

– Карагым анын конушу бар эле го... дейт уруу аксакалы. Анда кыз:

– Баяке, конуштун конушу бар
Анын да куласы, торусу бар,
Мал бүтпөгөн конуш – ырыс – дейт.

Казак, эрге кыз берген менен, жер бербеген калк – деген аксакалдын сөзүнө:

www.bizdin.kg

Жерсиз эл – эл болбойт
Эрсиз эл – эл болбойт
Эр – элдин баласы
Жер элдин паанасы

Эр элге орток болгондо, жер эрге орток эмеспи – деп жооп кайтарат.

Аттиӊ, Энеден уул эмес кыз туулган экен,

Эне жоолук жоготпос из туулган экен, каалаган жериӊди ал, туу бээ союмун, ошол жергесинин атынды коёмун – деп уруу башчысы кыздын акылына таӊ берген экен. Музарт тоосунун кулай аккан өзөндүн боюн көрсөткөн Каркыра, – Баяке, бул жерге баатырдын ысымын коёлу – дептир, муну уккан баатыр жигит: – Эрдин аты эки коюлбайт жана да бул сенин энчиӊ, сенин атыӊ ылайык. Мен элдин эри, жердин эри болгонум эле тура – дейт.

Бул сөздү туура көргөн уруу башчысы: – күчүӊө арыӊ шай, өзүӊө жарыӊ шай, эми жериӊ да шай болду. Бердим ушул жерге Каркыра атын! – деп бата берип, обочо дөбөнүн үстүнө жаш жубайларга ак өргө көтөрткөн экен.

## 7-сабак

## АТА МЕКЕНГЕ БОЛГОН КУСАЛЫК

**Маани бер:**

«Үйүндөн бөлүнсөӊ да, элиӊден бөлүнбө»
«Жигит элин сагынат
Булбул ырын сагынат»
«Эл сагынбас эр болбойт
Жер сагынбас ат болбойт».

Кусалык – бул сагынуу, эӊсөө дегенди билдирет. Сагынуу болсо, адам көпкө чейин көрбөгөндө же алыста жүргөндө пайда болот.

Алыска аттанаарда ата-бабаларыбыз туулган жердин топурагын бет аарчынын учуна түйүп ала кетишкен. Мунун себеби, туулган жерибизди аман-эсен көрөлү дегенди же туулган жердин касиети колдойт дегендиги же ата журттун бийиктигин, ага болгон бийик сезимди туюндуруу болгондур.

www.bizdin.kg

Ошол бет аарчыга түйүлгөн топуракты жыттап, өздөрүнүн сагынычтарын басышканын айта кетүү ашыктык кылбайт.

Ата Мекенди сагынуу, демек атаны-энени сагынуу, бир тууганды сагынуу, тели-теңтушту, курбу-курдашты сагынуу.

1916-жылкы Үркүндө Кытай жеринде калган Түптүк бала кийин улгайган кезинде, жашоо айынан Австралияда турак таап калган экен. Туулган жерге кусалыгы артып, Ысык-Көлдүн суусуна жүзүн чайып, тууган жердин топурагын жыттап өлсөм, армансыз болом деп келип, жашы жетип, көрөр күнү бүтөрүнө жакындап калган аксакалды бийлик башындагылар: «Ысык-Көл запретная зона» деген шылтоо менен кайрып жиберишкен. Жалынып-жалбарганын да эске алышкан эмес. Мындай таш боордукка нааразы болгон карыя ак сакалынан жаш чубуртуп Австралияга кайра жөнөгөн.

Кайрадан экинчи жолу кыргыз курултайы өткөндө келип, байкуш карыя, көксөгөн тилеги орундалып, жаш көлдөтүп, балалык кезде ойногон жерин көрүп, жерди кучактап, боздоп, сай-сөөгү сыздап, түбөлүк сапары үчүн киндик кан тамган жердин топурагын ала кеткен. Ал тасмага тартылып калган.

*А. Токомбаев*

## БИР ЧЫМЧЫМ ТОПУРАК

(*Текст тыным менен окулат*)

### I тыным

Кумарбек кабагын бүркөп, автоматын карап, аңы далайга чейин тиктеди. Анын ак жуумал жүзү аз-аздан кубара баштады. Эриндери болор-болбос тартылып, кыжырлангандай болду. Көп тиктегендиктенби же бирдемеге ичи күйдүбү ким билсин, көзүнөн кылгырып жаш чыкты.

Бул тамган жашты Кумарбек күткөн эмес, ошондуктан селт дей түштү, уялган немедей эки жагын жалт карады. Эч ким аны байкаган жок сыяктуу сезилди. Ал

www.bizdin.kg

көзүнүн жашын акырын сүртүп, терең улутунду. Эмнени ойлоду экен! (*I тынымдын аягы.*)

**Суроо:**

1. Силердин оюңар боюнча окуя кантип уланат?

### II тыным

Анын жүзү тез эле өзгөрө калды. Жандай сүйгөн жары жолуккансып, автоматты жогору көтөрүп жаагына такады да, акырын ырдап кирди.

Калылуу килем жамынган,
Карк алтын, жакут табылган.
Текесин зоодон ыргытып,
Теңирсип илбирс чамынган,
Туулуп, өсүп эр жеткен.
Жер эсимден кетпейсиң.
Көзүнөн каухар чачылган,
Күлгөнү гүлдөй ачылган,
Көзүнөн учкан шооласы,
Жүрөктү көздөп атылган.
Бермет тиштүү периштем,
Сен эсимден кетпейсиң...

Анын үнү уламдан-улам жогорулап баратты. Мылтык тазалап жатышкан аскердин тобу Кумарбектин ырына кыялдарында термелди, ыр ар биринин жүрөгүнө жылуулук берди. Лейтенанттын командасы аскерлердин кыялдарын бузуп жиберди. Аскерлер катарга тизилишти.

Дагы бир кубаныч тартууланды. Көрсө кызыл аскерлерге кыргыз элинен белек алып меймандар келишиптир. Тизилген жигиттерге таңылган белекчелер тез эле тарады. Жоокерлер кыргыз элине аскердик ант менен убадаларын беришип, белектер үчүн рахмат айтышты.

Командир жоокерлерге «дем алгыла» – деп буйрук берди да, меймандарга немецтерден түшкөн олжолорду көрсөтүүгө жөнөдү.

Кимдин бактысына эмнелер туш келбеген, белектердин ичинде эмнелер гана жок: папирос, жаңгак, байпак,

www.bizdin.kg

блокнот, китеп, мейиз, курут, жоолук, кат…. ж. б. Кыскасы ойго келбеген нерселердин баары бар.

Илме кайыпты күтүп алууга болбойт. Кумарбек белекчелердин ичинен күтпөгөн жана ойлобогон кызыктарды жолуктурду.

**Суроо:**

1. Силер кандай деп ойлойсуңар, окуя кантип өнүгөт?

## III тыным

Кичинекей китепче бар экен, ача койсо кыздын сүрөтү салынган открытка. Болоор-болбос жылмайган кыздын элеси Кумарбекке сүйлөп жиберчүдөй болсо да, анын кыйгачтай отурушу саал кыйылып тургандай болуп сезилди. Сүрөттүн артын караса «Баатыр, кандашым, жоокер! Сен, мен үчүн күрөшүп жатасың, мен сени түбөлүк унутпаймын! – деген жазуусун сыймыктануу менен окуду. Белекченин ичинде «П.П.О. № 1891, п/я № 18 кыргыздын кыраан уулуна тийсин» – деген конвертти ачып көрсө бир жапырык кат жана бир чымчым топурак бар экен.

Кумарбектин фантазиялуу көңүлү бар чымчым топуракка бурулду, бирок эч нерсе түшүнгөн жок. Топуракты бапестеп конвертке кайра салды да, катты окууга киришти.

«Ардактуу балам, мына бул бир чымчым топурак силердин жериңердин чаңы, бул топуракта силердин ата-энеңер жашайт, силердин бабаңар да жашаган, ушул жерге силердин кичинекейиңерде жыланайлак тамаңар тийген, силер так ушул жерде кичинекей колуңар менен жер чапчып ойноп өскөнсүңөр. Улуу кол башчы Манастын мекени дагы ушул жер. Бул жерге кимдин каны төгүлбөгөн, бул жерге кимдин жашы акпаган!

Ардактуу балам, кайдагы чал деп айыпка мени буюрба! Дүйнөдө ар ким өзүнчө түшүнөт, насыят сөздү ар ким ар кандай айтат. Бул бир чымчым топурак балким силерге күлкү болоор, балким максатымды түшүнөөрсүңөр....

Мына бул бир чымчым топурак, сенин Ата Мекениңди эсиңе салсын! Балам, сен баатырсың, сенин мекениң-

www.bizdin.kg

ди душман баспасын! Сенин жериң ыйык! Бул мен сүйгөн мекенимдин топурагы.

Жоокер уулум, биз сени тааныбайбыз, бирок жүрөгүбүз билет.

«Эр энеден туулат, эл үчүн өлөт» – деген кыргыздын кылымдык салт законун эсиңе тут! Өлүм сенден жалтансын. Сенин жүрөгүң комдонуп жаткан айбаттуу жолборс болсун! Бейтааныш абаң Кыргызбай, сени көрбөгөн карындашың Гүлайым».

Күтпөгөн окуя жаш жоокерди таң калтырды.

Кумарбектин канына кан кошулгандай болду. Көкүрөгүнө алда кандай бирдемелер толуп, буулуккандай туталанды, белекчелерди андан ары көрүүгө кудурети жетпеди. (*III тынымдын аягы.*)

### Суроолор:

1. Ата Мекенге болгон кусалыкты текстин кайсы жеринен жолуктурдук? Ата Мекен менен Ата журттун айырмасы эмнеде?
2. Топуракты дагы кандай мааниде жөнөттү деп ойлойсуңар?
3. Ата Мекендин баркы кантип билинди бул тексте?
4. Ата Мекенге болгон атуулдук милдетинди далилде?

### Үйгө тапшырма:

Сен өз Ата Мекениң жөнүндө кандай ойдосуң? Жазып кел.

## КОШУМЧА ОКУУ ҮЧҮН

## Чет элдеги пайдалуу кеңеш

Кайрат бир убакта эсине келип көзүн ачканда колу-буту таңылуу, оозу скочт менен чапталуу экен. Күнбү же түнбү белгисиз. Айлана капкараңгы. Кайсы жерде жатканын түшүнө алган жок. Астынан сыз өткөндүгүнө караганда подвалда (жер төлөдө). Буту-колу ооруганынан, жаткан жагы уктап калгандыгын сезди. Эптеп кыймылдап экинчи жагына оодарылды. «Эмне болду эле»? – деп болгон окуяны эстөөгө киришти.

Чет мамлекетте акчаны аябай төлөйт экен – деп делөөрүгөн жердештери менен чогулуп сүйлөшкөндөрүн эстеди. Же жумуш таппай, же окуп жыргатпай бактысын сынап көрүүгө

www.bizdin.kg

чын эле кайраттандыбы же элдин шарына кошулдубу, же ата-энесинин мойнунда отургандан уялдыбы, айтор, чет мамлекетке кантип келип калганын ойлонгуча эле, паспорттторун колунан чогултуп алган адамдын кулдарына айланганын бир билет. Эми келгенден кийин иштеп акча табуу керек, жанды багуу керек деген ой жетелей баштаганда эле буларды жетелеп, бир жерге алып келгенин, ар кимисин ар кандай бөлүп кеткенин бир билет.

Андан бери канча убакыт өттү, адегенде санап, күндүн санын алып жүргөн, ал санаганынан жаңылгандыгына көп болду. Себеби кичине эле баш көтөрсө сабап, көп жолу башыкөзү жарылып, эсинен танып калган күндөрдө санагынан жаңылып калды. Тигилер мунун сөзүн түшүнбөйт, бул болсо, тигилердин сөзүн түшүнбөйт. Тыным алмай жок, 7–8 кишиге бир автоматчан киши кароолчу. Эмне үчүн жер казып жатканын деле түшүнбөйт, айтор терендетип эле жер казып жаткандыктарына көп болду. 7–8 тен башка-башка улуттардан кошуп койгон. Бири-бирин түшүнбөсө, бири-бири менен сүйлөшпөсө жакшы болот дешсе керек. Кеч жатып эрте турушат. Тамакты жакшы беришет, бирок иштегендери андан көптүк кылат.

Кайрат бир күнү жатып түш көрсө, айланасы жапжашыл тулаң, шаркырап аккан суу, суунун боюнда аппапак боз үй турат. Боз үйгө кирсе эч ким жок. Атам менен апам кайда кеткен деп издей баштайт. Өзүнүн «ата», «апа» – деген сөзүнөн, өзү ойгонуп кетти. Ошондон баштап оюнан да, түшүнөн да атасы менен апасы, бир туугандары, эли-жери кетпеди. Атасы менен апасынын иштебейсиңби же окубайсыңбы деп урушкандары «май» экендигин туйду. Аларды капа кылгандыгын мойнуна алып турду.

Баскан-турган жери эске түшсө, көзүнө жаш келчү болду. Эмне болсо ошо болсун, же өлдүм же кутулдум деп качмай болду. Кароолчу демейдегидей эле камарабай тамеки чегип отурат. Автоматы мойнунда. Бир амал таап, кароолчунун жанына келтирүү керек. Жер казып жатышкан, бир убакта эле Кайрат катуу кыйкырып чалкасынан түшүп калды, үн-сөзсүз.

Эмне болуп кеткенине түшүнбөгөн кароолчу бирдеме деп бакылдап, алдынан чыккандарды ары-бери автоматтын оозу менен койгулап сес көрсөтүп, Кайратка жетип эңкейип калды. Кайрат буттан алып жерге жыгып, даяр турган таш менен баштан ары бир койду. Кароолчунун бети башы канжа-

www.bizdin.kg

лап жатып эле калды. Секирип турган Кайрат, автоматты тигинин мойнунан жулуп алып чуркап жөнөдү. Тиги тургандар ордунан жылганга кудуреттери жетпей, эмне болуп кеткенин түшүнө албай калгандарын байкаган Кайрат «качкыла» дегендей кылып жаңсап, өзү болсо, бет келди качып жөнөдү. Үчөө өзүнүн артынан чуркап келатканын көрдү. Калган төртөө кайда кеткенин билген жок.

Кайрат тиги качкындар болуп, эки күн жол жүрүштү, как эткен карга, кук эткен кузгун жок ээн талаа, эрме чөлдө кетип баратышты. «Бизде ушундай жер барбы? – деп ойлоп коёт Кайрат. Жердин сулуусу эле менин жерим окшойт» – дейт да ошол жерден жыргайм деп, келген жеринен көргөн кордугун эстеп ызаланат. Эки күн тынбай жүргөнгө чарчаган качкындар жатып уктап калышты. Аякта качкындарды кармоодон өткөн оңой нерсе жок экен. Качкындарды вертолеттордун күрүлдөгөн үндөрү ойготту.

Кайрат автомат менен атkандан коркту, ата алган жок. Төртөөнү тең аман-эсен эч кимисине тийбей, баягы өздөрү иштеген жерге алып келип, тапшырып берип вертолетчондор учуп кетишти. Алар кетери менен сабоо, тепкилөө башталганын бир билет, эсине келсе ушул сыз жерде жатыптыр.

## 8 - с а б а к

# ПРАКТИКАЛЫК САБАК

***Д. Майсекеева***

## «АТА ЖУРТУМ ЫЙЫК ТУРАГЫМ»

### Дил баян

«Кыргыздын тээ алыскы жылдары, таза болчу ыймары» – деп бир акындын кайгырып-капаланып, өкүнүп жазган ыр саптарынан улам, артка кайрылып өткөн-кеткенге көз жүгүртүп «мен эмне жакшы иш, эмне жаман иш жасадым?» – деп ойлонуп көрүүгө туура келди. Демек, мен элим үчүн, жерим үчүн эмне жасадым? Деген суроого да жооп берүү туура деп ойлондум. Менин туулган жерим, кыргыз элим менен сыймыктанаарым анык. Демек, менин элим үчүн, жерим үчүн кылган кызматым

www.bizdin.kg

өз очогумду таза тутуп, балдарыма туура тарбия берип, ар бир адамдын ден соолугу үчүн жан алакетке түшүп аракет кылганымды сезип, кичине жеңилдей түштүм.

Ата журт ар кимибиздин үйүбүздөн башталары талашсыз. Үй-бүлөнүн ынтымагын, ошол ынтымакты кут катары эсептеп ар ким аны сактоого сабырдуулук, акылдуулук менен аракет кылуу керек. Кайсыл иш болбосун Ата журт үчүн аткарып, бардыгын өз ордуна коюу менен ошол үйдүн «көгөрүп» өсүшүнө жардамын, кызматын аябаса, андай үй-бүлөнүн балдары да ыймандуу болуп, ата-эненин көрсөткөн жолунан бурулбай эли жери үчүн, өз атасы-энеси үчүн, кызмат кылган адам болуп чыгарын турмуш өзү көрсөтүп турат. Андай үй-бүлөнүн иши илгерилеп, уулу – эстүү, кызы – көрктүү болот тура. Уулу да кичинесинен айттырбай атасынын жеңилин жерден, оорун колдон алып бардык эркек затына тиешелүү жумушту өзү билип жасаганга ык коёт экен. Кызы да үйгө кыл жаткырбай таптаза кармап, эненин өрнөгүн-өнөрүп алган, көчөнү көп эңсебеген тартиптүү, ыймандуу кыз болуп эс тартат. Биз өлкөбүз үчүн ойду омкоруп, тоону томкоруп иш жасабай эле, ар кимибиз эч кимге жамандык жасабай өз үйүбүздүн ичи-тышын таза тутуп, бак тигип, бакча иштетип көрктөндүрүп, балдарыбызга туура көргөзмө берип Ата Мекендин татыктуу патриотторун тарбиялап чыгаруунун өзү Ата журтка, кыргыз элине болгон сүйүүбүз, кадырлообуз болоорун ар кимибиз жүрөгүбүз менен түшүнсөк туура болот окшойт.

Ата журттун ыйыктыгын, бийиктигин ар ким эле жүрөгүнүн түбүнөн сезет деп ойлоюм. Бирок кантип кызмат өтөөрүн, билбегендигинин натыйжасында (аскерге барып гана кызмат өтөсө болот деп түшүнөт) көп жаңылыштык кетиришет, жана да эне-атанын туура эмес тарбиясы сөзсүз (үй-бүлөдөгү уруш, арак, тамеки) таасир этет деп ойлоюм.

Мен суктанган жети укмуш бар кыргызда,
Ал Ысык-Көл, Кең Суусамыр, Арстанбап,
Алай тоосу башы жеткен жылдызга.

www.bizdin.kg

Бешинчиси улуу Нарын дайрасы
Алтынчысы улуу «Манас» эпосу,
Жетинчиси Чыңгыз да –

деген ыр саптарында акын эли-жерибиздин ушунчалык бийик-ыйыктыгын, көркөм-кооздугун ай-ааламга мына менин элим, мына менин жерим, мен жеримди кандай сүйөөрүмдү көрүп алгыла деп жар салгандыгы көрүнүп турат. Мындай адамдарга башыбызды ийип, таазим кылуудан башка арга жок. Ата Мекендин жалгыз экендигин аны көздүн карегиндей сактоо, кам көрүү керек экендигин мен түшүнсөм, сен түшүнсөң жана ал түшүнсө, демек, биз тарбиялап өстүргөн балдарыбыз да түшүнүп аны коргоого, ал үчүн кам көрүүгө дайым даяр болооруна мен терең ишенем!

Жаз да башка, жел тийбесин абайла
Көпкө турбас, мобул турган сур булут.
Бүт дартыңды өз мойнума алайын,
Сен ооруба, мен ооруюн Ата журт.

Оо, касиетинден кагылайын Ата журт, сенин ар бирибизге деген тилегинди актаар бекенбиз...?

## Суроолор жана тапшырмалар:

1. Автор Ата журттун ыйыктыгын кантип далилдейт?
2. Сен Ата журтуң үчүн эмне кылдым деп ойлойсуң, автор Ата журту үчүн эмне жасады?
3. «Үй-бүлө – чакан мамлекет» дегенге талкуу уюштургула?
4. «Ата журтум ыйык турагым» деген темага сен дагы дил баян жазып көрчү?

## КОШУМЧА ОКУУ ҮЧҮН

### Осуят

«Ата сөзүн акылдуу угат – текке кетпейт,
акылсыз укса да баркына жетпейт».

Качандыр бир замандарда сөзгө чечен, убадага бекем, ак-караны ажырата билген Миңжашар аттуу адам болуптур.

www.bizdin.kg

Миңжашардын осуятын угабыз деп ат арытып алыстан келгендер барган сайын арбый бериптир. Улуу сөздү улаган азаматтар даанышмандын айткандарын угуп гана тим болушпастан, анын жолун жолдошуп, татынакай аңгемелерди жаратышыптыр. Мындай азаматтар менен жолугушканда, алардын көңүлүн көтөрүп: «Устаттан шакирт өтөт» – деген бар балдарым, аракеттенгиле. Аракетсиз ийгилик болбойт дей турган.

«Колдо бар алтындын баркы жок» – деген макал бар эмеспи, анын сыңарындай Миңжашардын уулу Берик, ата сөзүнө, айткан акылына көп анчалык маани берчү эмес. Баласынын мындай жоругу атаны бушайман кыла турган. Кээде жалгыз олтурганда минтип арман кылуучу:

Өзүнөн акыл чыкпаса,
Өзгөлөр айтса укпаса,
Ата сөзүн акыл деп,
Айткандарым тутпаса,
Акыры мунуң ким болот?
Омоктуу ойлор жукпаса...

Күндөрдүн биринде, Миңжашардын үйүнө кудайы конокмун деп бейтааныш адам кайрылып калат. Ал күнү Миңжашар үйдө жок эле. Ошондуктан үй ээси катары мейманды Берик кабыл алып, жакшылап сыйлайт. Бирок, коногу негедир ыраазы болбогондой түр көргөзөт. Себебин түшүнбөгөн Берик коногуна мындай деген собол менен кайрылыптыр ошондо:

– Ээ коногум! Мен бир нерсеге түшүнбөдүм. Негедир, менин бир жерим сизге жакпай калган сыяктанат. Колумдан келгендин бардыгын сиз үчүн жасагандай эле болгонсудум. «Бетке айткандын заары жок» деген тура бабаларыбыз. Ачык айтыңыз, эмнем сизге жакпады?

Конок ушуну гана күткөндөй, жоопту тез берди. Ошондогу коноктун айтканы:

– Балам! Сыйыңа миң мертебе ыраазымын, эч кемчиликти байкабадым. Мени кыжаалат кылган нерсе, тамакашыңды берип жатканда атаңдын акылдуу сөзүнөн айта олтурсаң болмок. Мен ач калганымдан бул жерге ат арытып келгеним жок. Атаң Миңжашардын жан жыргаткан жакшына кебин уксам деп келгем. Ар айтканы алтынга алмашкыс ата сөзүнүн учугун улай албаган сендей уулдун жанында олтуруп нени табам? Акырында айтарым, атаңдын эчкинин

жашындай жашы калды. Эми башыңды ташка урсаң да анын буга чейин айткан сан жеткис санжыраларын, уюткулуу акылын толугу менен өз оозунан уга албайсың. Айтууга кары адамдын дарамети да жетпейт. Бирок, али да болсо кеч эмес, болгон мүмкүнчүлүктү пайдаланып, кары сөзүн капка сал балам. Атаңдын айткандары жадыңда калсын. Кийин да туз буйруп келип калсам айтып бергидей бол. Дагы бир айтарым, эл ичи кенч. Укканын улаган азаматтар көп. Мурдагы атаңдын айткан акыл кептерин ошолордон угууга аракеттен.

Сөз акырында айтканы бул:

– Ээ балам!
Акылман жашайт эл үчүн.
Айтарым акыл токтоткун,
Атаңа кошкун үлүшүн.
Эл уулу болгун сен дагы,
Актаган ата үмүтүн.
Ишенсин кары жүрөгү,
Азапка салган күнү-түн.

Берикти бейтааныш адамдын айтканы катуу ойго салды. Айтса айтпаса төгүнбү, атасынын айткандарын канча бир азаматтар ат арытып алыстан келип угушса, кара чечекей уулу жарты ооз сөзүн жадысына тутуп калбаса, муну эмне дешке болот? Берик атасынын сапардан келишин чыдамсыздык менен күттү. Ага убакыт узарып кеткендей сезилди. Миңжашар аман соо үйүнө кайтып келди.

Кыраакы Миңжашар уулунун мүнөзү, атага кылган мамилеси бир кыйла өзгөрүп калганын дароо сезди. Сүйлөгөнү баштагыдай тоң эмес, жатык. Бир нерсеге кызыккандай көрүнгөн Бериктин оозунан, кумайдай куюлушкан кунарлуу сөздөр чыкты:

– Ээ ата!
Жамандыгым болбосо,
Жаштык менде калбады.
Убакыт устат турбайбы,
Уругун койбой жалмады.

Кандай дейсиз мунумду,
Кечиргин десем уулуңду?
Мингизипмин мойнума,
Кенебестик зулумду!..

www.bizdin.kg

Ата! Башкалар укту дастаны?
Анда мен неге шашпадым...
Артындан калбай укпапмын,
Ушуга чейин айтканың.

Уул деп ата тиледиң,
Убайым тарттың билемин.
Бирок, оюнду таппай жалгызың,
Муздаптыр менден илебиң.
Ата! Бүгүндөн баштап башкамын,
Угайын айткан дастаның.
Акылдын болсом дыйканы,
Өксүбөс элге чачканым.

Уулунан үмүтүн үзүп калган Миңжашар уккан кулагына ишенбеди оболу. Бир аз эси эңгирей түштү, сүйүнгөнүнөн көзүнө жаш алды. Бул кубанычтын көз жашы эле.

Атасын ушунчалык кубантам деп Бериктин үч уктаса түшүнө кирбеген. Эми ойдо жок жерден болгон окуяга өзү себепчи болуп, өмүрүндө биринчи жолу келечекке тике карады.

Арадан көп жылдар өтөт. Миңжашар жүз жашап, жарыкчылык менен кош айтышат. Уулу Берик атасынын үмүтүн актап, акыл учугун андан ары улаган экен.

## 9 - с а б а к

## МУГАЛИМДИН ЫКТЫЯРЫНДАГЫ САБАК

### Табышмак жолдош

Менин бир жолдошум бар. Жолдош болгондо бир түрлүү! Кайда барсам, кашымдан калбайт, менсиз эч кайда барбайт. Турсам турат, жүрсөм жүрөт, жүгүрсөм жүгүрөт, жатсам жатат, жазсам жазат. Бирок унчукпайт.

Эртеде, кечте узарып, өсүп кетет. Түштө кирбийип, эргежээлдей болот. Жарыкта жанымдан калбаган жолдошум, караңгы болсо, кайып болот да, кетет. Силерде андай жолдош барбы?

*А. Байтурсунов*

www.bizdin.kg

## Тесттик суроолор

**1. Менин Мекеним**

а) Россия; б) Кыргызстан; в) Казакстан.

**2. Манастын күмбөзү, Сулайман тоо, Бурана мунарасы кандай жерлер?**

а) кооз жерлер;

б) улуу инсандар жашап өткөн жерлер;

в) эл ыйык туткан жерлер.

**3. Кыргыз элинин бермети, күзгүсү:**

а) Ысык-Көл; б) Соң-Көл; в) Сары-Челек.

**4. Бул саптар кайсы акындын калемине таандык?**

Жылуу кийин, жолуң кыйын үшүүрсүң.
Кыш да катуу бороон улуп, кар уруп.
Суугунду өз мойнума алайын,
Жол карайын, токтой турчу, Ата журт.

а) Кармышак Ташпаев; б) Алыкул Осмонов;

в) Жолон Мамытов.

**5. Төмөндөгү макалдардын аягын улап жаз.**

а) алдыңкы көч кайда барса; б) улуусун тарбияласаң;

в) аганы көрүп ини өсөт.

**6. Куйма кулак деп кимди айтабыз?**

а) сөз уга билген, түшүнүп, ойлоно билип, аны көкүрөккө бекем түйгөн адамды; б) чечен адамды;

в) аз сүйлөгөн адамды.

**7. Кайсы жакшы сапаттар адамды ажарлантат?**

а) улууларга каяша сүйлөө; б) өз кемчилигин сезбеген; в) сөз көтөрүмдүү, сын-пикирди туура кабыл алган, айкөл, боорукер.

**8. Адамдагы асыл сапаттар кайсылар?**

а) сылык, сыйчыл, сыпаалык; б) орой, одоно;

в) өзүмчүлдүк.

www.bizdin.kg

**9. Адамдагы эң жаман сапаттар кайсылар?**

а) уйкучу; б) ушакчы, чагымчы, бузуку;
в) чечкинсиз.

**10. Ачуулануу, урушуу бул –**

а) өзүн-өзү кармай албоо, жеңил ой болуу;
б) башкаларга үлгү болуу; в) сабырдуу болуу.

**11. Жети атасын билбеген**

а) акылсыздык; б) жетесиздик; в) таш боорлук.

**12. Кыргыз элинин меймандостугун далилдеген макал, учкул сөздөрдөн жаз.**

### КОШУМЧА ОКУУ ҮЧҮН

## Сыйкырдуу шакек

Бир жаш дыйкан күнү бою иштеп, аябай чарчаган эле. Чекесинен чыпылдаган терин аарчып, бир аз дем алып алуу үчүн отура кетти. Капысынан эле бир эргежээл чыга калып ага:

– Эй, дейт, бүгүн күнү бою тынбай иштедиң, бирок тапкан эч нерсең жок. Ак ниеттүү, намыстуу, жардам бергенди сүйгөн бир кишисиң. Ошон үчүн сага жардам бергим келди. Эки күн күнгө карай жүрүп отурсаң, мандайыңдан башка дарактарга караганда сөөлөттүү, чоң бир дарак чыгат. Аны кессең, сага бакыттын эшиги ачылат.

Жакыр дыйкан муну угар замат балтасын мойнуна асып алып, дароо жолго түшөт. Эки күндөн кийин сөөлөттүү бир карагайды көрөт. Балтасын ала коюп, бир топ алышкандан кийин баягы карагайды кесет. Бул арада дарактын чокусунан ичинде эки жумурткасы бар бир уя жерге кулап түшөт. Жумурткалар бир аз тоголонуп барып жарылып жатып калышат. Бирөөнүн ичинен бир бүркүттүн балапаны, беркисинен болсо, бир алтын шакек чыгат. Бүркүт дароо эле чоноё баштап, опол тоодой бүркүт болуп калат. Уча тургандай комдонуп, канаттарын каккылап, анан жигитке:

– Эй, адам баласы, дейт, сен мени куткардың. Сага болгон милдетимден кутулуу үчүн сага ушул шакекти берейин. Бул бир сыйкырдуу шакек. Шакекти бармагыңа кийип ай-

www.bizdin.kg

лантсаң, каалаган нерсең орундалат. Бирок шакектен өмүрүндө жалгыз гана бир нерсе сурана аласың. Каалаганыңды орундаткан соң шакек сыйкырын жоготуп, жөнөкөй эле бир шакек болуп калат. Ошон үчүн тилегиңди жакшылап ойлонуп туруп, анан сүйлө, кийин өкүнүп калбагандай бол.

Буларды айткан соң, бүркүт асманга атылып чыгып, дыйкандын төбөсүндө саамга айланып тургандан кийин учуп көздөн кайым болуптур. Дыйкан шакекти алып, колуна тагып, кудундаган бойдон үйүн карай жөнөйт. Кеч кирейин деп калганда бир шаарга кирет. Текчелеринде түркүн-түркүн шакектер тизилген бир зергер дүкөнүн көрөт. Ичкери кирип, зергерге алтын шакекти көргөзүп, канчага бааларын сурайт. Зергер шакекти айлантып карап, кекирейип туруп:

– Болсо, эки алтын араң болот... дейт.

Каткырып күлгөн дыйкан бул шакектин сыйкырлуу экенин, баасынын бычылышы эч мүмкүн эмес экенин айтат. Зергер кара мүртөз, айлакер киши экен. Дыйкандын айтып бергендерин уккан соң, көздөрү чанагынан чыгып кете жаздап, ичи күйүп чыгат. Жылуу сөздөр айтып, дыйканды дароо үйүнө конокко чакыра баштайт.

–Сиз сыяктуу бактуу, жолдуу бир кишини үйүмдө коноктосом, балким менин да жолум ачылат. Бүгүн меникине конок болуп кетиңиз, дейт. Дыйкан мындай жылуу мамилеге ичи жылып, чакырууну кабыл алат. Экөө чогуу зергердин үйүнө барышат. Зергер дыйканга укмуштай даамдуу тамактарды жасап, ичимдиктерди ичирип, аябай катуу сыйлайт. Дыйкан уктап калган соң, зергер бутунун башы менен басып келип, дыйкандын колунан баягы шакекти чыгарып алып, ордуна дал эле ошондой башка жөнөкөй шакек тагып коёт. Эртеси эртең менен күн чыга электе зергер дыйкан жаткан бөлмөгө кирип:

– Эй, досум, ойгонбойсуңбу. Бара турган жолуң алыс, эртерээк туруп кетсең жакшы болот, дейт. Дыйкан туруп алып, үрүл-бүрүлдө жолго чыгат.

Дыйкан алыстаар замат зергер дароо дүкөнүн карай жүгүрүп, эч ким көрбөсүн деп эшик, терезесин жаап, өзү бир отургучка отуруп алып шакекти колуна тагып, айландырып:

– Жүз миң алтыным болсун, деп тилек кылат. Тилегин айтып бүтө электе эле асмандан алтын жаай баштаптыр. Алтындар зергердин башына, жонуна, ийиндерине, колдоруна түшүп, ачыштырып, оорута баштайт. Зергер жан талашып ары-бери чуркап, өзү мыктап бекиткен эшикти ача ал-

www.bizdin.kg

бай коёт. Башы-көзүнүн баары жарылып, эси ооп жерге жыгылып түшөт. Бирок алтын токтобой жаай берет, жаай берет. Дүкөндүн ичине жааган алтын жамгыры аягында зергерди көмүп калат. Байкуш зергер миндеген алтындын оордугун көтөрө албай өлүп кетиптир. Анын бакырыгын уккан кошуналары келип, эшикти ачып киргенде, зергердин алтындын алдында калып өлгөнүн көрүшүп:

–Алтындын мынчалык көп болушу жамандыкка алып барат. Ашыкча нерсе ар дайым балакет алып келет, дешиптир.

Зергердин жакындары болбогону үчүн, алтындарды коңшулары өз ара бөлүшүп алышат. Ак көңүл дыйкан болсо чечекейи чеч болуп үйүнө барып, шакекти аялына көргөзүп:

–Муну көрдүңбү, сүйүктүү жубайым, дейт. Мындан ары каалаган нерсеңе ээ боло аласың. Башыбызга бакыт кушу конду. Бир тилек тилегенден мурун жакшылап ойлонуубуз керек. Аялы болсо анча ойлонуп отурбай эле:

– Бизге жерден башка эмне керек болмок эле, жерибиз аз, биздин талаалардын арасында үч бурчтук бир жер бар. Ошону тилебейлиби...

– Жок-жок, дептир дыйкан, бир жыл катуу иштесек, кудай ишибизди да оң келтирсе, ал жерди акчага деле сатып алабыз.

Эрди-катын чымыркакып бир жыл иштеген соң, түшүмдөрү да жакшы болуп, эгинин сатып, баягы талааны сатып алышат. Ал түгүл акчалары ашып да калат. Дыйкан:

–Көрдүңбү, дептир аялына. Талааны мандай терибиз менен алдык. Шакектен эч нерсе тилебедик. Аялы анда:

–Кел эмесе, шакектен бир ат, бир уй тилейли. Дыйкан чөнтөгүндөгү акчаларды шыңгыратып:

–Ушундай болор-болбос тилекти эмнеге шакектен тилемек элек. Талааны кандай иштеп тапкан болсок, ат менен уйду деле ошондой алабыз. Айткандай эле бир жыл жанталашып иштешкен соң, уйду да, атты да сатып алышыптыр. Дыйкан сүйүнгөнүнөн колдорун ушалап:

–Шакектен алигиче тилек тилей элекпиз. Өз күчүбүз, мандай терибиз менен каалаганыбызды сатып алдык. Кандай бактылуубуз...

Аял кабагын чытып, күйөөсүн шакектен бир тилек тиле деп кыйнай баштайт.

–Сен абдан өзгөрдүң. Мурун арманыңды айтып эле кудайдан тилек тилеп отурчу элең. Азыр болсо баары колуңда.

www.bizdin.kg

Ага карабай жаныңды үрөп иштейсиң эле иштейсиң, чарчап деле бүттүң. Жаның жай тапкан өңдүүсүң. Убакыт деген өтүп бара жатат. Эмгиче падыша да боло алмаксың. Кааласаң, кеңирсиген талааларга, мрамор сарайларга, толгон-токой алтын-күмүштөргө ээ болмокбуз. Сен болсо, эмне тилериңди билбей, дагы эле делдиреп жүрөсүң, дегенде дыйкан:

–Кудай үчүн жаагыңды бас. Биз али жашпыз. Дагы узун өмүр жашайбыз. Шакектен тилек тилесек, анын андан ары мааниси калбайт, сыйкырын жоготот. Бир күнү кыйын күндө калбай турганыбызды кайдан билесиң. Турмуш бизди кандай күнгө туш кыларын ким билет. Азыр эмне кемчилибиз бар? Шакектүү болгондон бери кандай сонун нерселерге ээ болдук. Баары таң калып эле бизди карап жатышат. Мээңди бир аз иштетсең!

Ошентип дыйкан аялынын оозун жап кылып, ал экинчи шакек тууралуу сөз кылбас болду. Чынында эле шакек акжолтой болуп, кырмандары, кампалары жыл өткөн сайын эгинге толчу болуптур. Жылдар өтүп, баягы кембагал дыйкан абдан байыптыр. Бирок дагы эле тытынып иштеп, жардыжалчыларга жардам берип, кечкисин үйүнүн алдына отуруп алып, келген-кеткен менен саламдашат.

Арадан отуз-кырк жыл өтөт. Дыйкан аялы экөө тең карышат. Чачтары агарат. Шакектен эч бир тилек тилешпейт. Бир күнү ажалдары жетет. Машакаттуу, бирок намыстуу жашоо жашаган дыйкан менен аялы акырында дүйнө менен кош айтышат. Табыттарынын башында бала-бакырасы, неберелери ыйлап-сыктап аза күтүшөт. Неберелеринин бири чоң атасынын колундагы шакекти чыгарып алуу керек экенин айтканда, башкалары каршы чыгышып:

– Чоң атабыз бул шакекке өтө маани берчү. Кыязы бул шакекте биз билбеген бир сыр бар болсо керек эле. Балким унутулгус бир эстеликтир. Чоң энебиз да шакекти көп карап калчу. Менимче, ал үйлөнгөндөрүнүн алгачкы жылдарында чоң атама белек кылып берсе керек.

Акжолтой шакек ошентип карыя дыйкан менен кошо көмүлдү. Жаман-жакшы нерселер кишилерге жараша болот турбайбы. Жакшы кишилерге туш болгон барксыз буюмдар да баркталып, жаман кишилердин колуна туш болгон жакшы буюмдардан да артык пайда келтирет экен. Ачкөз, митайым зергерге алтын шакек жамандык алып келген жокбу?

www.bizdin.kg

# II ЧЕЙРЕК.
# АДАМДАГЫ АСЫЛ САПАТТАР



## 10 - сабак

## КӨП УГУП, АЗ СҮЙЛӨ, ОЙЧУЛ БОЛ

**Маани бер:**

«Ой – океан, тил – булак».
«Жакшы сөз – суу, жаман сөз – уу».
«Сөзүң күмүш болсо, тууруң алтын».
«Карынын кебин капка сал».

Эгерде бирөө менен аңгемелешсек өз сөзүбүзгө өзгөчө көңүл буруу менен тыңдоочуга да жакшы таасир берүү үчүн ачык, даана жана түшүнүктүү сүйлөшүбүз керек.

Сүйлөшүү учурундагы максат – чеченсинүү эмес, жалпыга түшүнүктүү, жеңил, элпек маанайда маданияттуу сүйлөшүү болуп саналат.

Сүйлөшүү учурундагы каткырып, күлүп сүйлөө – адепсиздик.

www.bizdin.kg

Даанышман Кусейин Карасаев сөзмөр, чечен адам болгон: «Мен эс тартканы атам, топко дайым ала жүрөр эле. Ошол топтогу, отуруштагы карыялардын санжыра-санат сөздөрү көңүлүмө кыттай уюп калыптыр. Сөздүн угуту мага ошол карылардан жуккан. Мына, жашым жүзгө таяп калса да, үч жашымдан беркилерди унуткан жокмун», – дечү. Карылар балдарынын акыл-эсинин өсүшүнө камкорчу болушкан, түйүндүү суроолорду чечкенге ой таштаган, баланы ойчул, чечендикке багыттаган.

«Акыл оошот, ырыс жугушат», – дейт бабаларыбыз. Уга билүү да – улуулук. Жакшы сөздү жадыңа сактасаң, ал – өмүрүндүн күл азыгы. Орду жок сүйлөгөндү обу жок деп коюшат, тантык дешет. Өзүңдүн баркыңды сөзүңдүн наркына карай баалайт. Ойлобой ооз ачкан адам жаңылыштык кетирбей койбойт.

Байыркы Гректин чыгаан чечени Демосфен тубаса кекеч болгон. Анан калса, сүйлөгөндө оң ийини дайыма диртилдеп турчу экен. Табигат өксүткөн мына ошол Демосфен жаагы таш жарган чечен болууну эңсеп, ушундан улам күнүгө деңиз боюна барып, өзүнчө кыйкырып сүйлөп, бара-бара кекечтигин, ал эми шыпка канжар сайып, мүрүсү кыймылдаса эле канжар учу ага тийгендей кылып сүйлөп, ийининин диртилдегенин жойгон экен.

«Адамдын күзгүсү – адам» демекчи, сенин жакшы жана кемчил сапаттарың тууралуу башка бир адамдын ою аркылуу билесиң. Бирок башка адамдын оюн сен кандай кабыл аласың – бул такыр башка маселе. Ар бир эле адам – өзү жөнүндөгү айтылган сын-пикирге макул боло бербейт. Акылдуу, адамгерчиликтүү жана сөзгө маани берип, сөздү уга билүү жөндөмдүүлүгү бар адам гана айтылган ойдон тыянак чыгара алат. Андай адамдар, сөз талашып, «андай эмес мындай» – деп же «сен өзүң эле кыйын болуп калыптырсыңбы» деген «бет тырмалык» сөз сүйлөгөндөн алыс болот.

Мындай адамдар биздин арабызда аз эмес. «Сууну сиңер жерге төк, сөздү угар кишиге айт» – деген элибиздин сонун макалы бар. Демек, ар бир сөзгө маани берип, сабырдуулук сапатты ар ким өзүнө тумар кылуу абзел.

www.bizdin.kg

«Сууну көп кечсең – балчык болот,
Сөздү көп сүйлөсөң – тантык болот» –

дейт, анын сыңарындай сөзгө конок берип, башка адамдын оюн бузбаганга жана уккан сөздөрдү өзүңдүн акыл таразаңа салып, туура жагын өзүңө алып, туура эмесин калпып салганга көнүү керек.

Уккан – улама, көргөн – көсөм, ар нерсеге маани берип жүрбөсөң – укканың бекер.



Балбан болсоң – жердей бол,
Баарын чыдап көтөргөн.
Таза болсоң суудай бол,
Баарын жууп кетирген.
Ысык болсоң оттой бол,
Жашообузга дем берген,
Арыбас болчу абадай
Адамга өмүр дем берген –

деп Токтогул акын берген насаатын эсиңден чыгарба.

*К. Карымшаков*

## Асан кайгы

Илгери өткөн заманда Асан кайгы деген адам болуп, ал бардык жан-жаныбарларды түрдүү кырсыктардан аяп кайгыра берчү экен. Анын Төлөн аттуу жалгыз уулу болуптур. Төлөн жаш курагынан эле ат жалы менен тең ойногон эр жүрөк, көзгө атар мерген, ата сөзүн жерге таштабаган акылдуу, эстүү болуп өсөт. Күндөрдүн көбүн талаа-түздө, тоо-ташта өткөрчү экен. Кийик атып, элжуртун багат экен. Күндөрдүн бириндe каардуу хан Жаныбек Асан кайгыны чакыртып алып:

– Дүнүйөнүн артынан түшпөгөн адам болобу? – деп сурайт. Асан кайгы:

– Биздин Төлөн мырза дүнүйөгө кызыкпайт, артынан түшүп дүнүйө жыйнабайт – деп жооп берет. Жаныбек хан анын берген жообуна ыраазы болбой, иш жүзүндө сынап көрүүнү ойлойт. Ал жигиттерин чакырып, бир баштык алтын берип:

www.bizdin.kg

– Асан кайгынын уулунун келе турган жолун аныктап, бул алтынды таштап койгула да, алыстан байкап тургула, – дейт.

Хандын жигиттери хан айткандай кылып, андып жатышат.

Бир убакта Төлөн мырза атына минип жаасын ийнине салып, саадагын байланып, тайгандарын ээрчитип өтүп бара жатып баягы баштыкты көрөт да, эңкейип илип алып, хандын сарайына келип, эшиктин алдына турган сакчыларга:

– Мына бул баштыкты таап алдым, хан өз ээсине кайтарат деп ойлойм. Ошондуктан ханга аманат калтырдым – деп шарт жөнөп кетет. Жигиттери болгон окуяны ханга айтып келишет.

Хан Төлөндү чакыртып:

– Талаадан таап алган алтынды өзүң эле албайсыңбы – дейт.

Төлөн:

– Жок, таксырым, артык баш дүнүйө курууну каалабаймын – дейт.

Хан: – Эмне үчүн – деген суроосуна:

– Атам Асан кайгы:

– Артык баш дөөлөт азгырат
Алдастатып мас кылат
Чыгарып жолдон жазгырат
Чынарың менен кас кылат – деген эле дейт.

Хан аны айыптоого кыйкым таппай коё берет. Дагы бир жолу Асан кайгыны чакыртып:

– Кемчиликке кейибеген, эч нерсеге ачуусу келбеген адам барбы? – деп сурайт.

Асан кайгы: – Биздин Төлөн мырза ошондой – деп жооп берет.

Хан анын жообуна дагы тырчыды, бирок Төлөндү дагы сынап көрмөк болду. Жигиттеринен 2–3тү чакырып алып:

– Төлөн аңчылыкка чыгар күндү билип алып, таптаluуда турган айтылуу күлүк карагер атын сурабастан ми-

www.bizdin.kg

нип алып, ары-бери чапкылап, аябай тердетип астынан чыккыла, эмне дээрин мага айтып келгиле, – деди.

Жигиттери карагерди минип алып, ойго-тоого чапкылап, тердеткен бойдон Төлөндүн астынан чыгышат. Төлөн жигиттерди токтотуп: «Ээр токуп, тердик салып минсеңерчи, көчүгүңөр жооруп калды го! – деп үйүн көздөй бурулуп кетет.

Жигиттери ханга болгонун болгондой кылып айтып келишет. Хан Төлөндү чакыртып:

– Кечээ эки жигит сенин карагеринди минип алып, чапкылап жүрөт дейт, быякта отуруп алып, менин ачуум келип жатат. Токтотуп алып сабасаң болмок экен,– дейт. Анда Төлөн:

– Атам, бирөөнүн көңүлүн оорутпа, шагын сындырба, ачуулу болбо деген. Атамдын сөзүн сабак кылып, дайыма эсте сактаймын,– дейт.

Хан үчүнчү жолу Асан кайгыны чакырып алып:

– Асан, жакындан бери, бир укмуштуу окуя болду. Ар качан куш салууга чыксам эле, чоңдугу муштумдай неме куушурулуп келип, кушумду тебет да кайра асманга атып чыгып жок болот. Кушум болсо 3–4 бөлүнүп канаты сынып жерге түшөт. Мунун сырын же айласын табар киши барбы? – дейт.

Асан кайгы:

– Мунун айласын Төлөн мырза табат, мен аны эртең менен жиберип ийейин – деп үйүнө кайтат.

Үйүнө келип Төлөнгө:

– Балам, Жаныбек хан сени эртең куш салууга кошо чыксын деди. Бүгүн жааңды ондоп, саадагыңды дайындап кой. Хан кушун салган учурда бир муштумдай куш куушурулуп келип, хандын кушун бөлө тээп кайра асманга карай атып чыгат. Сен даяр болуп текөөрүн мээлеп ат, тегерене калганда бөтөгөгө ат. Эгер ал тирүү калса, кармаган кишинин боорун жебей, айыкпайт. Тирүү калса Жаныбек хан, сени өлтүрүп боорунду ошол кушка берип тынат. Куш атасы буудайык деген ошол. Сенден ажырасам, менин күнүм, элдин күнү эмне болот? Эгер

www.bizdin.kg

сен аны өлтүрө атсаң, Жаныбек сенден эмне сурасаң берем дейт. Сен темингидей жер, жырымдай суу, томуктай тоо сура. Эптеп Жаныбектен алыстап кетели, – дейт. Эртеси баягы кушту Төлөн атып өлтүргөндөн кийин Жаныбек хан Төлөндүн астына ат, үстүнө тон жаап, алдына табак-табак алтын, күмүш койдурат.

Төлөн эч бирин албай, атасы айткан томуктай жер сурайт. Хан макул болуп өзү тандаган тээ алыстагы Ала-Тоодон жер берди.

Төлөн атасы Асан кайгыны жана өзү менен кошо кетүүнү каалаган элди алып, жүрүп отуруп, Каркыра деген жерге келип жайланышып, Жаныбек хандан кутулуп жатып калышкан экен.

### Суроолор:

1. Төлөн мырза, Асан кайгы жана хандын айырмачылыгы эмнеде?

2. Көп угуп аз сүйлөгөн адам жөнүндөгү сүйлөмдү тексттен изде.

2. Эмне үчүн Асан кайгы Жаныбек хандан алыс кетүүнү чечти?

3. Сен өзүңдү Төлөн мырзадаймын деп ойлойсуңбу?

## КОШУМЧА ОКУУ ҮЧҮН

### Сөздүн мааниси

Жээренче чечен – жалпы кыргыз элине, өзүнүн акылдуулугу, чукугандай сөз тапкан чечендиги менен таанымал адам болгон. Анын Төлөн деген уулу болуп, аны ата кадыры менен эл Төлөн мырза атыктырып жиберишкен. Ошол Жээренче чечен бир күнү баласын сынамакчы болуп, эки атты токуп даярдап, алыскы бир айылга аттанышат. Жолдо бара жатышып:

– Ии, балам «узун жолду кыскартпайсыңбы?» – дейт Жээренче чечен. Анда Төлөн мырза аттан түшө калып жолду кетмендеп кирет. Буга нааразы болгон атасы:

– Уулум, «узун жолду кыскарт» – деген сөздүн мааниси, жол узак, бир нерселерди айтып, сүйлөшүп, жолдун узактыгын сезбей, көздөгөн жерибизге эрикпей жетебиз дегеним эле» дейт. Дагы бир топ жүргөндөн кийин:

www.bizdin.kg

– Уулум, курсагыбыз ачты, «ат жалына казан аспайсыңбы» – дейт, Жээренче чечен.

Уулу түшө калып аттын жалын өрттөп жибереэрде Жээренче чечен токтотуп, «ат жалына казан ас» – деген жолго деп алып чыккан азыктардан алып чык, токтоп отурбай, ат үстүнөн шам-шум этели» – дегеним эле деп түшүндүрөт.

Жээренче чечен уулунун көп нерсени түшүнө бербестигине көзү жетип өзүнө ачууланган экен!

## Суроолор:

1. Бул текст биздин темабызга жооп бердиби? Жооп берсе кантип? Жооп бербесе, эмне үчүн текст берилди деп ойлойсуңар?

2. Жээренче чечен эмне үчүн өзүнө ачууланды?

3. «Сууну сиңген жерге төк, сөздү уккан кишиге айт» деген макалдын мааниси биздин темага туура келеби?

4. Чечен, куйма кулак деп кандай адамды айтабыз?

## Сөздүк:

**Кап** – колго, өрмөккө согуп жасалган адыракай баштык.
**Туур** – колго үйрөтүлгөн куштун коноор жери.
**Арыбас** – талыбас.
**Чынарың** – ата-энең.

## 11 - с а б а к

# ЭМГЕКЧИЛ САРАМЖАЛ, МЭЭНЕТКЕЧ АДАМДАР КООМДУН ТҮРКҮГҮ

**Маани бер:**

Эмгекти сүйбөгөн жалкоо киши, ар түрдүү, ыксыз иштерди жасоодон тартынбайт.

Эмгекти сүйүүнүн, кайраттуулук жана туруктуулук менен иштөөнүн абдан ширин үч мөмөсү бар:
Биринчиси – ден соолуктун чың болушу,
Экинчиси – көңүлдүн көтөрүңкү болушу,
Үчүнчүсү – идирегиңдин өсүшү.
Эр киши эмгек менен абийир табат,
Канча айыбы болсо да эмгек жабат.

www.bizdin.kg

## ЖАЛКООНУН ТИЛЕГИ

Жүрөгүмө чоктой тийди ызалык,
Күндө чыгам сабак билбей кызарып
Кулактарым шыбырады тез угууга,
Кетсе боло бир метрдей узарып.

*Т. Кожомбердиев*

Эмгекчил адамдарды жалпы коомубуз кадырлап, сыйлаары баарыбызга белгилүү. Бирок эмгекти сүйбөгөн, жалкоолор да ошол коомубуздун бир мүчөсү.

Мээнеткеч деген сөз эмгекчил деген сөздүн эле синоними. Эмгекчи менен мээнеткеч бири-бирин толуктап, булар, изденгич, жандары тынбаган адам экендигин тастыктайт. Мээнеткеч, эмгекчил адамдар – акылдуу адамдар... Алар таман акы, маңдай терлери менен өз үй-бүлөсүн гана бакпастан, мамлекетибиздин өркүндөп өсүшүнө да чоң салымдарын кошушат. Ал эми сарамжалдуулук бул эстүүлүктүн иши. Бардык тапкан нерсени (акча болобу, буюм болобу) өз орду менен пайдалана билет, бир нерсени өз ордуна коюу менен пайдаланат. Мындай адамдар өз эмгегин өзү баалайт. Өз эмгегинин кадыр-баркын, пайдалуулугун билген адам гана башка бирөөнүн эмгегин баалай алат.

Өз эмгеги менен баар тапкандардын катарына, акын, жазуучулар, бизнесмендер, ишкерлер, мугалимдер, врачтар жана башка бардык кесиптеги адамдар кирет. Мындай эмгекчил адамдардын эмгектери бааланып көптөгөн сыйлыктарга татыктуу болуу менен ардактуу эс алууларга чыгышканын айтпай коё албайбыз.



Эмгек десе эле жер жыртып, мал асыраганды түшүнгөнүбүз болбос. Жашоо – күрөш. Күрөш эмгексиз болбойт. Сенин сабак даярдаганың да – эмгек, сага сабак

www.bizdin.kg

берген мугалиминдин түйшүгү да – эмгек. Кумурска безилдеп жем ташып, аары ызылдап, гүлдөн гүлгө конуп, шире соруп бал жыйнап жүрөбү – бул да эмгек.

Бала жаш кезинен эмгекчил, тыкан өссө, мыкты адам болуп калыптанат. Илкип-салкып иштеген, кош көңүл иштер ийгиликтүү бүтпөйт. Силер дагы эмгекти сүйгөн акылдуу, эстүү адамдардан болгула!

Энең бешик өнөргөн,
Жерге кесир ойлобо.
Атаң өнүп көгөргөн,
Элге кесир ойлобо.

## АКЫНДЫН ӨМҮРҮНӨН БИР ҮЗҮМ



Алыкул Осмонов – «Талантын эмгек менен курчуткан алп акын» дейт жазуучу Т. Сыдыкбеков. Акын Алыкулдун жеке турмушу ары катаал, ары өксүктүү. Жашынан кургак учук менен ооруп, жаш жанына тынчтык бербеген катуу илдетке чалдыгып, кан жөткүрүп калды. Бир жагынан айыкпас кесел акынды алсыратса, экинчи жагынан көксөп жүрүп көргөн кызы Жыпар айына жетпей чарчап калды. Буларга кошумча жары Зейнеп менен турмуш оту келишпей, көбүнчө жалгыз, түнт жашады. Ошондой болсо да ал аябай катуу изденди, укмуштуудай көп окуду. Батыш менен чыгыш адабиятчыларынын чыгармаларын кыргыз тилине которду. Эл аралап, элдик сөздөрдү жыйнады. Акын өз өмүрүн ырсыз элестете алган эмес. Кудурети күчтүү табияттан да сураганы бир гана ыр болгон.

Мен уялам мына мындан уялам,
Көзгө толоор бир чоң эмгек кылбагам.
Колун кезеп жолуң болгур дегенсийт,
Жер шарынан күлүк чыккан заманам.

www.bizdin.kg

Мен турмушта сараң ач көз эмесмин,
Өктө кылып: «Ай, аз бердиң» – дебесмин.
Байлык, үй жай, ден соолуктан ардактуу,
Мага берсе эки сабак ыр берсин.

Көзүм өткүр өрттү өчүрө караган,
Өз жанымдын жамандыгын көрө алам.
Керек болсо, чебердигим жетишет,
Дөңгөчкө жан, балыкка тил бере алам.

Акындын өз күчүнө ишенүү сезими, көкүрөгүнө толуп турган, өз өнөрүн биротоло бийлеп алган устат гана ушундай баатыр сөздү айта алат. Ал өз ырларына да,

Мен тансам жаштан танам ырдан танбайм,
Ыры жок өмүрүмө канаттанбайм.
Кудайга миң мертебе калп атсам да,
Ырыма бир мертебе калп айта албайм, – дейт.

Акын өзү жөнүндө да толук сүрөттөйт:

Мен өзүмдү уктаганда карасам,
Жаткан өңдүү бир өлүк жан каны жок.
Жүрөк күчүн тамырынан кармасам,
Чарчагандай араң согот, алы жок.

Мен өзүмдү өлгөн кезде карасам,
Күлүмсүрөп керилген бир шер жатат.
Бул акыйкат жазмышына жарашкан,
Тагдырына рахмат айткан азамат.

Мен өзүмдү бир кылымдан карасам,
Тээ алыста чаң ызгыткан чаң чыгат.
Өлбөстүктүн өжөр эркин талашкан,
Эрдигинен эчен түрдүү жан чыгат.

Демек, өз өмүр жолун өзү толук, көрөгөчтүк, акылмандык менен көргөн акын.

Алыкул Осмонов 1915-жылы туулуп, ата-энесинен эрте ажырап, жетим балдар үйүндө чоңойгон. Анын чы-

www.bizdin.kg

гармачылыгы өсүп, бийик белестен ашып бараткан мезгилде, 35 жаш курагында 1950-жылы каза болгон.

### Суроолор:

1. Акындын асыл сапаттары кайсылар?
2. Силер акындын эмгекчил адам болгондугун кантип далилдей аласынар?
3. Сарамжалдуулук деген эмне жана ушул текстте жолуктурдуңбу?
4. Эмгекчил менен мээнеткеч деген сөздүн айырмачылыгы жана окшоштугу жөнүндө түшүнгөнүңдү айт.

## КОШУМЧА ОКУУ ҮЧҮН

## Пайдасыз өнөр

Адаттан тышкаары бир ажайып өнөрү бар экенин айтып, аны ханга көрсөткөнгө ынтызар экендигин сунуш кылган бир адамды Харун ар-Рашиддин алдына алып келишти.

Харундун буйругу менен ал адам өз өнөрүн көрсөтүүгө киришти. Бир куту ийне алып чыгып, теменени устунга кадады да, алысыраак туруп, ийнелерди теменени көзүнөн атып чыгара баштады. Ал өз өнөрүн көрсөтүп бүткөндөн кийин Харун ар-Рашид, ага жүз алтын берүүнү жана жүз камчы урууга буюрду.

Ал жерде отургандар мындай кызык буйруктун себебин сурашты.

Харун ар-Рашид мындай дейт:

– Бул адам өтө зор жөндөм менен сапатка эгедер адам экен, бирок аны пайдасыз жолдорго сарптайт. Өнөрүн аныктап көрүп жүз алтын бердим, ал эми жөндөмүн пайдасыз нерсеге жумшаганына жүз камчы урууга бердим. Ал мындан кийин өз жөндөмдүүлүгүн керексиз нерселерге эмес, калайык-журттун кызыкчылыгы үчүн пайдалансын.

### Суроолор:

1. Бул тексттин жогорку биз өткөн темага эмне жакындыгы бар?
2. Харун ар-Рашид туура чечим чыгардыбы?
3. Сен кандай чечим чыгарат элең?

www.bizdin.kg

**Сөздүк:**

**Мээнеткеч** – ишсиз жөн отура албаган адам.
**Эгедер** – ээ.

**Үйгө тапшырма:**

Ыр чыгарганга аракет кыл.

## АТ МЕНЕН ЭШЕК

*(Тамсил)*

Илгери-илгери ат менен эшек бир кишиге кызмат кылышат экен. Ал киши дайым эле атка эч нерсе артпай, эшекке артып койчу экен. Күндөрдүн бир күнүндө эшек аябай чарчап, атка, – «оо, ат дос, жүгүмдүн теңин сен көтөр, же болбосо өлгөнү калдым» – десе, ат – «ээ? сага арткандан кийин өзүң эле көтөр» – деп болбой коёт. Эшек көп жүрө албай өлүп калат. Ээси болсо эч нерсе болбогон эмедей атка жүктү турмак, эшекти кошуп артат. Ошондо ат эшектин жүгүн тең бөлүшпөгөнүнө аябай өкүнөт экен.



## 12-сабак

## КИЧИ ПЕЙИЛ, ЖАПАКЕЧ, ЭЛПЕК ЖАНА ЖӨНӨКӨЙ БОЛ

**Маани бер:**

«Элпектик жана назиктик – инсандын зыйнаты, уят-сыйыт анын эң эле кооз чапаны болуп саналат».

*Сократ*

«Абийир үчүн ак жүр, алыш-беришке так жүр».
«Кичи пейил – жакшылыктын жышааны».

*Р. Беруни*

www.bizdin.kg

Кичи пейил, сезимтал, жөнөкөй адамдар жөнүндө адамдардын арасында сөзсүз жылуу пикир, жакшы сөздөр айтылары чындык. Элпек бала атасын айттырбай түшүнөт, эне кызматын кылууга даяр.

Демек, мындай бала кийин, чоңойгондо эли үчүн ак кызматын өтөөрүнө шек жок.

Кичипейил адамды ким да болсо жактырат. Андай адамга адам жакындагысы, баарлашкысы келет. Жаш кезинен жатык, элпек өскөн бала чоңойгондо да ошол адатын коё бербейт. Кичинесинде тээжик, тентек болгон баланын мүнөзү да оңой менен түзөлө койбойт. Жаман жаштан жакшы кары чыкпайт. Кичипейил болуудан адам кичирип калбайт.

Картаң адам издеген көчөсүн таба албай, кабатыр болуп турса, билген бала анын кайда экенин айтып, колунан келип, убактысы болсо, узатып койсо, кары батасын бербейби. Карынын алкышынан да карыптын алкышы касиеттүү көрүнөт.

Колдон келсе алсыз, оорулуу, майып адамдарга көмөк көрсөтүп, кичи пейилдик кылса, аларды теңсинбей, керсейип, жөнөкөйлүк кылбай басып кетсе ал адамдык жакшы сапат эмес.

Жаштардын токтоо, алпейим, жөнөкөй болгону – ийгилик. «Жаштарда карыялардын токтоолугу, карыларда – жаштыктын жалыны болгону мага жагат», – дептир улуу ойчул Цицерон.

Улуттук ар намысты бийик кармаган, билимдүү адам гана жөнөкөй жана кичи пейил болуу менен ата намысын сактап, эне намысын ээн калтырбайт. Кичи пейил, элпек деген сөздөр бири- бирин толуктап, коштоп турган бир маанидеги сөздөр.

«Жапакеч» – деген сөздүн мааниси – тил алчаак жароокер, мээримдүү деп түшүнгөнүбүз туура.

«Жөнөкөй» – деген сөздүн мааниси: элден өзгөчөлөнбөй, көтөрүлбөй, кыйынсынбай, сулуусунбай, улуусунбай «улууга – урмат менен, кичүүгө – ызаат» менен мамиле кылган адам жана ал канчалык акылдуу, билимдүү болсо да өзүн жөнөкөй кармайт.

www.bizdin.kg

# КЫЗ АДЕБИ – КЫМБАТ

Текст тыным менен окулат.

## 1-тыным

Убакыт зымырык куш эмеспи, кечээ эле 1-класстын босогосун аттаган Алтын минтип, бой тартып келатат. Сабактарынан жакшы окуйт. Жакшы окуганына ыраазы болгон ата-энеси андан эч нерсесин аябайт. Акча десе акча, кийим десе кийим. Алтын өзү да ар нерсени өз орду менен жасайт. Мектепте өзүн жакшы алып, классташтары менен жакшы мамиледе. Мугалимдер да аны дайыма «примерге» коюшат. Алтын сабактан тышкары бир топ кружокторго да катышат. «Англис тил», «ыр – бий», «кол эмгек». Баардыгына жетишет, үйгө келип үй жыйнап, кир жууп, тамак жасоо да анын мойнундагы милдет. (*1-тынымдын аягы.*)

**Суроо:**

1. Силердин оюңарча окуя кандай болуп өнүгөт?

## 2-тыным

Аны менен кошо өзү менен тең окуган Роза да «Англис тили» кружогуна кошо барчу. Ал кыз ачык айрым, сөзгө да чечен кыз. Экөөнүн мамилеси аябай жакын боло баштады.

Алтын барбайм дегенине болбой үйүнө ээрчитип барчу болду. Розанын үйү эки кабат, үйдүн ичиндеги эмеректердин баары чет элдики, тим эле жаркырайт. Эмне гана жок дейсиң. Роза дайыма музыка коюп бийлегенге Алтынды көндүрдү. Экөө күн сайын жолугуша турган болуп кетишти. Алтын да ачык-айрымдыкка өтө баштады. Бийлеген да жакты. Атасы менен апасына айтып «светомузыка» алдырды. Эми Алтындыкында да кечке музыка жаңыра турган болуп калды. Роза да кээде өзү жалгыз, кээде дос кызы менен Алтындыкына жаймажай каттап, шарактап ойноп күлүп жүрүштү. Кээде үйдүн

www.bizdin.kg

музыкасынан тажаганда жанындагы дискоклубга бийге барышат. (*2-тынымдын аягы.*)

**Суроо:**

1. Силер кандай деп ойлойсуңар, окуя кантип өнүгөт?

### 3-тыным

Мурда тынчтыкта жашап турганга көнгөн кошуналары Алтындын апасына даттана баштады. Апасы деле эми эмне кылайын кыз чоңоюп калды, азыркы жаштар ушундай бийик музыканы сүйөт экен, көрөм сенин да кызың же уулуң чоңойсо – деп коёт.

Кээде кошуналардын бири-экиси: – «Ай, Алтын кичине кичирейтчи музыканды, бала уктатып жаттым эле», – же башка шылтоону айтып келип калат. Кичирейтейин десе, Розадан уялат. «Мен мунукуна барганда музыканы мындан да катуу коёт ко, анын кошуналары эч бир унчукпайт, биздин эле кошуналар» – деп кайра аларга наарazы болуп калат. Кээде ого бетер катуулатып да коёт. Ошентип отуруп кошуналарын да көндүрдү. Ата-энеси да кээде эрте келген күндөрү үйдө чочун кыздар жок болсо, «акырындатчы айланайын» – деп калышат. А чочун кыздар болгон күнү унчукпайт. Ошентип эне-атасын да көндүрдү.

Тексттин аягын улант.

**Суроолор:**

1. Силердин оюңар боюнча, окуя кантип өнүгөт!
2. Темага окулган текст жооп бердиби? Же текст эмне жөнүндө болду?
3. Кичипейил, сезимтал кыздын мүнөзү кантип өзгөрдү?
4. Алтын кандай кыз? Кандай дейсиңер?
5. Тексттен элпек мүнөздү кайсы жеринен көрүп жатабыз?
6. Текстке сен автор болсоң кандай деген ат коёт элең?

**Үйгө тапшырма:**

Өзүңдөгү жакшы жана жаман сапаттар тууралуу жазып кел.

www.bizdin.kg



## Бардыгы пейилге жараша

Кыргызстандын эл аралык бедел-бейнесин (имиджин) көтөрүү негизги тышкы саясий тапшырмалардын бири. Чет элдиктерге жаратылышыбыздын коздугун, элибиздин меймандостугун, «Манас» эпосун саймедиреп келебиз. Тышкы иштер министрлиги чет элдеги элчиликтерибиз аркылуу Кыргызстан тууралуу фильмдерди көрсөтүп, көргөзмөлөрдү, бет ачар аземдерге чакырып, жакшыбызды даңазалап, жаманыбызды жашырып, дүйнөлүк газеталарга, сыналгыларга дурус жактарыбыздан «жарк» деп чагыла калса деп жан алакетке түшөбүз. Бирок, жалаң дипломаттардын күч-аракети менен мындай салттуу иштер аркылуу көздөгөн максатка жетүү кыйын. Бул казанга кашык менен суу толтургандай эле нерсе. Ошондуктан, өлкөнүн имиджин көтөрүүгө Кыргызстандын ар бир атуулу катышуусу керек. Ал үчүн алтындан сарай салдырып же Сулайман пайгамбар сыяктуу курт-кумурска, жан-жаныбарлардын тилин билүү деле сөзсүз керек эмес. Болгону адамдык нарк насилди туу тутуп, абийирдүү болууга жана ар намыстуу болууга жетишибиз керек. Ушундан болсо керек «бардыгы пейилге жараша болот» деген ата-бабабыздан калган сөз улуттук идеологиябыздын уюткусу болууга жарачудай.

Эгерде ошол чет элге «кыргыздар абдан жакшы ишенимдүү адамдар болушат» деген пикир калыптанса, анда эле ишибиздин илгери кеткени. Биринен бири угуп, туристтердин агымы көбөйүп, назар бурган инвесторлордун саны өсүп дегендей...

Ар бир Кыргызстандыктын жүрөгүндө. «Мен – Кыргызстандын атуулумун» деген сезим жашаса ошого жараша жоопкерчилигибиз болмок деп ойлойм. Кыргызстанга бир америкалык келиптир «жайкы мектеп» дегенди угуп алып, ага катышам деп. Ошол жигиттин чөнтөгүндөгү акчасын уурдап же өзүн тоноп кетпегей эле деп сарсанаа болдум. Ушунча алыстан Кыргызстан деген жерди көрөм деп келсе, демек ага биздин жерибиз да, элибиз да ушундай сонун деп таасирленип келди да. Ал өзүнүн айтуусунда бир Кыргызстандык жигит менен достошкон экен. Анын жүрүм-туруму, пейилинин кендиги аны таң калтырган экен анын элин көрүүгө ынтызарланыптыр.

www.bizdin.kg

Эми бул тышкы саясат деп коёлу. Ал эми Кыргызстандын ичинде же бир эле үй-бүлөнүн ичинде кандай көрүнүш жашайт. Бул көрүнүш биздин ички саясатыбыз эмеспи!

– Атага тил албаган бала.

– Бир нерсеге жумшасаң «азыр» деп коюп унутуп ойной берген, кыз, бала.

– Мага тигини алып бербейсиңер деп ата-энени кыйнаган кыз же бала.

–Автобустан орун бошотпой уктамыш болгон бала же кыз.

– Калп айтып жанталашып, кылганын мойнуна албаган бала.

– Ойносо да, урушса андан бетер өозго алгыс сөздөр менен сөгүнгөн бала.

– Мушташка, урушууга даяр турган бала.

– Окууну жактырбаган бала ж. б. да биздин ички саясатыбыз экенин, болгондо да ынтымактын, уят-сыйыттын саясаты экениң туура түшүн, урматтуу окурманым, жогорудагы айтылгандын баары туура эмес экендигин түшүнгөндө гана сен өзүңө адептүүлүктү кабыл алаарыңды. Ата сөзүн, эне сөзүн жерге таштоо уят экенин сезе баштаганыңда гана адамдык – ыймандык сапат жүрөгүңө түнөөрүн түшүн. Демек «тиги жаман, тиги калпычы, тиги сөгүнчөөк» ж. б. деп башка бирөөгө жалаа жабуудан мурда, мен өзүмчү? деп ар бир адам өзү жөнүндө ойлонуу туура болот. Ошондо анан пейлибиз оңолуп, өлкөбүз өнүгөөрүнө шек жок.

## 13 - с а б а к

# СЫНДЫ ТУУРА КАБЫЛДОО, КЕМЧИЛИКТИ МОЮНГА АЛУУ ЖАНА КЕЧИРИМДҮҮ БОЛУУ

**Маани бер:**

«Жамандагандын баары касың эмес
Мактагандын баары досуң эмес»
«Улуудан ийменүү, туура сөзгө жыгылуу – ыймандуулук»
«Керегем сага айтам – келиним сен ук!
Уугум сага айтам – уулум сен ук!»
«Уят бар жерде – Намыс бар.

www.bizdin.kg

Жашыңдан кемчилигиңди сүйрөп эмне кыласың, ансыз деле карылыктын чидери аз күндө алдыңдан чыгат булактап.

*И. Гете*

Элден бөтөн кекирейип басканың,
Көтөрүлбө, коркуткандй таштагын.
Карап турсаң, айлампадай көктө күн,
Атат-батат, эч сезбейсиң өткөнүн.
Балалыгың өтөт, келет карылык,
Ким токтотот жылдын жылып кеткенин.

Сынды туура кабыл алуунун өзү кемчиликти моюнга алуучу акылдуулук болуп эсептелет. Демек мунун өзү эрдик. Себеби ар бир эле адам өзүнөн кеткенди мойнуна ала билбейт. Кайра «сен болбосоң мындай болбойт эле» – деп калыстык кылгандын «бетин тыткандарын» көп эле көрүп жүрөбүз. Адам өзүн башка бирөөнүн көзү менен караганды үйрөнүү керек. Өз кемчилигин моюнга алуу менен аны кайра кайталабаганга аракет кылуу бул эрктүүлүктүн белгиси.

Ким эле өз башын жаман көрсүн, бирок түркөй адамдар керт башынын кемчилигин сезбейт да, бирөөнүн айыбын ачканга уста келишет. Атаганат, ар ким бирөөнүн кемчилигин көргөндөй өз кемчилин да көрө билип, өзүнө-өзү сын бергенге жараса, кандай жакшы болор эле.

Чоңбу, кичинеби, ар адамда кемчилик болбой койбойт, кемчиликсиз жан жаралбайт, кимден каталык кетпейт? Каталык кетиргенден да каталыгын оңдой билбеген, оңдоого аракет кылбаган жаман. «Өз жаманын өлгүчө билбейт, киши жаманын кирип-чыккыча билет» тура адам деген. «Аңгек өзүн жер ойлойт, ар ким өзүн эр ойлойт». Адам өз акылын өзгөлөрдөн кем ойлобойт, жасаганын, жорук-жосунун туура деп эсептейт.

Кечиримдүү болуу бул – айкөлдүк. Айкөл адам калыс, адамгерчиликтүү, намыстуу, уяттуу, боорукер болорун эсиңе сал, урматтуу окурман.

www.bizdin.kg

## Баланын жоругу

Акмат апасы жасап берген тамакты да жөн ичпей, «ысык экен же тузу ачуу болуп калыптыр, же күндө эле ушундай тамак иче беребизби» – деп эркелей берер эле.

Апасы анын башка дагы толгон-токой кежирленгендигине, эркелигине макул болуп эле жүрчү. Бир күнү дагы, кечке көчөдө ойноп жүрдү дагы, энеси жасап койгон тамакты: «Калемпириби же тузубу айтор, ачуу болуп калыптыр – деп тамакты ичпей койду. Апасы дагы кыйнаган жок. Эртең сага, түшкүгө жакшы бир тамак жасап бербесем»... – деп койду. Эртеси дем алыш күнү болгондуктан, апасы Акматты эрте тургузуп, чай ичип алышып эле, бакчага иштегени чыгышты. Түшкө чейин Акмат да, апасы да, тердеп-кургап иштешти.

Апасына өзүнөн башка жардам берер киши жоктугун Акмат түшүнчү, ошондуктан унчукпастан жардам берип жатты. Апасы Акматка көз жиберип, өтө ыразы болуп жүрдү. Түш оой апасы, кече кечинде ичпей койгон тамакты муздаткычтан алып чыгып, жылытты да Акматты чакырды: – Кел, балам тамак ичип алып анан калган жумушту эртеңкиге калтырбай бүтүргөнгө аракет кылалы. Акмат тамакты калтырбай ичип: – иий, апа, бүгүн тамак тим эле таптаттуу болуптур укмуштуудай сонун да жыттанат – деди.

Апасы баласынын бетинен өөп: «О, айланайын балам. Бул тамак кечээкү сен ачуу болуп калыптыр деп ичпей койгон тамак болчу. Кечээ күнү сен керээли кечке ойноп жүргөнсүң ал эми бүгүн болсо мага жардам бердиң. Мүмкүн иштеп жеген тамак таттуу болоор – деди. Акмат уялып жер карады.

### Суроолор:

1. Ушул тексттин темага жооп берген жерин тапкыла. Ким кемчилигин моюнга алды, кантип?
2. Сынды туура кабыл алуу деген эмне?
3. Текстте кечиримдүүлүк тууралуу сөз болуп жатабы?
4. Сен автор болсоң текстке кандай тема коёт элең?
5. Кемчиликти моюнга алуу, жөнүндө сөз болдубу?

www.bizdin.kg

6. Адептүүлүк сапаты кайсы, аны кимден көрө алдык?
7. Сен досуңа ушундай мамиле кылат белең?

### Үйгө тапшырма:

Сен өзүң кемчилигиңди мойнуңа ала аласыңбы? Ойлонуп жазып кел. Ата-энеңден сура.

## ЧААРЧЫКТЫН СУРООСУ

(*Тамсил*)



Бир кичинекей эликтин чаарчыгы болуптур. Ал апасынын кичине эле шырт этсе элеңдеп качып калаарын байкап жүрүптүр. Бир күнү: – «Апа сен эмне ушунча коркоксуң, жада калса күчүк үрсө деле корко бересиң» – деп сурайт экен. Анда апасы – «Ээ, балам, мен анын күчүк экенин биле электе эле качып жөнөп жатпаймынбы» – деп жооп берген экен.

## КОШУМЧА ОКУУ ҮЧҮН

### Ата-эненин жана баланын милдеттери жөнүндө

Б а л а с ы: – Ата, сен мени чын эле жакшы көрөсүңбү?

А т а с ы: – Балам, менин сени канчалык деңгээлде жакшы көрөөрүмдү өзүң балалуу болгондон кийин гана даанараак түшүнөсүң! Ошондон бери: «Балам балалуу болгондо билээрсиң» деген лакап келатат.

Калганын ушундан окуп көрчү...

Атанын перзентке деген махабаты чексиз! Ошол себептүү ал перзентин өз сүрөтүнөн көчүрүлгөн нуска деп билет.

Ырасында атанын бул оюу өтө туура. Перзент атанын бир мүчөсү, сүрөтү да, пейил-мүнөзү да ага окшош. Өзү каалаган

www.bizdin.kg

толук илимди перзентине берүүгө, аны өзүнөн дагы беделдүү шартка жеткирүүгө ата жанын үрөйт. Ошол максат жолунда ар түрдүү машакатка дагы батат. Перзенти тууралуу калк ичинен: «Тарбия берген атасына ырахмат» деген сөздү укса сүйүнөт. Перзенти аркылуу көздөгөн максатына жетүүнү каалайт. Небере-чөбөрөлөр көрүп, тукумунун андан ары уланышын арзуу кылат.

Перзенттин өмүрүнө өбөлгө болуучу биринчи кубат – эненин денесиндеги кан. Түйүлдүк ошол кандан азыктанып, өмүрүн сактайт. Бала биринчи сөздү энеден угат. Ошол себептүү ал сүйлөгөн тилди «ата тили» дебестен «эне тили» дегендин мааниси да мына ушунда. Демек, баланы тарбиялап өстүрүүдө атага караганда дагы эне көбүрөөк салым кошот. Эненин перзентине болгон мээрими атанын мээриминен артыгыраак болот. Балким ошол себептен болсо керек, өзгөчө жаш балдар атага караганда энеге көбүрөөк ыкташат. Ырасында эне өз перзенти үчүн, жалгыз жанын курман чалууга да даяр. Ошол себептүү даанышмандар эненин акысы атанын акысына караганда эки эсе көбүрөөк болот дешкен.

Кымбаттуу балдар! Силер бул жарык дүйнөгө келишиңерге себепкер болгон, тарбиялап өстүргөн ата-энеңердин сүт акысын эч бир кемчиликсиз актаганга аракет жасагыла. Мээримдүү бөпөлөөсүнүн акыбетин кайтаргыла. Өмүр бою аларга ак кызмат кылып, алардын ыраазылыгын алгыла. Ачык айтып, ак сүйлөп, алардын дилин оорутуудан сактангыла. Аларга болгон урматтооңорду ширин тил, таза эмгегиңер менен көрсөткүлө. Алардын силерге айткан нускалуу насааттарын ак дилден кабыл алып, өз ишиңерде туура пайдалангыла. Алардын турмушунан ар дайым кабардар болуп, эч нерсеге зарыктырбагыла.

Анткени, алар силерге эч качан жамандык тилебейт. Ар дайым силердин бактылуу, таалайлуу болуп, ырахаттуу өмүр кечирүүңөрдү тилек кылат. Ошон үчүн алардын айтканына ыклас койгула. Силер ата-энеңерге кандай мамиле кылсаңар, кийинчерээк бала-чакаңардан дал ошондой мамилени көрөсүңөр. Дегеним, алар силерден өрнөк алат. Дал ушуну эсиңерден чыгарбагыла. Айрым учурларда ата-энеңер түшүнбөстүктөн силерге тарбия, адеп берүүдө капилет тескери сүйлөп алуулары мүмкүн. Алардын мындай учурда айткандарынын туура эместигин акырындык, кичипейилдик менен түшүндүргүлө. Катаал мамиле жасап алардын мээримге

www.bizdin.kg

толгон дилин оорутпагыла. Ата-энеңердин нускалуу кеңештерин дилге тутпай туруп, алардын ыраазылыгын албай туруп, эч бир ишке киришпегиле.

Бир даанышмандын шакирти өз устатына мындай деп сурап калды:

– Ата-энем эбак каза болгон. Эми эмне иш кылсам алардын сүт акысын актаган боломун?!

Анда даанышман мындай деп жооп катты:

– Ата-энеңдин осуяттарын туура аткаргын. Алардын достамырларына, жоро-жолдошторуна урматтоо менен ызаат көрсөткүн. Ага-инилериңе, тууган-уруктарыңа мээрим түшүр. Аларга колуңдан келишинче жардам бер. Жакшылык кыл, өзүң дагы адал тарбиянын, ахлактуу адептин чегинен сыртка чыкпа!

Перзент эрезеге жетип өз алдынча турмуш курганча, атаэненин колунда аманат. Жаш бала каухарга окшош аппак, кадимки таттуу бал сыяктуу бардык нерсени өзүнө тарта берет. Ошон үчүн дагы ата-эне өз перзенттерин балалык чактарынан баштап адеп-ахлак, тарбия эрежелерине ылайык тарбиялоолору зарыл.

Байыркы рим даанышманы Сократтан сурап калышты:

– Сиз улуулардан көрө жаштардын тарбиясына көбүрөөк маани бересиз. Мунун себеби эмнеде?

– Жаштар дарактын чырпыгына окшош болушат. Аны кандай ийсеңиз, дал ошондой ийилишет. Менин үгүт-насааттарымды ташка мөөр ойгондой көңүлдөрүнө орноштуруп алышат. Ошон үчүн мен алардын тарбиясына көбүрөөк этибар беремин.

Балдарды адеп, тарбияга үйрөтүүдө урууга, сөгүүгө эч качан жол коюлбайт. Бирди-жарым жакшы иш кылса аны мактагыла, мандайынан сылап эркелеткиле. Эгерде ал тарабынан бирди-жарым бузуку иш жасалган болсо, абайлап нускалуу насааттарыңарды айтып, анын кылган ишинин жакшы эместигин түшүндүргүлө. Баланы көпчүлүктүн алдында айыбын айтып уяткарбагын. Өз акыл-насаатыңды кылбаат жайда айткын. Ар бир бала ата-энеден үлгү алат. Тарбиялуу ата-эненин перзенттери дагы өздөрүнө окшош болуп өсүшөт. Үй-бүлө мүчөлөрү түрдүү чыр-чатактан, жаңжалдан өздөрүн тыйып, таттуулук менен тынч жашоолору зарыл.

www.bizdin.kg

## 14 - с а б а к

# «СӨЗ КӨТӨРҮМДҮҮ, ЖАЙДАРЫ, КЕҢ ПЕЙИЛ БОЛ»

**Маани бер:**

«Сөз көтөрүмдүү, жайдары бол, бул мыкты сапат бакты-таалайдын түгөнбөс казынасы».

Сынды уга билүү – акылдуулук,
Кемчиликти моюнга ала билүү – эрдик,
Ал эми кемчиликти ондой билүү – акылмандык.

«Адамдын күзгүсү адам, анткени өзүңдүн мыкты жана кемчил жактарыңды башка адамдар аркылуу гана биле аласың».

*Курманжан Датка*

«Жакшы сөз жан эргитет, жаман сөз жан кейитет» – дегендей ар бир адамдын сөзү жылуу, мээримдүү жана акыл камтыган сөз болууга тийиш. Сен бирөөгө кандай сөз айтсаң, сенин өзүңө да ошондой сөз айтылаарын бил. Бирөөнүн айткан акылына же сөзүнө маани бер. Сөз көтөрүмдүү адамды – кайгы-капа жеңе албасын эсиңе сакта. Каяша айтууга күч короткондон көрө айтылган сын-пикирди талдап, туура тыянак чыгаруу пайдалуу. Улуттук мүнөзүбүзгө ылайык улуунун сөзүн угуу нарктуу салтыбыз, урматтуу сапатыбыз экенин көкүрөгүңдөн чыгарба. Жайдары, кең пейил бол.

Кең пейилдүү-кемибейт, тар пейилдүү жарыбайт – деген ата-бабабыздын акыл-нускаларына ишен!

Мухаммед пайгамбардын тушунда мамлекеттик ишмер жана окумуштуу Имам Али Хусейин деген адам бир күнү окуучуларынын арасында олтурса Хасан Али Мусанна деген эшиктен кирип орой сөздөрдөн айтып анын намысына тийип кетип калат. Имам Али Хусейин унчукпай угуп олтуруп калат. Окуучулардын бардыгы жаман абалда калышат. Имам Али Хусейин окуучуларына окуунун аягында: «Силер Хасан Али Мусаннанын айт-

www.bizdin.kg

кан сөзүн уктуңар. Эми менин ага айтканымды уккула», – деп окуучуларын ээрчитип Хасан Али Мусаннанын үйүнө барат. Имам Али Хусейинди сөккөн адам аны менен айтышууга даярданып чыгат. Имам Али: «Эй, тууганым, эгер жанакы сен айткан сапаттар менде болсо, анда Алладан мени кечиришин сурайм, а эгер ал сапаттар менде жок болсо – анда сени кечиришин сурайм», – дейт. Ошондо тиги адам Имам Алини кучактап туруп: «Албетте, мен сени жок жерден айыптагам, бул менин ким экенимди билдирет. А сен болсо улуу адамсың», – деген экен. Мында Имам Алинин сөз көтөрүмдүүлүгү, кең пейилдүүлүгү тиги кишинин жүрөгүндөгү көрө албастыкты, душмандыкты жоготту.

Көрдүңөрбү балдар, сөз көтөрүмдүүлүктүн, сабырдуулуктун сыйкырдуу күчүнөн душманың доско айланат экен.

Сөздөн өткүр, сөздөн курч эмне бар. Сөз менен күйдүрүүгө да болот, сүйдүрүүгө да болот. «Жылуу сөз жыланды ийинен чыгарат». Сөздө бал да бар, уу да бар.

Сөз көтөрүмдүү, сабырдуу болуу багынып, баш ийип берүү эмес. Ал – элибизге мүнөздүү эзелтен келаткан улуттук нарк-насил.

## Жаман кошуна

Жаркыраган жай айынын таң заарында күн жылмайып, уйкудан жаңы ойгонуп, уясынан жай көтөрүлүп келе жаткан эле. Жаш кезинен эрте туруп көнгөн Текин бүгүн да адатынча атасына жардам бергени күн чыга электе турган эле. Капыстан эле Текин атасынан:

– Атаке, тиги арттагы кошунабыз, бул биздин үйдүн жанындагы кошуна жөнүндө көп нерсени айтып берди. Сизди көрө алчу эмес экен. Дайыма сиз жөнүндө ушак кептерди таратчу экен, ушул сөздөр туурабы? – деп сурап калды. Атасы ойлонуп туруп:

– Балам, адамдардын айланасында жалаң гана жакшы көргөн адамдар менен курчалса, анда андай адам эч качан туура жана туура эмес нерселерди ажырата албай калат. Сени аңдып турган душманың болсо, дайыма сак

www.bizdin.kg
жүрөсүң, жанына да тың болосуң. Бирок бирөөнүн ушак сөзүн же жаныңды кашайткан жаман сөзүн туура кабыл алууга акыл-эс жана андай болбоого адамдын эрки жана намысы болмоюнча эч нерсе чыкпайт.

Башымдан өткөргөндөрүмдү айтып берсем мени туура түшүнөт болушуң керек.

Ымыркай кезимде ата-энемден ажырап, атамдын агасы мени асырап багып алыптыр. Ал мага боору ооругандыктанбы же жакшы көрчүбү айтор оюма коюп, дем алыш күндөрү колума акча карматып коёр эле. Кайгыкапасыз, эч нерсе менен ишим жок, эң бактылуу балдардын катарында чоңойдум. Жоопкерчилик деген эмне экенин билчү эмесмин. Ышкырып ырдап, күндөрүмдү текке кетирчү элем. Келечек жөнүндө кымындай да ойлончу эмесмин. Карып калган абамдан кыска мөөнөттүк оорудан кийин ажырадым. Абамдан мага мурас катары кичинекей үй жана дүкөн калды. Калган мурастын аз экени эч бир эсиме келбей, такыр түгөнбөөчүдөй болуп, ойноп-күлүп жүрө бериптирмин.

Бир күнү досума ушул үйдүн жанындагы кошуна:

– Бул досуң мага таптакыр жакпайт. Колунан эч нерсе келбеген жалкоо жана тарбиясыз. Элдин баары жанталашып иштеп жатса анын боп-бош ойноп-күлүп жүрүшүнө эч түшүнбөйм – деп жатыптыр. Кошунанын бул айткан сөздөрү, башыма урулган камчы сыяктуу катуу тийди. Жүрөгүмдүн эң терең жери жараланып, сыздаганын сездим. Өзүмчө олтуруп алып катуу ойлондум. Чын эле кошунам айткандай бекерпоз, жалкоомунбу? Жок, жок, туура эмес. Анын, мен жөнүндө туура эмес ойдо жүргөнүн далилдешим керек – деген ойго келдим. Бул менин намысымдын маселеси эле.

Күндүр-түндүр иштей баштадым. Ишимди таң ата электе баштап, бакчанын отоо чөптөрүн жулуп, бактарды бутап, тазалап, жашылча-жемиштердин түбүн жумшартып, сугарып, башкаларын отургузуп, гүл отургузуп, дүкөнүмдү жыйнаштырып, ирээттештирдим. Кошунамдын көзүнө жаман жерим көрүнүп калбаса экен деп аябай жанталашып иштегенге өттүм. Күзүндө кичине бакчам-

www.bizdin.kg

дан мол түшүм алып, базарга сатып, ишимди да бир топ оңдоп алдым. Азгырык деген чын болот окшойт. Тапкан акчамды досторум менен бакчага же дүкөнгө отуруп карта да ойноп жүрдүм.

Бир күнү баягы кошунам: «Киши болбойт бул акмак. Мунун оюнун баары эле карта менен ичкилик. Убакытын бошко короткон бекерпоз деп айтпадым беле», – деп жамандаптыр. Бул сөздөрдү угуп кирерге жер таппай калдым. Муну уккан досторум, ага бирди көрсөтмөк болуп жулуна башташты. Мен аларды тыйдым. Өзүм болсо ошол күндөн баштап карта, арак дегенди таптакыр унуттум. Эми убакытты китеп окуу менен өткөрчү болдум. Бакчамды да көз жаздымда калтырган жокмун.Тапкан акчамды үнөмдөп, кичинекей үйүмдү чоңойтуп, дүкөнүмдү да кеңейттим. Кошунам болсо баары бир мени жамандаганын токтоткон жок. Мен анын айткандарынын баарын сабырдуулук менен көтөрүп жүрдүм. Анткени айткандарынын баары мага жакшылык алып келип жүрдү.

Сен төрөлгөн жылы ал 85 жашында өлүп калды. Мен жакынымды жоготкондой аябай ыйладым. Бир сүрөтүн сатып алып дүкөнүмдүн бир бурчуна илип койдум.

Текин таң калып, атасына карап: – Тиги дүкөндүн бурчуна илинип турган сүрөт ошол кошунаныкыбы, мен аны чоң атамдыкыбы деп ойлогом, – деди.

– Ооба балам, бирок ал сүрөт мени жек көрө электеги, жаш кезиндеги сүрөтү.

Текин бир топко ойлонуп туруп:

– Ата, сенин душманыңды мен да жакшы көрүп калдым. Кудай аны бейишке чыгарсын, – деди.

### Суроолор:

1. Элдин пейили жөнүндө сөз болдубу?
2. Адамдын асыл сапаты жана адамгерчилиги жөнүндө сөз болдубу?

### Үйгө тапшырма:

Мен кандай адепсиз жана адептүү иштерди жасадым? Жообун күндөлүккө жазып келгиле.

www.bizdin.kg

## 15 - с а б а к

# СЫЛЫК, СЫЙЧЫЛ МҮНӨЗ АДАМДЫ АЖАРЛАНТАТ

**Маани бер.**

«Жакшы адам таап айтат,
Жаман адам каап айтат.»

«Билимиң элден өзгөчөлөнсө да, жүрүшүң элден өзгөчөлөнбөсүн».

Бир даанышман өз устатынан – «Дүйнөдөгү эң жакшы адам ким? – деп сурайт. Устаты: «Башкаларга пайда келтирүүчү адам» – деп жооп берет.

Сылыктык бул – сыпайылык, жөнөкөйлүк, маданияттуулук, адептүүлүк. Жан дүйнөсү таза, тарбиялуу адамдар сылык болушат. Сылыктык – адамдын адамдыгын көрсөткөн күзгү. Баланын сылык өскөнү – бакыт, ата-энеге чоң кубаныч, ырахат.

Бала өзүнөн улуулардын баарына «Сиз» деп мамиле кылышы керек, «сен» деп турганы – уят, адепсиздик.

«Сиз» деген – сылык сөз, «сен» деген – сенек сөз». Улууга «сен» деп кайрылсаң: «сенейип кал, жашабагыр. Тарбия көрбөгөн, көргөн-өскөнү жаман үй-бүлөдөн чыккан жарыбагыр го», – деп, өзүң түгүл, үйдө жаткан ата-энеңе, окуган мектебиңе, окуткан мугалимиңе да шек келтирип, тил тийгизесиң.

Адам сылыктыктан зыян тартпайт, сылыктык сындырбайт, оройлук ондурбайт.

Даанышмандан:

– Илимпоз, даанышман адамдар катардагы жөнөкөй кишилерден эмнеси менен айырмаланат? – дептир.

Ал:

– Илимпоз ачык жүздүү, жумшак сөздүү, сылык, кичипейил болот. Бирөөлөрдөн өзү тууралуу жарамсыз сөз эшитсе, капа болбойт. Мактоого азгырылып манчыркап көппөйт, өзүң өзгөдөн өйдө тутпайт, бир сырдуу болот.

www.bizdin.kg

– Акылман аалым адамсың. Кана, айтчы, ушунча окуп, эмне натыйжа чыгардың? – десе:

– Бир гана нерсени толук андадым, көрсө эч нерсе билбейт экенмин, – деген экен.

Бул жооптун өзүндө эң чоң маани – жөнөкөйлүк, сылыктык, маданияттуулук, ойчулдук жатат.

## АКЫЛДУУ ДЫЙКАН

*(Эл оозунан)*

Илгери бир хан жан-жөкөрлөрү менен эл кыдырып, көңүл ачып келе жатып, эгин айдаган бир дыйканды чакырып сүйлөшүп калат.

– Ии, дыйканым, мен элимде бейкутчулук болушун каалаганымдан эл кыдырып жүрөм. Эч жерден сенчелик ысыктын аптап күнүндө жанталашып жер тытып жаткан киши көргөн жокмун. Мунун сыры барбы же сен мага көрүнөйүн деген оюң барбы? – дейт.

Анда дыйкан: – Ханым, эгерде сиздин көзүңүзгө талаада иштеген киши, ушунча күнү көзүңүзгө илинбесе, анда эл тургай сиздин дагы быйылкы жылдагы жана эмдиги жылдагы кыйынчылыкка дуушар боло турганыңыз же бай-бийлердин амалкөйлүгү.

Ал эми менин ысыктын аптабына карабай талаада иштеп жатканымдын себеби, сизге көрүнүү үчүн эмес, бирөөнүн талаасына жалданып иштесем, ал жерим түшүм бербей калса мага жакшыбы же ушул жердин ээсине жакшыбы? Мол түшүм алсам, жердин ээси да менин эмгегимдин акысын жакшы берерлиги анык – дейт.

Хан андан канча акы алаарын укканда да абдан таң калат. Анткени хан бир күндө эле сарайына сансаат пул жумшайт эле. Хандын таң кала карап калганын көргөн дыйкан:

– Ханым, көп деле муктаждыгы жок адамга, ушул жердин ээсинен алган акым өзүмө жетмек түгүл ашат.

Мен алган акымды негизинен үчкө бөлөм. Бир бөлүгүн өзүмө жана үй-бүлөгө, бала-бакырамды багуу үчүн жум-

www.bizdin.kg

шайм, экинчи бөлүгүн карызыма берем, ал эми үчүнчү бөлүгүн карызга берүү үчүн топтоп жатам – дейт.



Хан табышмакка окшогон дыйкандын сөзүнө түшүнө албайт. Бирок ачуусу да келбейт. Таң калуу менен карап турат. Акылдуу дыйкан хандын түшүнбөй калганын билип: – Ханым, менин сөздөрүмдүн мааниси төмөнкүдөй: – Менин алган акымдын биринчи бөлүгүн кайда жумшаарым, сизге белгилүү болду окшойт, ал бала-бакырамдын тамак-ашына, кийим кечесине башкача айтканда үй-бүлөмдү багууга кетет. Ал эми экинчи бөлүгүн карызыма төлөйм дегеним, мени жарык дүйнөгө алып келип, багып чоңойткон ата-энеме өмүр бою карызмын, демек, карызымды төлөйм дегенимдин чындыгы бар.

Үчүнчү бөлүгүн карызга берүү үчүн чогултуп жатам дегеним, менин да бала бакырам чоңоёт, аларды окутуп, билим алдырышым керек, үйлөнтүп, үй-жай күткөнгө жардам беришим керек, демек балдарым мен карыганда кайрылып, кайра мени бага башташат, карызга бергеним эмей эмне? – дейт.

Хан дыйкандын акылдуулугуна баа берип өзү башкарган өлкөнүн жыргалчылыгы, бейпилдиги эмнеде экендигин түшүнүп, дыйканды вазир дайындап, акылдуулук менен эл башкарып калган экен.

Демек балдар, уккан улама, көргөн көсөм, ар нерсеге маани берип жүрбөсөң – укканың бекер.

### Суроолор:

1. Сыйчылдык, сылыктык жөнүндө текстте сөз болдубу?
2. Хандын мүнөзүндө адамгерчилик барбы?
3. Эгер болсо, муну кандай деп түшүндүрөбүз?
4. Сылык, сыйчыл мүнөз адамды ажарлантат дегенди кандай түшүндүн?

www.bizdin.kg

**Үйгө тапшырма:**

Сылык, сыйчыл адам тууралуу билгениң барбы?

**Сөздүк:**

**Даанышман** – билимдүү, акылдуу адам.
**Сыпайы** – маданияттуу.

## 16 - с а б а к

## ПРАКТИКАЛЫК САБАК
## КЕЛГИЛЕ, КЕМЧИЛИГИБИЗДИ ОҢДОЙБУЗ

### «УУЛ ЖАКШЫСЫ – УРМАТ»

Асан 3 бир тууган. Агасы Темир өтө жоош, момун бала. Карындашы Асел кичине болгондуктан бардык иш агасы Темир экөөнүн мойнунда. Асан кичинесинен эле шок болуп өстү. Буту да жөн турбайт, колу да жөн турбайт.«Кыңыр иш кырк жылда билинет» дегендей жасаган, койгондору ата-энесине билинип – угулуп калып эле таяк жеп же тил угуп калат. Эртеси эле анын баары унутулуп, баягы адатына кайра кирет.

–«Уулубуз чоноёр, анан эси кирээр» – деп, ата-энеси өздөрүн жооткотушаар эле. Асан 6-класска кирди. Баягы адатын таштамак түгүл күчөтүп келет. Кез келген жерден бир нерсени кымтып кетмей  адаты да бар. Урушмай, согушмай да адаты. Кыздарды түртүп кетип же чачынан акырын тартып ийип, билмексен болмой да адаты.

Бул адаттардын азабынан атасынан катуу таяк жеди. Таяк жегендин эртеси. «Таяктын уусу тараганча жакшы эле жүрдү, «Убакыт деген учкан куш дегендей» – убакыт өтүп, денесинин ооруганы тарагандан кийин эле баягы «тас кейпине» түштү. Бир күнү Адеп сабагынан «Уул жакшысы – урмат» деген темада сабак өтүлдү. Окуучулардын бардыгы сабакка кызуу катышып, эркек баланын адептик-ыймандык сапаттарын айтып жатышты.

www.bizdin.kg

Эркек баланын жаман сапаттарына келгенде да Асандагы болгон сапаттарды талкууга алышты. Албетте «Асандын жаман сапаты» – деген сөз болгон жок, жөн гана эркек балага тиешеси болгон жаман сапаттарды талкуулашты.

Талкууда эжеси Асанды да тургузуп сурап турду. Асан деле эл сыяктуу «ал – бул, бул – ал» – деп, жооп берип жатты. Жооп берип жатып өзүнүн терс сапаттарын, өзүнүн жолдоштору, классташтары эң жаман адат деп аташканын укту. Сабактан чыгып, үйүнө келгиче эч ким менен сүйлөшкөн жок. Өз бөлмөсүнө барды да чечинбестен керебетке көмкөрөсүнөн кулап, жата кетти. Агасы Темир чай даярдап келип тургузса да турган жок. Карындашы келсе да үн-сөз чыгармак турсун, кыймылдаган жок. Кечинде жумуштан келген ата-энеси Асандын кылыгын угуп, «ооруп» калган го деп божомолдошту. Энеси чечинбестен туруп баласына келди:

– Асан, эмне болду балам, эмнең ооруп жатат? – деп үзүлүп түштү. Атасы да башын басып көрүп, күнөөлүүдөй акырын кыймылдайт. Асан бир топко кыймылсыз жатты да, бир убакта туруп, кабагын салган бойдон чечине баштады. Үнсүз сөзсүз. Ата-энесинин да суроолору жоопсуз калды. Чечинип бүтүп, жаткан жерин ондоду, ашканага барып чайды кайра койду газга. Мындайды көрбөгөн ата-энеси деле, бир туугандары да таң калып турушту.

## Суроолор:

1. Тексттен силер эмнени түшүндүнөр?
2. Асандын кемчилиги эмнеде деп ойлойсуңар?
3. Асан кемчилигин мойнуна алдыбы (алчу беле).
4. Асан кемчилигин ондой алабы?
5. Сен автор болсоң аңгеменин аягын кантип бүтүрөт элең?
6. Асандагы кемчилик сенде барбы? – деген суроого окуучулар арасында дагы талкуу уюштуруу.

www.bizdin.kg

## Үч бир тууган жөнүндө жомок

Илгери-илгери Африкада бир үч бир тууган жашаптыр. Бир күнү алардын атасы өлүп калат. Бир туугандардын улуулары буга эч кайгырбаптыр. Эң кичүүсү болсо таң атканга чейин атасынын жаткан жеринде отуруп алып тынбай ыйлайт. Күн чыгып келе жатканда уйкусуздуктан жана чарчаганынан көзү илинип кетет. Берки эки агасы анын төшөктүн жанында уктап жатканын көрүп, сүйүнүп кетишет:

– Мейли, уктай берсин, биз мурасты өз ара бөлүп алалы. Ач көз агалары иниси уктап атканынан пайдаланып аны алдоонун амалын кылышат. Алардын бири өзүнө үйдү жана талааларды, ал эми экинчиси болсо, короону жана малды болуп алышат. Инилери уктап турган соң аны шылдыңдай башташат:

– Ээ, биз эмне кылалы. Мурасты бөлүп атканда сен уктап калдың. Уйкуну сага мурас кылып бердик, дешет.

Бөтөн айлындагылар кичүү бир тууганга жасалган мындай адилетсиздикке абдан кайгырышат. Бирок бала камаарабайт, улуу агалары күн бою талаада иштеп жүрүшсө, ал бир көлөкөгө жатып алып уктайт. Күн аябай ысык, иш болсо, абдан оор эле. Кеч кирер замат улуу агалар бирдеке шамшум этип алышып, бири бөлмөдө, бири болсо короодогу үймөк чөптүн үстүнө чыгып уктамак болушат. Эң улуу агасы бөлмөдө эми эле таттуу уйкуга кирген кезде, кичүү иниси түрткүлөп ойготот:

– Тур, мурасты бөлүштүргөндө уйкуну мага бергениңерди унутуп калдыңбы?

Берки агасын да түн ооп калганда ойготуп:

Ойгон... ойгон дейм. Уйкуну мага бергенсиңер.

Ошентип бала бир туугандарын бир канча күн бою эч уктатпаптыр. Кичүү бир тууган иштебейт. Күнү бою уктайт, түн ичинде болсо эки агасын кайтарып уктатпайт экен. Алар бир аз көздөрү илинсе эле болду:

– Ээй, уктамак жок, уйку меники, деп тура калат экен. Айылдагы эл да кичинекей баланы жакташат: «Сооп болот ушуларга, кичүүсү кичине уктап калды деп мурастан куру калтырышкан. Кандай жазаласа да акысы бар» дешет.

Акырында улуу бир туугандар ушунчалык тажап, уйкусуздуктан иштей албай турган болушуптур. Айыл аксакал-

www.bizdin.kg

дарына барып, бул ишке бир чара табууларын өтүнүшөт. Аксакалдар болсо, мурастын кайрадан туура бөлүнүшү, ар кимдин өз үлүшүн алышы керек экенин айтышат. Алардын айтканы аткарылып, ар ким өз үлүшүн алат.

## Мына бул он мыкты сапат адамга бакыт-таалай алып келет:

1. Уят.
2. Адамгерчилик.
3. Ишеним.
4. Кичипейилдик.
5. Эмгек.
6. Колу ачыктык (берешендик).
7. Намыскөйлүк.
8. Аманатка жакшылык кылуу.
9. Адилеттик.
10. Элпектик (жумшактык) жана чечкиндүүлүк, кайраттуулук.

## Төмөнкү он жаман сапат адамды тек гана балакетке жетелейт:

1. Кызганыч.
2. Көрө албастык.
3. Бакылдык.
4. Текебердик.
5. Жалганчылык.
6. Ыпластык.
7. Чагымчылык.
8. Кыянатчылык.
9. Түркөйлүк, наадандык.
10. Жалкоолук.

www.bizdin.kg

# III ЧЕЙРЕК. АДАМДАГЫ ЖОСУНСУЗ ЖОРУКТАР

## 17-сабак
## КЕК ЖАНА КЕКЧИЛДИК

**Маани бер:**

«Түшпөсүн деп ойлосоң, башка мүшкүл, жабыр бербей бирөөгө адал иш кыл».

«Алдыңа келсе, атаңдын кунун кеч».

«Кетпес кек түйбө, өчпөс өч албa. Өчөгүшөм деп өчүп калба, кекенишем деп кемип калба».

Мээрим чачса адам күндүн нурундай,
Кайгы капа кара ниетке урунбай.
Бир мүнөттүк өмүр жылга айланып,
Жашап өткүн жашыл арча, кайыңдай!
Наадандар кекчил болот муну билгин,
Кекчилдикти жетекчиге койбой жүргүн.
Кектенүү чыр-чатакты алып келет,
Наадандыкты көбөйткөн үрөн себет.

Бардык жаман сапаттар адамга кандай зыян алып келсе, бул кекчилдик ошолордун баарынан катуу зыян келтирет. Кекчил адам дайыма өч алуу жолун издөө менен өзүнүн акыл-эсин, жакшы сапаттарынын баарын бузуп алат. Адамдын психологиясы бузулат. Кекчил адамдар таш боор, кара мүртөз, мыкаачы адамга айланып кетиши мүмкүн. Кек деген сөз – бул өч. Кең пейилдикти, кечиримдүүлүктү өзүңө тумар тут. Ачууң келсе «бир колуңдун ачуусун, бир колуң менен бас» – деген ата акылын эсте да өзүңдү карма. Сага жамандык кылса да, жаман айтса да, токтолуп ой жүгүрткөнгө көн. «Ал эмне үчүн мени жамандады же эмне үчүн мага жамандык кылды?», – деп ойлон. Суроого жооп изде, акыл-шеригиңди дайыма колдон чыгарба. Адаммын деп жашаган ар бир адамдын: сөзү да, тили да, көзү да, кулагы да, кийими да, деми да таза болуусу – милдет.

www.bizdin.kg

## АДАМГА КАРШЫ АЛТЫ ДАРТ

Ак төөнүн карды жарылып,
Ар кимде болсун кадыр-барк.
Айыкпас дартка чалынбай,
Акылың менен тизгин тарт.
Азыркы жыргал заманда,
Адамга каршы алты дарт.
**Биринчи дарт** – уурулук,
Бешенеде ыйман жок,
Бир түндө чыгат суурулуп.
**Экинчи дарт** –ушакчы,
Ар кимге тартат тузакты.
Ээ боло албайт- эркине,
Эки эли тилин узартты,
**Үчүнчү дарт** – кошомат,
Үйрүлүп сууга кошо агат.
Үлүшүн кошуп чоңуна,
Мейманын чогуу тосо алат,
Кызматтан чоңу тайыса,
Болоору анык ошо – деп.
**Төртүнчү дарт** – жалганчы,
Түрү суук алдамчы,
Түртүп орго салууга,
Турушат болуп далдалчы.
**Бешинчи** – эки жүздүү бар,
Балык сындуу жылмакай,
Берилип айткан сөзүңө,
Болобуз бачым биз кумар.
**Алтынчы дарт** – кекчилдик,
Жүлүнү-каны биригип,
Жүрөктө болот тамгасы,
Жыландай болот пардасы.

Спарталыктардын Ликург аттуу акылман падышасы болгон. Байлардын жерин бүткүл кедейлерге бөлүп бергенде, алар жашыруун мажилис уюштуруп, ушундан улам Алкандр деген жигит Ликургдун көзүн таяк менен

www.bizdin.kg

чыгара чабат. Кедейлер аны кармап алып, өлүмгө буюрууга Ликургдун алдына алып келгенде, Ликург аны өлүмгө буюрбай, кайра аны өзүнө кызматчы кылып алат. Алкандр: «Мени эмнеге өлүмгө буюрган жоксуң?» – дегенде, Ликург: «Сен али ак менен караны ажырата элек көөдөксүң. Бул ишке сен эмес, сени ушул ишке түрткөн байлар күнөөлүү», – деген экен. Мына ушундан кийин Алкандр бүткүл өмүрүн ага арнап, ак дилден кызмат кылып калат. Ликургдун жанда жок акылдуу экенин бара-бара билип, бүткүл Лаконияга дүйнөдө Ликургдан ашкан адам жок деп жар салган экен. Ликургдун даңкы айрыкча, ошондон кийин Лаконияда гана эмес бүткүл Грецияга тараган тура.

## СНАЙПЕР

### 1-тыным

Июль айында узакка туруучу күүгүм бара-бара түнгө айланып кетти. Шаардын бирде бул, бирде тигил жеринде түн тынчтыгын бузган октордун үнү угулуп турду. Алыскы Афган жергесиндеги граждандык деп аталган согуштун аягы бүтөөр эмес. Тетиги көрүнгөн көпүрөнүн жанындагы үйдүн чатырында анда-санда жылт эткен от чыккансыйт. Бул снайпер эле. Анын бети студенттерге окшоп арык жана купкуу экен, бирок көздөрүнөн фанатизмдин адам ичиркенткен оту күйүп турат. Бул өлүмгө тике караган көздөр эле. Ал бир убакта рюкзагынан нан алып чыгып апылдап-ашыгып жеп кирди. Эртеден бери наар ала электиги эсине түштү. Нанды жеп бүтүп фلягасынан суу жутту. Анан тамеки чексемби же жөн эле койсомбу деп бир аз убакыт арсар болуп турду. Тобокел кылдыбы, айтор тамекини алып чыгып ширеңке жандырды. (*1-тынымдын аягы.*)

**Суроолор:**

1. Силердин оюңар боюнча окуя кантип өнүгөт?
2. Эмне үчүн силер ушундай деп ойлойсуңар?

www.bizdin.kg

## 2-тыным

Ал ширеңкени чырт эттирери менен эле так маңдайынан өйдөрөөк жерине ок чак дей түштү. Жата калып, сол жагыраак жакка сойлоп кетти. Көпүрө жакты, акырын башын өйдөлөтүп карап койду. Коңшу үйдүн үстүндө өзүнө окшогон снайпер андып жатканын жүрөгүндө туйду. Мотордун күрүлдөгөн үнү угулду. Бул душмандын броневиги эле. Көчөнүн жарыгынан ал броневикке жакындаган бир кемпирдин караанын көрүнүп, ага тиги броневиктен бирөө башын чыгарып сүйлөшө кетти. Кемпир снайпер жаткан чатырды көрсөтүп бир нерсе айткандай болду. Чагымчы. Снайпер мылтыгын сунуп атып жиберди. Броневиктен көрүнгөн адам шалак эле дей түштү. Снайпер эми мылтыкты кемпирге карата атты. Кемпир жолдун боюндагы арыкка кулады. Капыстан маңдайкы үйдүн чатырынан ок атылды, снайпердин колунан мылтык түшүп кетти. Ал эңкейип мылтыкты алмак болду эле, мылтыкты колу көтөрө алган жок.

«Жарадар болгон экенмин», – деп күбүрөдү. Бешмантынын жеңинен чылпылдап кан чыгып атыптыр. Оорууну сезген жок, колун кесип салгансып гана турду. Чөнтөгүнөн сол колу менен йод алып чыгып жеңин тилип жиберип жаратына куюп жиберди. Жараты жан чыдатпай ооруп чыкты. (*2-тынымдын аягы.*)

**Суроо:**

1. Окуя кантип уланат деп ойлойсуңар?

## 3-тыным

Чөнтөгүнөн баягы флягасын алып чыгып суудан дагы жутту да, кепкасын мылтыгына кийгизип өйдө көтөрдү. Дароо ок атылды, ок кепканын ортосун тешип өтүптүр. Снайпер, тиги снайпердин кыйын экенин билди. Снайпер кепка менен мылтыкты дароо ылдый түшүрүп жиберди. Өзү чатырга бөгүп калды. Анын оюу ишке ашты, тиги снайперди өлтүргөн экенмин деп ойлоду. Тиги снайпер башын чыгарып көчөнүн өйүзүн карады. Ушуну гана

www.bizdin.kg

күтүп турган ал, револьвер менен мээледи. Күүгүмдө, анын үстүнө оң колу да чыдатпай ооруп тургандыктан колу калтырап турду. Эринин бекем кымтып мурду менен терең дем алды да атып жиберди. Тиги снайпер болсо өйдө көтөрүлүп барып чатыр ылдый кулап олтуруп төмөнкү үйдүн төбөсүнө бир тийди да, тротуарга барып «былч эле» дей түштү. Аны көрүп снайпердин табасы канды да эми ылдый түшүп ротанын командирине жөн-жайды түшүндүрмөй болду. Түн болгондуктан акырын жолдун аркы тарабына жетип барып өлүктү оодарды да, ордунда катып калды. Ал бир тууганынын жүзүн тааныды. (*3-тынымдын аягы.*)

### Суроолор:

1. «Өзүм аман болоюн, өзгөлөр эмне болсо ошо болсун» – деген макалга окуянын кайсы жери жооп берди?
3. Кек жөнүндө кеп болдубу?
4. Кекчил адамда кандай сапаттар болот деп ойлойсуңар?

### Үйгө тапшырма:

Сенде кекчилдик мүнөз барбы? Ойлонуп жазып кел.

### Сөздүк:

**Бешмант** – мусулмандар кийүүчү кыска чапан.

## КОШУМЧА ОКУУ ҮЧҮН

## Достук жөнүндө

Эмне үчүн адам достук мамилеге муктаж? Эмне үчүн кыргыз элинде «Дос – кудайдын бир аты» – деп аздектеп айтылат? Бул акылга назар салчы...

Уулум, тирүү адам албетте доссуз болбойт. Ким менен дос тутунсаң дагы достук каадаларына көңүл бургун. Кимдеким досун эсине албаса, досу дагы аны эсине албайт. Кимдин досу көп болсо айыптары жабылат. Жаңы дос тапсаң эски досторуңдан жүзүңдү үйүрбөгүн. Жакшы дос – адамга улуу казына. Айрым адамдар сени менен жарым дос болушат. Алар менен дагы жакшы жүргүн. Сенден бирөө жакшылык көрүшсө акырындап сени менен бир денедеги жан

www.bizdin.kg

сыяктуу жакындашып чыныгы доско айланышат. Досуңдун досторун өз досторуң, душмандарын сенин дагы душмандарың катары сана. Досуңа душман, душманыңа дос болгон кишилер менен, ошондой эле акылсыз менен асти дос болбогун. Акылсыз, наадан дос акылдуу душмандан жаман.

Уулум, досум көп деп баарына тегиз караба. Турмушуң шаң-салтанат менен өтүп турган убакта өздөрүн дос көрсөтүп, муктаждыкка кабылган чагыңда таштап кеткен адамдарды дос деп билбе. Анткени алар чыныгы дос эмес, талкан достор. Сырыңды досуңан дагы жашыра бил. Бир күнү капилет душман болуп калса, сага зыян келтирет. Бушайман болосуң, тыйынчалык пайда чыкпайт.

Эгерде досуң эч бир себепсиз сенден көңүл кайт болсо, аны менен ашыналыгыңды токтот. Сүткор достон оолак бол, анын достугу чыныгы достук эмес, дүнүйө-мүлк үчүн. Кызганчаак адам зили дос болбойт.

*«Ой гүлдөрү»*

## 18-сабак

## ӨЗҮМЧҮЛДҮК, КАЙДЫГЕРЛИК

**Маани бер:**

«Адатка айланган кылыктары үчүн адамдар эч качан уялбай калат, абийир алдында кызарбайт».

*Вольтер*

«Өзүмчүлдүк абийирдин жоктугунан эмес, тек гана ал жөнүндө ойлонууга көңүл бурбагандык».

*Кант*

«Эгер сен башкалардын азап чегүүсүнө кайдыгер карасаң, адам деген атка арзый албайсың».

*М. Саади*

Өзүмчүлдүк менен кайдыгерлик адамдагы терс адат экендиги маалим. Бирок ошол терс адатың адам өзүнө калыптандырып, менчиктештирип «меники деп» алса бул адаттарды айрып-тааный албай калаары шексиз.

Өзүмчүлдүк, бул, мага гана карап турса, мени гана жакшы көрсө, мага гана алып берсе ж. б. мага дегендин бардыгына ээ болуп алган адам. Өзүмчүл адам өзүнөн

www.bizdin.kg

башканы жакшы көрбөйт. Өзүмчүлдүк – өтө коркунучтуу илдет. Ал оорудан оңой менен арыла да, айыга да албайт. Өзүмчүлдүн өскөнүнөн өспөгөнү жакшы, андайлар – өлкөгө өлчөөсүз зыян алып келет. Ар кандай арамдыкка, чычкандай ташыганга барат, өз ороосун толтурат, өз короосун гүлдөтөт.

Албетте, өзүнө тың адам өзгөгө да жакшылык жасай билгени жакшы. «Өзү тойбос кайнене кимге кешик арттырат», – деген кеп бар. Өзүнө жакшылык жасай албаган, өзгөгө да пайдасын тийгизе албасы ырас. Баарыдан да баарына кайдыгер адамдар жаман. Өлкө башына түшкөн кыйынчылыкка элдин, тилдин тагдырына кандайча кайдыгер карай аласың.

Ичи тар болот. Кайдыгерлик адат бул өзүмчүлдүк натыйжасында келип чыккан «мага баары бир» деген адам. Андай адамдар боорукерлик, мээримдүүлүк дегенди билбейт. Жакын адамына да кайрымдуулук кылууну унутат. Ата-энеси ооруп жатса да, колунда жок болсо да ага «баары бир». Жолдо бирөөнү, оозу мурдун канжалатып уруп жатса да болушканды билбейт

*Б. Бийназаров*

## «АТАНЫН КЕРЭЭЗИ»

### 1-тыным

Илгери бир бай адам жашап, анын баласы болбоптур. Бир күнү жатып түш көрүп, аны өзүнчө жоруп, эч кимге айтпайт. Арадан аз убакыт өтүп, байдын аялынын боюна бүтүп, эркек бала төрөйт. Бай буга кубангандай мүнөздө болуп, эч нерсе билгизбейт. Ошентсе да чоң той берип, атын Тилебек койдурат. Баласына кийбегенди кийгизип, ичпегенди ичирип чоңойтушат. Тилебек 17 жашка чыкканда энеси дүйнөдөн кайтат. (*1-тынымдын аягы.*)

**Суроо:**

1. Тилебектин тагдыры кандай болот?

www.bizdin.kg

## 2-тыным

Кемпирин жерге жашырып, бардык ырым-жырымдарын кылып бүткөндөн кийин атасы уулуна:

– Уулум эми сен үйлөн, энең көрбөй кеткен келинди, мен көрүп, небере жетелейин, – деди.

Анда Тилебек: – Менин азыр ойноп-күлчү убагым, үйлөнсөм үйгө олтуруп калам – деп, чорт кесе айтып, ордунан туруп кетет. Баласынын жоругуна бай наараазы болуп баягы түшүн эстейт. Түшүндө, бир куш учуп келип ийнине конот. Кушту кармайын деген колу муздап чыгат. Бир убакта баягы куш жок болуп кетет. Ошол түшүн убагында, бай «кайрымсыз уулдуу болот экемин» – деп жооруп, бирок эч кимге оозунан чыгарган эмес. (*2-тынымдын аягы.*)

**Суроо:**

1. Бай уулуна эмнеге наараазы болду?

## 3-тыным

Бир күнү бай дагы түш көрөт. Түшүндө бир киши атынан айтып чакырып, бир чыны суу берип мындай дейт: – «Ушул чыныдагы суу түгөнгөн күнү сенин ырысың түгөнөт. Жарык дүйнөдө аткара албай калган ишиңди ойлон» – деп көздөн кайым болот. Эртеси, эртең менен ойгонсо, денеси оорлошуп, абалы начар болгонун билет. Бай жигиттерине, уулун таап келүүгө жумшап, өзү болсо баягы түшүнө кирген чыныга толтура суу куйдуруп, кичинеден гана ууртап коюп баласын күтөт. Тилебекти болсо байдын жигиттери айылдан-айылга кыдырып жүрүп, араң, кумар ойноп отурган жеринен табышат.

– Атаңдын оорусу катуу, тез келсин, сага айтам деген керээзи бар экен, – дешет.

– Мага эмне айтмак эле, өлсө өлө бербейби, колго карта келип жатканда – деп жатып араң келет Тилебек. Үйгө кирип салам айтымыш болуп:

– Сени өлгөн жатат дешпеди беле, жакшы элесиң го, – деп кекээрлейт. Атасы анын сөзүн элесине албай: –

www.bizdin.kg

«Балам, сени энең экөөбүз зар болуп жүрүп тапканбыз, ошондуктан сенин ушундай кайрымсыз болгондугуң, биздин да күнөөбүз, эми жүрү сага бир нерсе көргөзүп коёюн, бул менин керээзим болсун. Азыр сенин акчаң, байлыгың көп, ошондуктан досторуң да көп болуп жатат. Качан байлыгыңдан кол жууганда, досторуңдан да кол жууйсуң, сага эч ким жолобой калат, ошондо ушул чыгырыкка муунуп ал», – деп короо сарайдын төбөсүндөгү бир чыгырыкты көрсөтөт.

– «Бүгүн эч жакка кетпе, мага топурак салып кет, – дейт». Тилебектин ачуусу келип араң чыдайт. (*3-тынымдын аягы.*)

## Суроолор:

1. Сен окуянын аягы кантип бүттү деп ойлойсуң?
2. Текстте өзүмчүлдүк, кайдыгерлик жөнүндө сөз болдубу?
3. Ойлонуп көрчү, сенде ушундай адаттар барбы?

## Үйгө тапшырма:

Окуянын аягын бүтүрүп кел.

## АКЫЛСЫЗ ЭЧКИ

(*Тамсил*)



Илгери-илгери бир эчки болуптур. Ал аябай суусап келе жатып жардын астындагы сууну көрүп чуркап түшүп, суудан иче берип, иче берип, ичи аябай дардайганча ичип, кайра чыгайын десе чыга албай калат. Эмне кылаарын билбей турса жардын башына түлкү келип – «мээси жок эчки, кайра чыгарыңды эстеп ичпейсиңби» – деп анын өлөрүн күтүп жардын жээгине жатып алат. Эчки ошондо өз башын койгулаган экен.

www.bizdin.kg

## 19 - сабак

# МАКТАНЧААКТЫК ЖАНА КОШОМАТЧЫЛЫК

**Маани бер:**

«Жаман адам өз жамандыгын өлөөр-өлгүчө билбейт,

Жакшы адам кылган жаман нерсе үчүн өзүн өлөөрчө тилдейт.

«Жамандагандын баары касың эмес, мактагандын баары досуң эмес».

«Жаманды мактасаң жардан алыс кетет».

«Көрбөйт деп ууру кылба, укпайт деп ушак айтпа».

«Уста менен дос болсоң, наркескенин алаарсың, митаам менен дос болсоң бир балээге каларсың».

Жүз жыйырма жашка чыккан бир адамдан: Узак өмүр сүрүүнүздүн себеби эмнеде? – деп сурашканда, ал адам мындай деп жооп берген экен:

– Кызганчылыктан жана кошоматчылыктан өзүмдү сактадым.

Себеби алар адамдын акыл-эсин бууп, ооруга чалдыктырат.

Мен адамдарга жакшылык каалаадым жана ачууга алдырбадым.

Мен тилимди тишимдин артына катып жүрдүм. Ушул сапаттарым менин узак жашоомо себеп болду окшойт.

Мактанчаак адам дардаңпос аталып адамдар арасында жек көрүү сезимин козгойт.

Кошоматчылык дагы адамдагы терс сапат болуп саналат.

Мактанчаак деле кошоматчы адам деле сөзсүз калп айтаары шексиз.

Демек, мындай адамдар сөзсүз түрдө адеп-ыймандан алыс, арсыз, макоо адамдар деп аталат.

«Адам, өз жамандыгын өлөөрчө билбейт» – деген макал ушундай акыл-эси пас адамдарга тиешелүү.

Ал эми акылдуу адам өзүнүн жасаган жорук-жосундарына өзү баа берип, жаман-жакшысын ылгай алат.

www.bizdin.kg

«Өтө жаман өзүн мактайт», «Өзүңдү өзүң мактаба, өзгө мактасын». Көрүнөм деп мактана берсең, көпчүлүккө жакпайсың, көйрөң, «көңдөй» мактанчаак атка коносуң. Мактанбасаң да ким экениң кишиге маалым. «Топчудай ийгилигиңди тоодой кылып мактансаң, көпчүлүк иренжийт».

Мактанчаактык адамдагы мазасыз жаман сапат. Элде: «Мактанаарын боз бучук мактанды, уяларын мен уялдым», – деген макал бар. Чынында мазасыз адамдар мактанчаак, ыймандуу адамдар ыйбалуу келишет.

Эки жүздүүлүк, кошомат – эссиздиктин, арамдыктын белгиси. Өңдү көрсө бирди айтып, артыңа башканы айткан адамдар болот. Андайларды аарыларга теңесе болот анын оозунда балы бар, артында уусу бар. Ошол сыңары кошоматчы тилинен бал тамганы менен дилинен уу тамат.

## Устаттын айласы

Бир адам күрөшкө түшүү өнөрүн жетик билген атактуу балбан эле. Күрөштүн бардык усулун илгиртпей билчү жана ал усулдарды колдонуп, күрөшкө түшчү. Ал өзүнүн шакиртине да билген өнөрүнүн баарын үйрөтүп жүрдү. Бирок бир усулду үйрөтпөй купуя сактады.

Шакирти күч-кубаты жагынан, күрөш өнөрүнө өтө жогорку даражада жетишти. Аны менен күрөшкө түшүүгө эч ким чыдап, чыга албагыдай деңгээлге жетти.

Ал анысы менен мактанып жүрдү:

– Жашы улуу болгондугу үчүн жана мени тарбиялагандыгы үчүн гана устатым менден мыкты болсо керек, болбосо күч-кубатты салыштыра келсек, мен андан күчтүүмүн!

Бирок, устатынын алдында антип айта албайт эле. Ошентип жүрүп, баягы айткан сөз устатына да жетти.

Ал өзүнүн шакирти менен күрөшмөй болду:

– Шакиртим, сенин ал-күчүң ашты, мен болгон өнөрүмдү сага үйрөттүм, эми мени менен күрөшкө түшө аласыңбы? – деп сынагандай сөз ыргытты.

www.bizdin.kg

– Түшөм – деди, шакирти дароо эле ушул сөздү күтүп тургандай.

Мындай сөздү уккан күрөш күйөрмандары дароо эле күрөш болчу күндү жарыялап жиберишти. Бир жумадан кийин күрөшмөй болуп убадалашты.

Күрөш болот деген күнү, тиги экөөнү тең таанытан же «азаматтын атын алыстан ук, жанына келсең бир киши» – дегендей, атагын уккан күйөрмандар, дегеле, көп чогулду.

Күрөш башталды. Шакирти өз устатына «кутурган пилдей» оро- пара кирди. Устат шакиртинин күч-кубаты өзүнө караганда алда канча жогору экенин сезди. Тезинен шакиртине үйрөтпөй койгон, сыр кылып сактап калган усулун колдонду. Шакирти бул усулду билбейт болчу, ошол себептүү устатына каршы туруудa алсыздык кылды. Устаты болсо өз шакиртин башынан алды да көтөрүп келип, айландырып жерге бир урду. Жарданып тургандардын кыйкырык-чуусунан кулак тунду. Кээ бирлери күрөштүн, узакка созулбай бат эле бүтүп калганына наарazы болуп да жатты. Бирок көбүнчө күйөрмандар устатынын жеңгенине чын жүрөктөн кубанып, куттуктап жатышты.

Кээси чындап эле шакиртин уят кылгысы келгендер да болду:

– Сен өзүңдү устатыңдан жогорумун деп эсептечү элең го?

Алардын сөзүнө моюн бербеген шакирт:

– Устатым кара күч боюнча мага тең келе алмак эмес, бар болгону күрөш ыкмаларын мага үйрөтпөй купуя сактагандыгынан гана женди – деп моюнуна албады.

Ошону укканда гана устаты сөзгө келип:

– Дал ушундай күн келээрин сезип, күрөш ыкмаларынын бирөөнү сага үйрөтпөй купуя сактадым. Даанышмандардын: «Досуңа ишенип, ага артыкча дем бере бербегин, күндөрдүн биринде жаза тайып душман болуп калса, өзүңдүн берген демиң менен сени жеңип тынат» – дегени бар. Сен менин кылган жакшылыгымды, кызматымды билбей кайра мени эл көзүнө жамандай баштага-

www.bizdin.kg

нынды угуп, «устат деген мына ушундай болот» – деп сага далилдеп коюу үчүн, сени күрөшкө чакырдым. Эгерде сенде уят болсо, ошондо эле сезип, менден кечирим сурайт го, «айтканымды угуп калдыбы» – деп ойлойт го дедим эле, жок андай болбоду, эми экөөбүздүн жолубуз эки башка» – деди.

«Устатыңа сыртыңды салба, кылба акараат»,
Акараатың өзүңдү жерге чабат – деген ушул.

### Суроолор:

1. Бул текстте адепсиздик, ыймансыздык тууралуу сөз болдубу? Адамгерчилик сапаттарын кайсы жерден учураттык?
2. «Ооздон чыккан сөз ыйык жана таза болуу керек» – деген сөзгө тексттин мааниси жооп береби?
3. Жосунсуз жорук деп эмнени түшүндүк?
4. Сен шакирттин ордунда болсоң кандай абалда калар элең?

## КОШУМЧА ОКУУ ҮЧҮН

## Достор

Нурсултан 6-класстын окуучусу. Ал өзү токтоо жоош бала. Сабактан «5»ке жетпесе да «жакшы»деген баадан түшпөйт. Кичинесинен спортко катышып балдар арасында бокс боюнча алдыңкы байгелерди алып жүрөт. Анын достору Асан менен Кайрат, Нурсултан алар менен мектепте эле чогуу окуганы болбосо бош убагынын дээрлик көбүн спортко машыгуу менен өткөрүп, анан үй жумуштарын жасап сабакка даярданып, айтор, достору сыяктуу көчөлөп чогуу жүргөнгө убактысы жок. Ошондой болсо да Асан менен Кайрат Нурсултандын жанынан чыкпаганга аракет кылышат. Кээде машыгуучу жерге чейин узатып барышат, а түгүл машыгып бүткүчө күтмөй адаттары бар. Нурсултан болсо үйүнө келгенден кийин кайра көчөгө чыкмай адаты жок. Тигил экөө менен кош айтышат да үйүндө калат. Кайрат менен Асан экөө өздөрү машыгып келгенсип жолуккан тааныштарынын баарына Нурсултандын мушташканын көбүртүп-жабыртып айта бергенди жакшы көрүшөт.

Кээде балдарга өздөрү тийишип же уруп да коймойлору да бар. Нурсултандын достору экенин билген балдар урса

www.bizdin.kg

деле кайра кол кайтарбай качып кутулат. Нурсултандын көзүнчө деле тиги-бу балага көтөрүлүп сүйлөп жөндөн-жөн түртүп, чаап, тийишип да жиберишет. Эгерде кимдир бирөө кол көтөрө турган болсо, сөзсүз Нурсултан аларга болушаарын билишет.

Бир жолу мындай окуя болду. Асан танапис убагында чуркап, эшикке бара жатып жогорку класстын бир окуучусун башы менен катуу сүзүп алды. Ал Асанды чыканагы менен бир урду эле, Асан жыгылып түштү, тура калайын дегенде бир тепти, Асан ыйлап жиберди. Эшикке барганды унутуп кайра класска чуркап кирди. Нурсултан классташтары менен сүйлөшүп отургандыктан, Асанды байкаган жок. Аны Кайрат байкап: – Ой сага эмне болду? – деп сурайт.

Анда Асан: – Бир жогорку класстын окуучусу, сен жанагы Нурсултандын досусунбу, ал эмне кыйын бекен, андай кыйындардын белин омкоруп коёбуз – деп эле сабап, тепкилеп кирди, – деп калп айтты.

– Ага мен эмне кылыптырмын, ал өзү ким экен? – деген Нурсултандын суроосуна Асан сабактан кийин көрсөтмөй болду тиги баланы.

Сабактан эрте чыккан 6-класстын балдары тиги көчөнүн бурчунан, тиги баланы күтүп турушту.

Эч нерседен кабары жок тиги Асанды урган бала да, сабак бүтүп үйүн көздөй жөнөп баратты. Жашынып тургандардын жанына келгенде, бурчтан чыга калган балдар тепкиге алышты. Кой-ай деген киши жок, камсыз баланы бир топко чейин тепкилеп жиберишти. Алардын ар бирин уруп койгондой, жиндери келип, жатты. Мындай болоорун күтпөгөн Нурсултан, эми ажыратканга кирди. Балдарды тыякбыякка түртүп, тиги баланы колдон алып тургузду.

Эмне болгонун алигиче түшүнбөгөн бала – ой, силерге эмне керек, мен силерге эмне кылдым? – дей баштаганда эле Асан: – Сен Нурсултандын белин сындырам дебедиң беле, мына Нурсултан кыйын болсоң сындырчы – деди.

Эч нерсеге түшүнбөгөн бала:

– Нурсултан деген ким, мен кимге анын белин сындырам деп айтыптырмын? – деп кайра сурады.

www.bizdin.kg

### Суроолор:

1. Бул тексттен мактанчаак, кошоматчы мүнөздү кайсы жерден көрө алдыңар?
2. Мактанчаак адам мактанып коюп эле жүрө береби?
3. Бул текстте адептүүлүк жөнүндө кеп болдубу?
4. Намыс, уят жөнүндө сөз болдубу?
5. Кайраттыкындай адат сенде барбы?

### Үйгө тапшырма:

Тексттеги Асанга окшогон балдар жөнүндө эмне билесиң?

### Сөздүк:

**Усул** – ыкма.
**Шакирт** – окуучу.
**Устат** – мугалим.

## КОРОЗ МЕНЕН ТҮЛКҮ

*(Тамсил)*



Илгери-илгери бир амалдуу түлкү болуптур. Ал бардыгынын амал айласын тапчу экен. Бир күнү ал бакта конуп отурган корозду көрөт. Короз семиз экен. Шилекейи куюлган түлкү корозду алдай баштайт. Короз мактанып кетип – ку-ка-ре-куу деп кыйкырып жиберет. Мунун үнүн угуп күчүк чуркап келе жатканда айласы кеткен түлкү токойду көздөй качып жөнөйт.

www.bizdin.kg

## 20 - сабак

# УШАКЧЫЛЫК, ЧАГЫМЧЫЛЫК

**Маани бер:**

«Башканы ыйлаткан адам, өзү күлө албайт».

*Корея элинин учкул ойлорунан*

«Ачуу – жебе, ушак – бычак».

*Монгол элинин учкул ойлорунан*

«Өзүңө жакшылык каалаcаң, өзгөгө жамандык кылба».

«Кылычтын жаратынан айыгасың, ушактын жаратынан эч качан сакайбайсың».

«Ушак сөздүн уусу, жалаанын чуусу жаман».

«Сүйлөй электе сөз сенин кулуң, сүйлөгөндөн кийин, сен сөздүн кулусуң».

Бир даанышман өз шакирттерине:

– Силер эң жаман адамдар кимдер экенин билесиңерби? – дегенде шакирттери:

– Чагымчылык менен кишилерди бири-бирине душман кылган адамдар эң жаман адам болсо керек – дешет.

Даанышман да өз шакирттерине:

– Бириңер экинчиңердин сөзүн мага жеткирбегиле. Мен силерге соо-саламат, бейпил жашаган жан менен жолугууну каалаймын дептир.

## УШАКТЫН АРТЫ – ӨКҮНҮЧ

Биздин айылда Айсалкын деген бир аял бар эле. Ал улгайып калган, бирок баласы жок өзү жалгыз жашоочу. Бир жолу биздин уй бададан келбей калып кечинде чуркап уйду издеп жөнөдүм. Айсалкын апанын үйүнүн жанынан өтүүгө туура келди. Анткени анын үйү айылдын четинде болчу. Өтүп баратып Айсалкын апанын боздоп ыйлап жатканын уктум. Элес деле алганым жок. Уйду издеп көпкө жүрдүм. Каш карайганда уюбуз тууп, музоосун жалап, телчиктирип жатканда жеринен таптым.

www.bizdin.kg

Мен кайра чуркаган бойдон үйгө кабар айтып, атам экөөбүз араба чегип барып, музоосун арабага салып, уйду айдап келгиче бир топ эле убакыт өттү. Келе жатып Айсалкын эженин үйү караңгы, бирок анын ыйлаганы дагы эле угулуп турду. Анын үйүнөн узаганда:

– Ата, Айсалкын апа эмне ыйлап жатат? – деп сурасам: – Ал бир куураган байкуш – деп койду.Үйгө келгенде Айсалкын апанын ыйлап жатканын апама дагы айттым. Апам шыпшынып унчуккан жок. Уйду жайлап келгенден кийин апам төмөнкүлөрдү айтып берди.

– Айсулуу убагында мен сулуу деген келиндерден эле. Күйөөсү ыраматылык Осмон да жакшы адам эле. Экөө бир топ жыл чогуу жашашты. Бирок балалуу болушкан жок. Осмонду достору «ажыраш, сен балалуу болушуң керек» – деп ажыраштыра алган жок. Осмон Айсалкынды аябай жакшы көрсө керек. Ошол эле достору эми Осмонду Айсалкынга жамандай баштады. Досторунун ушагына ишенген Айсалкын аракка бачым эле берилип, ушактын уусун арак менен басып жүрдү. Экөөнүн урушу көбөйдү. Бир күнү Осмондун жүрөгүнө бычак урулуп өлүп калган денесинин үстүнөн чыгышты. Айсалкын болсо мас болуп, уктап жатыптыр. Ак-карасын ким билсин «Күйөөсүн өлтүрдү» – делип Айсалкын соттолуп кетти. Айсалкындын башка барар жери болбогондуктан кайра биздин айылга келди. Ушак айтып экөөнүн ортосуна чок салган, чагым салган достору, Айсалкындан кечирим сурашка беттери чыдабады. Муну айыл билип турса да билмексен. А кээ бир Осмондун достору Айсалкындан өтүп, аракеч болуп, көчөдө калды.



Аларга айыл өз баасын берип: «Бирөөгө ор казсаң кең каз, өзүң барып түшөсүң» – дешти. Ал эми Айсалкын болсо, Осмондон күнү-

www.bizdin.kg

түнү кечирим сурап ыйлап, жашап келет. Ошентип ушактын арты айтканга да, укканга да өкүнүч менен бүттү.

**Суроолор:**

1. Ушактын артындагы өкүнүчкө ким себепкер болду?
2. Чагымчы деп кандай адамды айтабыз?
3. Сен бирөөнү ушактаган учуруң болду беле?

## КОШУМЧА ОКУУ ҮЧҮН

### Олуя

Качандыр бир замандарда Олуя аттуу адам болуптур. Анын айтканы айткандай, дегени дегендей келе турган. Мына ошондуктан, Олуяга ар кандай тилек менен кулак угуп, көз көргүс жерлерден ат тезегин кургатпай нечен бирлер келүүчү.

Жыл артынан жылдар өтөт. Олуяны алкагандардын саны арбыгандан арбый берет. Бири Олуянын батасы тийип балалуу болдум десе, экинчиси малдуу болдум дей турган.

Олуя улгайып калган чагында, ага жаш жигит өтүнүч менен кайрылыптыр:

– Олуя ата! Мен жолдош күткүм келет, сизден кеңеш сурап келдим, – деп.

Ошондо Олуя, келер-кетер көп нерсени балага айтып олтуруп, акырында буларды айткан экен:

– Балам! Жолдош деген сөз ыйык,
Жолдоштуктун өзү ыйык.
Билишинче айта отур.
Башты салбай шылкыйып.

Тартынбастан так сүйлө,
Ачык айтып ак сүйлө.
Алабарман болбогун,
Көп ойлонуп аз сүйлө.

Тегин жерден өрт чыкпайт,
Деген тура чырагым.
Же болбосо жөн гана,
Келгенче дейм сынагын?..

www.bizdin.kg

Олуянын соболун уккан бала, бир аз далдырай түшүп, анан акылын жыйып чымырканып туруп берген жообу:

– Ата! Чачымда жок бубагым,
Он алтыда курагым.
Жетиле элек канаты,
Балапандай убагым.
Билбегеним көп экен,
Сүрдөп ата турамын.
Билгенимче айтайын,
Пикиримди сурады?

Олуя баланын көптү көргөн көсөмдөй сөз баштаганына бир эсе таңыркап, бир эсе кызыга анын айткандарын талдап укту. Бала муну баамдады көрүнөт, оюн андан ары улады:

– Ата! Миң мактансам баламын,
Муну кантип танамын.
Менде тилек бир гана,
Сизден таалим алайын.

Олуя баланын чын ниетин айткандарынан баамдап, «Кана жолдошум кандай болсо дейсиң?» – деп соболун жана жаңыртканда, ал эч бир тайсалдабастан пикирин ортого салды:

– Олуям! Атам айткан жери бар,
Жолдош танда балам деп.
Андан ары улаган,
Узун учук далай кеп.
Учурунда укпапмын,
Сурабапмын кандай деп.

Анда көргөн бүгүн жок,
Арман экен дүйнө шок.
Атам болсо жанымда,
Болбойт беле көңүл ток.

Улан айтар оюн улаган сайын, Олуянын ага болгон ишеними арта берди. Акыл сураган азамат өз башынын кемчилиги ата сөзүн тыңдабагандыгыман деп тартынбай айтып

www.bizdin.kg

келип, жолдоштун кайсынысы жакпасын Олуяга билдирди:

– Жолдошум,
Кара мүртөз жан кечти,
Каман мүнөз болбосо
Бөрк ал десе баш алган,
Наадан мүнөз болбосо.

Олуя баланын айткандарына жетине албай, кабагынан күн төгүлүп, айтайын дегенин ортого салды:

– Балам! Балбылдап жанат көздөрүң,
Маңыздуу экен сөздөрүң,
Айткандарың калетсиз.
Акылга салып өкчөдүм.

Жолдошту тандап бер дедиң,
Бул болсун жардам бергеним.
Ажырата билгиниң,
Акыл менен сергегин.

Менде да бар кемчилик,
Сенде да бар кемчилик,
Кемчиликти түзөтүш,
Билген жанга эрчилик.

Ушул балам билгеним,
Билишимче иргедим.
Урматтай бил досуңду,
Уга жүргүн билгениң!

Олуя айтайын дегенин айтып бүткөнүн эстүү бала айттырбай түшүнүп, касиеттүү карынын айткандарын жадысына жаттап калган экен. Кийин өзү эр жетип, уул-кызга ата болгон чагында Олуянын жолун жолдоп, акыл-насаатын айтып, далайлардын купулуна толуптур. «Ырыс оошот, акыл жугушат» – деген макал ошондон калыптыр.

www.bizdin.kg

## 21 - сабак

# АЧУУ – ДУШМАН, АКЫЛ – ДОС

**Маани бер:**

«Бир колуңдун ачуусун бир колуң менен бас».

«Ачууга алдырганың, балакетке кабылганың».

«Сабырдуулук – саламаттын калканы».

«Оттун салкыны, ачуунун акылы болбойт».

«Өзүң тааный билген – акылман, өзүн жеңе билген – балбан».

«Бир мүнөттүк талаш – жүз күндүк чыр».

«Ачууң келип турганда сөз баштаба».

«Арстанды жеңген күчтүү эмес, ачуусун жеңген – күчтүү».

*В. Шекспир*

«Заар сөздү, заар адам гана жанынан артык көрөт»

*Ш. Руставели*

«Ачууң келсе, онго чейин сана, өтө эле катуу келсе, жүзгө чейин сана!».

*Джефферсон*

Жусуп Баласагын бабабыздын айткандарын көңүлүңө түй!

Жакшыны алып, жараксызды көрө алгын,
Керектүүнү керексизден бөлө алгын.
Кек менен өч – эркек үчүн кемчилик,
Экөө жеңсе – качат сенден теңчилик.

Ачуу жеңсе, акыл качат өзүңдөн,
Ачуулуу жан акылы кем көргө тең.
Ачуу – душман, акыл – дос да адамга,
Ачуулансаң орой, осол сен анда!

О, билимдүү! Ачууңа сен жеңдирбе!
О, акылдуу! Сыймыгыңды бүлдүрбө!
Каар менен, ачуу менен иш кылба,
Майнабы жок – өкүнүч ал миң жылга.

www.bizdin.kg

Адамдарда ар кыл мүнөз бар: бири ачуулуу, бири токтоо, бири чапчаң, бири момун. «Ар кимде бар ар кыял, ал кыялды ким тыяр» – дейт. «Ачуулуунун алдынан чыкпа». «Ачуу не дедирбейт, ачка не жедирбейт», «Ачуулуунун баары кас эмес, күлгөндүн баары дос эмес», «Ачуусу келген чакчыгай, Айга карап чапчынат», – дейт элибиз.

Ачуусу чукул адамдар ай-уйга келбей, алды-артын ойлобой, орондоп сөгүнүп, мушташканга өтөт. Сабыр күтпөгөн ачуулуу адам артында жабыр тартары анык. Ачууга алдырган азабын тартат, жек көрүмчү болот.

«Ачуу – душман, акыл дос» бул кыргыз элинин макалы. Бул макалдын ата-бабаларыбыз кылымдан-кылымга өз урпактарын тарбиялоодо колдонуп келишкен. Эгерде адам өзү сабырдуу, токтоо боло турган болсо, бала да ошо тарбияны алат. Демек сабырдуулукту адам өзүнөн баштоо керек. Ачуулануу эч качан, эч кимге пайда алып келбейт. Ачуулуу адамдын өзгөлөргө тийгизген жаман таасиринен да, өзүнүн жүрөгүнө, нервине, баскан-турганына жана да сүйлөгөнүнө тийгизген жамандыгы, зыяндуулугу көп болот. Адам өзүнүн иш-аракетинин, өзүнө келтирген пайдасын жана зыянын таап ой жүгүрткөнгө көнүү керек «Сабырдын түбү сары алтын», – деген макалдын да ушул темабызга дал келип, адамды сабырдуу, токтоо бол, ачууга алдырып, акмак болбо деп турганы анык. Каар адамдын өзүнүн сөөгүн сыздатып, жүрөгүн бузат. Ошондуктан ачууну өзүңө жетекчиликке койбой жүр. Элден мурда ой жүгүрт, керек болсо ачууң келген адамга сүйлөбөй кой, ачууң тарагандан кийин бардыгы өз ордуна келет». Ачууң келсе, колуңду ачып-жуумп 100 гө чейин санагын, андан кийин гана айта турганыңды айт», – деп үйрөткөн балдарын биздин ата-бабаларыбыз. Демек атадан калган мындай мурасты, колдоно албай калсак бизге уят!

www.bizdin.kg

# АМАЛКӨЙ ВАЗИР

*(Жомок)*

Бир падышанын өтө сулуу, келишкен аты бар эле. Ал атын күндө бир маал келип карап кетчү экен. Күндөрдүн биринде ал ат кеселдеп калат. Канчалык аракет кылса да эч айла болбой, ат өлүп калат. Падыша катуу жиндеп, ат багарын алдырып келип башын алып салууга кылычын кынынан сууруйт. Падышанын жинин билген вазири ортого түшүп:

– Падышам сабыр кылыңыз, бул жагымсыз атбагардын кылган жамандыгы кандай натыйжаларды бергендигин өзүнө бирден-бирден айталы, ал ошого моюн сунгандан кийин өлтүрсөңүз болот, –дейт. Анан, ат багарга бурулуп, ачууланган түр көрсөтүп:

– Эй, жарамсыз ат багар, кылган жамандыгыңды, келтирген жаман натыйжаларыңды билесиңби? Билбесең мен бир-бирден айтып берейин. Сен күнөөңдү мойнуңа алсаң, мүмкүн падышабыздын ачуусу тарап, башыңды азат кылып да коюшу мүмкүн, андай болсо угуп тур – дейт да, биринчиден – билебиз сени, падышабыздын атын жакшылап бактың, анын өлүшүн эмес, кесел болушун да каалабадың, бирок бечара ат өлүп калды. Бардык балээнин алдын алып, аттын өмүрүн узартууга кантип күчүң жетпеди. Мына ушуга айыптуусуң, туурабы?

Экинчиден – билебиз сени, атты сен өлтүрбөдүң, өмүрү түгөнүп өзү каза болду. Бирок, падышабыз сенден күмөн санап, ушунчалык ачууланды дейсиң, колуна кылыч алып сени өлтүрмөкчү болду. Бул иши үчүн элге күлкү болоруна аз эле калды. Бул үчүн да сен айыптуусуң, айыбыңды мойнуңа ал!

Үчүнчүдөн – падышабыз бир ат үчүн сени өлтүрсө эле, эл-журт «Балан падыша бир айбан үчүн ат багарын өлтүргөн. Инсанды айбандан артык санаган. Адамдын кадыр-баркын жерге урган» – деп падышабызга наалат айтышып, жек көрүп калышат эле. Ошону менен биздин улуу урматтуу падышабыздын касиетине доо кетет эле. Буга да себепкер сен болмоксуң. Болгон күнөөңдү мойну-

www.bizdin.kg

ңа алгын, падышабыздан ошо кетирген жана себепчи боло турган күнөөң үчүн кечирим сурагын! Андан кийин падышабыз кандай чечимге келсе өзү билет. Менин сөздөрүмдү угуп жатасыңбы, оо, жарамсыз ат багар – деди вазир. Падыша, амалкөй вазири кыйытып айтып жаткан сөзүнө түшүнүп, ачуугa жеңдирип жибере жаздаганын мойнуна алып, ат багарга кечирим берди да анын өз кызматын өтөй беришине макул болот. Ушундай кылып акылдуу вазир, амал менен падышанын жүйөсүз аракетин тизгиндеп, аны ачуудан алаксыткан экен.

«Инсандын атагы кечирим кылуу жана жакшылык жасоо санаты менен көркүнө чыгат».

### Суроолор:

1. Ачуунун адамга тийгизген пайда-зыяны жөнүндө эмне түшүндүң? «Сабырдын түбү сары алтын» дегенди чечмеле.
2. Акыл сапаттары жөнүндөгү сенин оюң?
3. Текстте «ачуу душман, акыл дос» болгон жери кайсы?

### Үй тапшырма:

Сен эки баланын чатагына күбө болуп, аларды жараштырууга кылган далалатыңды жазып кел.

## КОШУМЧА ОКУУ ҮЧҮН

### Түркөйлүк

Бир шаарда өтө билимдүү, акылдуу казы болгон экен. Казы өлүп, аны урматтаган шаардын эли анын уулун, атасынын ордуна «казы» кылып дайындашат. Бирок ал өтө наадан адам эле. Анын ачуулуу экендигин, билимсиз экендигинен уялган тууган-туушкандары, илим үйрөтүү, ыймандуу – тарбиялуу кылыш үчүн бир мугалимди дайындашат. Ал казынын акылсыздыгын ушундан билгиле, мугалим айткан акылды албай аны теңирден тескери жакка багыттоочу. Күндөрдүн биринде тил сабагын үйрөтүп жатып сүйлөм куруудан мисал келтирип:

– Уулум мына ушул «Акмат Макмутту урду» деген сүйлөмдүн ээси менен баяндоочун тапканга үйрөнөбүз – дейт.

www.bizdin.kg

Жаалдуу казы ачууланып:

– Катыгүн, Акмат Макмутту эмне үчүн урган? Эмнеге эч ким айткан жок, бечара Макмут таяк жеген бойдон эле кете бериптирби? – дейт.

Мугалим анын ачуулангапына күлүп:

– Маселе сен ойлогондой эмес, бул жерде урган дагы, урдурган дагы киши жок. Бар болгону ушул сүйлөмдүн ээси кайсы, баяндоочу кайсы, ошону эле ажыратып тааныганга үйрөнөбүз, – дейт. Ага да түшүнбөгөн тиги түркөй:

– Мен азыр Акматты таптырып келип, жаза бердиремин. Өзүңүз «Акмат Макмутту урду» деп күбөлүк бересиз да эмне үчүн ал сөзүңүздөн кайра кайтасыз – деп баштайт. Мугалим ага аябай таңгалып:

– Сен жакшылап түшүнчү «урду» деген сөз акыйкат эмес, – дейт.

– Эмнеге акыйкат эмес? Сиз Акматтан пара алган окшойсуз.

Анын тарабына өткөнүңүздө бир мандем бар. Мен буга көнбөймүн. Мен казы болуп турганда мындай зулумдукка жол бербеймин. Пара алгандыгыңыз үчүн сизге да жаза беремин – деп мугалимди камакка алдырат. Акматты тез арада издеп табууну буюрат.

Бул окуяны уккан-көргөндүн баары казынын акмактыгына, билимсиздигине ынанышып, жерге түкүрүшөт.

Казынын тууган-туушкандары ортого түшүп жатып, мугалимди камактан бошотушат. Казыга ал окуяны түшүндүрүү чоң машакаттуу, азап-тозоктуу болгонун элестете бер урматтуу окурман.

Чечен Кошипий деген адам мындай дептир:

– Жакшы кылык, жайдары мамиле өзүнчө бир жол. Ал жол менен баспай туруп ызаат-абийирдин турган жерине жете албайсың жана да жолго кадам койбой туруп өзүңдү айбанат чөлүнөн инсаният мекенине алып чыгууга болбойт.

*«Ой гүлдөрү»*

### Сөздүк:

**Казы** – мыйзам ээси, азыркы сот.

www.bizdin.kg

## АРСТАН МЕНЕН АЮУНУН ЧАТАГЫ

(*Тамсил*)



Илгери-илгери аюу менен арстан жолдош болуп чогуу жүрүшкөн экен. Ошондой күндөрдүн биринде экөө бир баштыкка салынган эт таап алышат. Ачка болуп келе жаткан эки шер этти талашып кармаша кетишет. Бул экөөнүн кармашканынан пайдаланып түлкү акең баштыкты билгизбей алып, жолго түшөт. Экөө эс алып карашса эле эт жок. Ошондо кой ынтымак болбосо болбойт экен деп өкүнүп калышкан экен.

### 22-сабак

## ИЧИ ТАРДЫК, КӨРӨ АЛБАСТЫК, КАРА НИЕТТИК

**Маани бер:**

«Сокур ишеним – өтө шекчилдиктей эле зыяндуу.
Бир эле гүлдөн жылан – уу, аары бал алат».

*Кытай эл учкул ойлорунан*

«Залим (ичи тар, кара ниет, көрө албаган адам) адегенде башканын ашын жейт».

«Акылдуу жамандыктан безет, акмак аны кубалап жетет».

«Заардуу адамдар аз жашайт»
«Өзүн кармай билүү улуу эрдик».

*Грузин элинин учкул ойлорунан*

«Жүрөктөгүндү, жүзүндөн жашыра албайсың»
«Ачуусу тез келген, алдырып коёт».

*Кытай элинин учкул ойлорунан*

www.bizdin.kg

Ичи тар, көрө албастык адамда кара ниеттикти пайда кылат. Кара ниет адамдар таш боор, канкор адамдарга айланары анык. Деги эле адам баласына бул сапаттардын тиешеси жок болсо да, кээ бир адамдар ушундай жорук-жосундарды өздөрүнө «киргизип» алгандан кийин аны кайра чыгаруу өтө кыйынчылыкка турарын түшүнүү керек.

Улукман Акимден сурап калышат:

Даанышман сөздөрүңүз, адеп-ахлах ширелген үгүт-насааттарыңыз менен көптөгөн адамдарды жакшы жолго салдыңыз. Насааттарыңыз таасир этпей, жаман пейил, мүнөзүн таштай албаган адамдар барбы – деп.

Улукман Аким:

– Бар, ал абдан ичи тар, кара ниет жана чабдес адам. Аны ушул жаман адатынан жаман кулк-мүнөзүнөн айырууга канчалык аракет кылсам да пайдасыз болуп чыкты. Аны түзөтүүдөн өзүм алсырап бүттүм – деген экен.

Икая. Байыркы заманда Багдад шаарында зыкымдык менен ичи тардык илдетине чалдыккан бир байдын калайыкка кадырман, алымдуу, абройлуу, адептүү бир кошунасы бар экен. Кызганчаак, ичи тар бай буга чыдай албай, күйүп-бышып, кошунасынын абийирин төгүп, жаман аттуу кылууга жандалбас кылуучу экен. Ою оңунан чыкпаганына ызасы кайнайт.

Кул сатылган заман экен. Бир кул сатып алат, ал:

– Мен сени сатып алдым. Максатымды билесиңби? Максатымды орундатсаң, башыңды азат кылам, алтын да берем, батыраак байып, өмүр сүрөсүң.

– Максатыңды орундатам, – дейт кул.

– Кеп мындай, – дейт ичи тар бай, – кошунамдын калкка кадырмандыгын, ызаатка тунган урмат-сыйын көрө албаймын, бүткүл денем кызганыч отунда жанып турат. Анын аброюн кетирүүгө канча аракет кылсам да оюм оңунан чыкпады. Акыркы арга калды: түн киргенде, экөөбүз кошунанын тамынын үстүнө чыгалы. Ал жерден мени өлтүргүн да, эртеси менин өлүгүм анын тамынын үстүнөн табылган соң, кошунамды киши өлтүр-

www.bizdin.kg

гүч деп түрмөгө камашат. Эл аны жек көрүп калат. Ошентип мен андан өч алам. Мына, сага кулдуктан азат кылган кагаз, алтындарды да алгын...

Кул: – Бул эмне укмуш! Өлгөнүңүздөн кийин кошунаңыздын кадыры түшкөнүнүн, түшпөгөнүнүн сизге кандай пайда, зыяны бар? Акылдуу адам мындай акмакчылыкка барбайт, – дейт.

Анын айтканын бай угуп койбойт. Кул аны өлтүрүп, башка шаарга жөнөп кетет. Эртеси ызы-чуу. Шаар башчысы жетип келип, кошунаны зынданга салдырат. Кошунанын айыбы аныкталбай, жаза кечиктирилип, териштирүү жүрөт. Байдын башка бир кошунасы зарыл иши менен кул турган шаарга барып калат, капыстан кулга жолугат. Кул менен ал-ахыбал сурашып, байды кошунанын тамынын үстүндө бирөө өлтүрүп кеткенин айтат. Кул күлүп:

– Бул иште ал кошунанын айыбы жок. Ичи тар кызганчаак байды өз ыраазылыгы, суроо, кыстоосу менен мен өлтүргөм, – дейт, болгон окуяны болгондой баяндап.

Ал кулдун сөзүнө бир нече адамды күбөлөндүрүп, ал түз эле шаар башчысына барып, окуяны толук баян кылат, күбөлөрүн көрсөтөт. Шаар башчысы дыкат текшергенден кийин, кошунаны айыпсыз деп таап, азат кылат. Ошентип, ичи тар бай кызганыч курманы болуп калат.

## ИЧИ ТАРДЫКТЫН АЗАБЫ

Үч бир тууган болуп, алар жакыр жашагандыктан ар кимге жалданып иштегенге мажбур болушчу. Бир күнү атасынан калган жаман тамды бузуп ордуна жакшыраак там тургузбайлыбы – деп акылдашып, баягы тамды бузуп, чымдарын талкалап киришет. Алы-күчтөрү толуп турган эмелер, заматта эле жаман тамдын изин да калтырбай тегиздеп жиберишет. Арасынан бир чым эле жарылбайт. Үчөөлөп жатып эптеп жарышса, ичинен темир түтүк чыгат. Темир түтүктүн оозу бекем байланып бекитилген экéн. Атасы өлөрдө: Ынтымактуу болуп, тамды такыр талкалап туруп, анан ордуна жаңы там салгыла,

www.bizdin.kg

талкалап жатканда эмне таап алсаңар да үчөөңөргө тең тийсин. Анан үч жакты каратып үй салгыла – деп керээз айткан эле. Баягы түтүктүн оозун ачышса ичи толо алтын болуп чыгат. Алтынды бөлүштүрүүдөн мурун, тамактанып, бир азыраак дем алмакчы болушат. Алардын кичүүсү тамак алып келүү үчүн базарга жөнөйт. Тамак күтүп отурган агалардын ниети бузулат

Улуу агасы, ортончусуна мындай дейт:

– Кенжебизди алтынга ортоктош кылып эмне кылабыз. Аны өлтүрүп алтынды өзүбүз эле бөлүп албайлыбы. Ортончу бир тууганы дагы ошону ойлонуп тургандыктан макул болуп, аны өлтүрүүнүн планын иштеп чыгышат. Кенжеси тамакты алып келери менен аны басып жыгышып, муунтуп өлтүрүшөт. Тамак алганга кеткен инисинин да ниети бузулуп, тамакка уу кошуп алып келген эле. Кенже инисин өлтүрүп көңүлдөрү жай болгон экөө отуруп тамакты аябай ырахат менен иче баштаашты. Көп убакыт өткөн жок, экөө эки жакка сулап, жан беришти. Ошентип ач көздүк бир туугандарды тындым кылды.

**Суроолор:**

1. Ата, балдарынан эмнени күттү жана эмнени каалады?
2. Уулдарынын тапкан пайдасын көрсөт, айт.
3. Үч уулдун бири-бирине жасаган мамилеси тууралуу сенин оюң кандай?
4. Ач көздүк, ичи тардык, көрө албастык жөнүндө сөз болдубу?
5. Сен автор болсоң окуяны кантип бүтүрөт элең?
6. Сенин жыйынтыгың?

**Үйгө тапшырма:**

Темага карата эссе жазып кел.

## КОШУМЧА ОКУУ ҮЧҮН

## Атанын керээзи

Ата катуу ооруп, төшөккө жатып калды. Өөдө боло албастыгына көзү жеткенден кийин үч уулун чакыртып керээ-

www.bizdin.kg

зин айтат: Уулдарым, менин көрөр күнүм, ичээр суум түгөнүп бара жатат. Менин силерге калтыраар, эшиктеги эшектен башка эч нерсем жок. Колдо баарын сарптап, үчөөңдү тең үйлөнттүм, жайланттым. Эми ошол эшек үчөөңөрдүкү болсун. Кезектешип мингиле да, суу, жемин да кезектешип бергиле бул менин керээз сөзүм деди, – да көзүн жумду.

Уулдары атасын көмгөндөн кийин, баягы эшекти улуусу алып кетип, керээли кечке тындырбай иштетти, бирок, тарып жем-чөп, суу берген жок «жаман» оюнда эртеси ансыз деле иним алат, ал жем берет, мен кичине пайда табам – деп ойлойт. Эртеси күнү экинчи уулу алып, ал да ошону кылат. Үчүнчү күнү кичүүсү алып, ал да ошондой кылат. Кечинде жедеп ачкалыктан эшектин буттары бүгүлүп кулап жыгылат да тура албай жатып өлүп калат.

**Суроо:**

1. Үч бир туугандын эшекке жасаган мамилесине сенин оюң кандай?

## АЧ КАРЫШКЫР

*(Тамсил)*



Илгери-илгери бир карышкыр жашаптыр. Анын курсагы тарып тойчу эмес экен. Күндөрдүн бир күнүндө бир козуга жолугуп, – козу, козу мен сени жейм дейт. Анда козу – мени жегенде жумуруңа жук болбойм, андан көрө тетиги кырда кулундуу бээ оттоп жүрөт ошону же дейт. Карышкыр макул болуп кырга чыкса эле кулундуу бээ оттоп жүрүптүр.

Карышкыр: – Эй мен сени жейм дейт. Бээ болсо керилип туруп бир тепкенде карышкыр каңк этип барып бир далайга эс учунан ажырап жатып калган экен.

www.bizdin.kg

## 23 - сабак

# ЫСЫРАПКЕРЧИЛИК, ЖАЛКООЛУК

**Маани бер:**

«Жалкоо адамдын акылы сокур».

*А Вардан*

«Иштебеген адам бакыттын ыракатын эч качан толук татпайт.

Бекерпоздун жүзүнөн ар дайым нааразылык менен алсыздыктын изин табасыз».

*Г. Гейне*

«Жалкоолук жамандыктын ана башы».
Эмгек – ачарчылыктын атасы
Тамак сиңирүүнүн чоң атасы
Ден соолуктун түпкү атасы.
«Ысырапкерчилик жалкоолуктан өткөн кесеп».

Жалкоолук деген жаман жорук экендигин билип туруп эле эмнегедир жумуш жасоого, китеп окуугa сабак окууда жалкоолук кылабыз, эмне үчүн деп өзүңө суроо коюп, ага жооп тапканга аракет кылып көрчү?

Жалкоолук адамдын акыл-эсин да жалкоо кылып, ойлонууга мүмкүнчүлүк бербеси айдан ачык

Ал эми, ысырапкерчилик деген сөздүн мааниси болсо, өзү иштеп акча таппай калганы аз келгенсип, башка бир адамдын акчасын же буюмун оңго-солго жумшап жүргөндү, же иштеп акча тапса да аны орду менен керегине жумшай албаганды айтабыз. Бул негизинен эмгектин баркын билбегендиктен келип чыгат. Жалкоолук ысырапкерчиликке, орду жоктукка алып келет. Адам баласынын өзүнүн таман акы, мандай тери менен тапкан акча жана буюму барктуу болоору чындык. Ысырап ырысты кыркат, жакырлыкка алып барат. Колунда болгонду бардарсып, ыгы жок ысырап кылган марттык эмес. Байкап урунбаса, бар нерсе чачылат, жок болот. Ар нерсени эсеби менен, алды-артын ойлоп иштөө керек.

www.bizdin.kg

Барды жок кылуу – арзан, жоктон бар кылуу – кымбат. «Дүнүйө бир тыйындан куралат», «Акча тапсаң, эсебин тап», «Табылганыңды чабылгандай коротпо», – деген сөздөр сарамжалдуу, бүйрө болууга чакырат.

Бар экен деп барбактап, дардактап, ата-эненин кашыктап жыйганын чөмүчтөп чачкан уулдун турмушу уланып кетпейт, жону жукарып жоксуз болот. Киши колун карап кылган соң, кийин өкүнгөндөн пайда жок. «Өз колунда болбосо, «өлдүм» десең, ким берет».

## ЖАЛКООЛУК – ЖАМАН ЖОРУКПУ?

### 1-тыным

Асан төрөлгөндө, ата-энеси аябай сүйүнүп, чоң той беришти. Келген адамдардын бардыгы «өмүрлүү болсун деп бата беришти.

Эмнегедир: Уулуң ыймандуу болсун, же «ак эмгегинин баар тапкан эр азамат болсун» – деп эч ким айткан жок. Мүмкүн бул сөздөрдү элибиз унутуп баратабы деп да ойго кетесиң. Асан чоңоюп эле калды, бирок эркеликтен тил албас болуп өстү. Ата-энеси, муну көп деле көңүлдөрүнө алган жок. Анын «кичинелигине» «эркелигине» шылтап коюшту. (*1-тынымдын аягы.*)

**Суроо:**

1. Мындан ары окуя кантип уланат деп ойлойсуңар?

### 2-тыным

Асан окуганда деле кыйратып жиберген жок. Анын энеси мектепке келип, мугалимине анын жалгыз баласы экендигин эскертип, эптеп эле «3» коюп коюуларын суранып кетчү. Асан болсо сабактын ортосунда чуркап барып ата-энеси берген акчага сөзсүз бир нерсе сатып алып жеп турар эле. Балдар да көнүп алышкан, Асан келгенден баштап, мектептен кеткенге чейин, опурап-топурап анын жанында «берчилеп» жүрүштү. Асанды бул

www.bizdin.kg

тажаттыбы же окугусу келбедиби, айтор, бир күн сабакка келсе, эки күн келбей баштады. Ата-энеси күндө колуна акча берип, мектепке узатып жүрүштү. Асан болсо мектепке барбай, компьютерге кирип, базарга барып, ойноп жүрүп, түштө үйүнө барчу. Ал гана түгүл мектептин фондусуна деп берип жиберген акчаны да өз пайдасына жумшап коюп жүрдү. Ата-энеси муну билчү эмес. Ал эми мугалим болсо анын эне-атасынан көрүп жүрдү. (*2-тынымдын аягы.*)

**Суроо:**

1. Мындан ары окуя кантип уланат деп ойлойсуңар?

### 3-тыным

Асан чоңоюп, мектепти аяктады. Ата-энеси аны жогорку окуу жайына өткөрүштү. Окууну да «уруш-талаш» менен эптеп бүттү. Атасы дагы дале «сүйлөшүп» бир мекемеге жумушка орноштурду. Асан бир жерде тынч алып отуруп иштей алган жок. Ата-энесинин да тааныштары түгөндү. Асан жумушу жок үйгө отуруп калды. Аны үйлөндүрүштү. (*3-тынымдын аягы.*)

**Суроолор:**

1. Ысырапкерчилик жөнүндө сөз болдубу?
2. Ал эмне экен?
3. Жалкоонун шылтоосу көп дегенге кошуласыңбы?
4. Жалкоолукту кантип четтете алабыз.

**Үйгө тапшырма:**

Жалкоолуктун жаман жактары тууралуу билгендеринди жазып кел.

www.bizdin.kg



## Өнөрлүү өлбөйт

Менин чоң энем, ар күн сайын, адамдар сөзсүз пайдалуу иш жасоо керек деп айта берер эле. Мейли, окуп жатсам да, жазып жатсам да, жада калса тамак ичип жатсам да – «Ар бир киши жыгачтан болобу, темирден болобу же топуракташтан болобу же жиптен болобу сөзсүз, өз колу менен адамзатка пайдалуу бир иш жасоосу керек. Дүйнөдө адамдын ак эмгеги менен бир чеберчиликти үйрөнүп, артында калгандарга өрнөк болгудай бир нерсе калтыруудан өткөн нерсе жок. Сенден эмне калат? Кандай өнөрүң бар кана айтчы? Сенин колуңдан бир кичине үстөл жасоо келеби? Жазганыңды колко кылба, керээли-кечке жазганыңдан да үйдүн ичин толтурган тамекинин түтүнү өттү менин жаныма. Андан көрө эшикке чыгып, көзгө көрүнө турган бир нерсе жасасаң боло. Ошол жасаган эмгегиң гана сен жөнүндө эскертет балам дей берер эле. Менин болсо, чындыгында ойлоп көрсөм жазгандан башка эч нерсе колумдан келбейт экен. Ата-энемдин жалгыз баласы болгондугумдан алар менин көзүмдү карап колумду эч нерсеге тийгизбей чоңойтушту. Ушундан улам мен өзүм деле тигини-муну кыла коёюн дечү эмесмин. Мен бойго жеткенде экөө тең кырсыктап каза болушту. Чоң энем мени менен иши болбой катуу азап чекти. Атам да анын жалгыз баласы болгондуктан катуу күйдү. Ордунан турбай калды. Аздап боюн көтөрүп, мен үчүн кайраттанды окшойт, оңоло баштады. Айыл-ападагы келин-кыздар жардам берип турушту. Мен болсо, өз үйүм болсо да, тиги адамдар келип каралашып жатканда эч жерге «батпай» калчумун. Муну да байкаган чоң энем: «Батымың да жок, эбиң да жок, кандай адам болоор экенсиң? Көрдүңбү, колуңдан эч нерсе келбесе эч жерге батпайсың. Балам өнөр үйрөн, ыраматылык энең менен атаңа «Баланын өзү эле бала, бир нерсе жасатып көндүргүлө» десем, убагы келгенде өзү эле жасап алат» дешчү эле. Кана эми жасаганың, качан убагың келет деги. Элден да уялып бүтмөй болдум, тигини чакырып отун жардырам, муну чакырып мык кактырам деп наалып калаар эле.

Ошентип жүрүп үйлөндүм, балалуу болдум, чоң апамды жерге бердим. Байкап турсам колунан эч нерсе келбеген адамдын балдары да ошондой болот экен. Менин да балдарым

www.bizdin.kg

мага окшоп эч нерсе менен иштери жок. Бардык ишти, киши жалдап бүтүргөнгө өтүштү. Катуу намыстандым. Эски сарай жыгылайын эле деп турган. Аны буздуруп, ордуна жаңы сарай куралы деп сүйлөшүп жатканбыз. Дем алыш күнү болгондуктан эртең менен эрте турдум. Үй-бүлөмдү да эрте ойготтум. Баардыгы кыңкылдап-мыңкылдап жатып эптеп турушту.

– Сарайды, өзүбүз бузуп, өзүбүз салабыз – дедим.

Үй-бүлөмдүн оозу ачылды. Баарыбыз эртең мененки тамакты ичип алып эшикке чыктык. Кантип бузабыз, каягынан баштайбыз – деген ой тынчсыздандырса да, эч кимге сыр билгизбей ойлоно баштадым.

Чоң энемдин «эмнеден бүтсөң, ошондон баштасаң жаңылбайсың» деген сөзү кулагымда турду. Демек чатырынан баштоо керек. Кечке чейин тынбай иштеп сарайды бузуп, тактайларын, өз-өзүнчө жыйнап койдук. Балдарым да кечке кыңк дебей иштеди. Сарайды бузуп бүткөндөн кийин да, май-да-бараттары калган жокпу дегендей тегеренип жүрүштү. Эми, муну ушу бойдон таштаганым жарабайт дедим да эмгек отпускага чыгып, сарайды салып, бүткөрдүм.

Эч кимди да жардамга чакырган жокпуз, балдарым менен. Адамдын колунан келбеген эч нерсе жок экендигине көзүм жетти. Эми сарайдын эшик-каалгаларын жасаганга кириштик. Муну да бүткөрдүк. «Аттиң-ай, чоң энем тирүү болсо эмне, менин жана менин балдарымдын жасаган ишин көрүп сүйүнүп калбайт беле» – дейм оюмда.

### Суроолор:

1. Жалкоолуктун зыянын тап?
2. Кандай адамды жалкоо, ысырапкер деп айтабыз?
3. Үнөмчүл, эмгекчил адамды тексттен жолуктурдукпу?

### Сөздүк:

Сопу – уяттуу, кадырлуу адам.

www.bizdin.kg

## 24-сабак

# ОРОЙ, ОДОНОЛУК, ЫКСЫЗ КҮЛКҮ – АДЕПСИЗДИК

**Маани бер:**

– Акылдуу, ары адил мүнөз адамга жакындоого умтулуп, калп сүйлөгөн, акылдуусунган адамдан сак болгун.

–Колунда жок адамды аяй билгин, орой жана дайыны жок күлгөн адамдан оолак качкын.

– Адам канчалык акылдуу болгон сайын, бөтөндөрдүн жакшылыгын биле баштайт.

*В. Паскаль*

«Өмүр күзгү сыяктуу – ар бир инсан андан өз жүзүн көрө алат. Эгерде үтүрөйүп тиктесең өмүр да каар менен карайт. Ага сен дайыма жылмаю менен карагын, ошондо гана өмүр сага достук менен кол созот».

*Сократ*

Ороилук – бул тарбиясыздыкты билгизет. Ороилук, одонолук – адамдын өзүнө көп зыян алып келет. Сен оройлонсоң сен жөнүндө жаман ой калат. Сага да орой мамиле кылат. Мамилең бузулат. Оройлукту өзүнө өнөр кылып аласың, андан кутулуу оңой эмес.

Орой адам – коркок адам. Орой адам – оркоюп, одоно болуп бөлүнүп калат жана башка көп зыян табарын ар бир адам ойлонуш керек. Ал эми орой адам өз атасына оройлонбойт деп ким айта алат?

Сабырдуулук, токтоолук, адамгерчиликтүү мамиле адамды бакыт, даңкка жеткирет. Обу жок күлүүнүн өзү – адамдын өзүн шылдыңга калтыраарын түшүн.

Тарбиясы жок адамдын күчү оройлукка чыгат. Сыпайы адамдарды оройлук окуясы менен коркутканды өнөр көрөт. Эси жок орой эрдемсийт, менменсинет.

Өзгөчө балдардын кары адамга жасаган оройлугу ойдон кеткис жорук болот. Сакалдуу адамдын бала жөнүндөгү ою жаман абалда калып: «кандай эне-атанын шоруна бүткөн бала болду экен» – деп кабатырланат.

www.bizdin.kg

«О, жараткан, орой он бала бергиче, ондуу бир бала бер», – деп тилек кылган экен даанышман.

Орой бала өзүнө эле эмес, ата-энесине да тил тийгизип, шек келтирет. Ошондуктан орой балдар өзүн-өзү оңдоп, оройлуктан кутулбаса, келечегинде оңдуу адам болбойт.

Бирөөнүн кемчилигине күлүү – наадандык. «Күлгөнгө күлө жетет», өз башына келгенде өкүнөт. Соо болсоң сокурга күлбө, чачтуу болсоң тазга күлбө, аягың таза болсо аксакка күлбө. Ооз кесир кылса, ошонун кейпин кийип калуу оной эле. «Бутунан жыгылган турат, оозунан жыгылган турбайт», – деген кеп бар. Адептүү андай ишке барбайт.

Балдар, оройлук, орунсуз күлкү – адепсиздик, ыймансыздыктын белгиси. Силер андай алгылыксыз жоруk-жосундан оолак болгула!

## Жакшы уул – көктөгү жылдыз

(текст тыным менен окулат)

### 1-тыным

Улук кичинекей кезинен эле тың бала болуп өстү. Дээринде барбы же гениnde барбы, айтор спорттун кайсы түрү болбосун «жата калып» үйрөнгөнгө маш болду. А дегенде кошунасынын баласы менен күрөшкө катыша баштаганда, ал биринчи класска кире элек болчу. Тренери бул баладан «бир нерсе» чыгаарына көзү жетип жакшылап киришкенде Улук боксту тандап кетти. Бокс менен эки жылдан ашык машыгып жүрдү. Анын өжөрлүгү, тайманбастыгы, шамдагайлыгы, машыктыруучуну кубандырчу! Ал гана түгүл, машыктыруучусу үйгө келип, Улуктун эне-атасы менен таанышып, анын мүмкүнчүлүгү бар, келечеги кең спортсмен болоорун айтып, ата-энесин сүйүнтүп кеткен эле.

Майда-барат мелдештерге катыштырып жүрдү. Бардык мелдештин жеңүүчүсү болду.

Бир күнү, дагы ошондой мелдештин биринде кикбоксингдин тренери «Сенин мүмкүнчүлүгүң жогору экен,

www.bizdin.kg

жалгыз бокс менен гана чектелбей, жүрү, сага кикбоксингди да үйрөтөйүн, макулсуңбу?» – деди.

Улукка болсо баары бир эле, анткени ал кичинекей эле да. (*1-тынымдын аягы.*)

**Суроо:**

1. Окуя мындан ары кантип өнүгөт?

## 2-тыным

– Улук ата-энесине келип, болгонду баяндады, энеси каршы болду:

– Жок, эч жакка барбайсын, боксун эле жетишет. «Кикбоксинг деген өтө катуу, чеги да жок спорт, кой айланайын, кулагыма угузба, анан дагы тиги бокстун тренери сен жөнүндө жакшы ойдо, үйгө чейин келип жүрөт, уят, ошонун эле ишенимин актасаң» – деп болбой койду. Атасы болсо:

– Өзүң бил балам – деди.

Улук бокстy улантып эле жүрдү. Дагы бир жолку мелдеште, баягы тренер Улукка атайын жолугуп, дагы чакырды, бул жолу визиткасын берди. Улук эмне кылаарын билбей, апасынан да коркуп, көпкө жүрдү.

Бир күнү сабактан кийин адрес боюнча таап барды. Ата-энесине эч нерсе айткан жок. Улук болгону 5-класстын окуучусу болчу. (*2-тынымдын аягы.*)

**Суроо:**

1. Окуя мындан ары кантип өнүгөт?

## 3-тыным

Улукту күтүп тургандай, тренер да астынан чыкты. Ошентип машыгуу башталды. Эгерде бокстун тренери үйгө издеп келбегенде ата-энеси деле билбей калышмак. Атасы уулу менен макул экенин жашырган жок. Ошо менен кикбоксинг менен машыга баштады.

Улук өзү токтоо бала. Сабакты да жакшы окуйт. Анын Темир, Алмаз деген достору бар. Алмаз кыялы чорт, урушчаак.

www.bizdin.kg

Темир андан калбайт. Улуктун жакшы мушташаарын билген алар башка класстын окуучуларына да «кыйын» болуп алышкан. Кези келе калса «сени минтип жатышат» деп Улукту кайрап же башка баланы Улукка кайрап коймойлору да бар. Бир күнү үйүнө кетип бара жатса 10-класстын бир окуучусу байкабай чалынып баратып түртүп кетти. Алмаз баткакка жыгылып түштү. Тура албай жатып тиги баланы «оозунан ак ит кирип, куу ит чыгып» сөгүп кирди. Тиги бала элден мурун тургузайын, кечирим сурайын деп кол сунган эле. Тигинин сөгүнгөнүн уккандан кийин чыдабай кетип Алмазды да сөгүп, тепкилеп туруп кетип калды. Алмаз өңгүрөп ыйлаган бойдон Улуктукуна жөнөдү. (*3-тынымдын аягы.*)

**Суроолор:**

1. Ушул тексттен силер темага жооп берген жерин көрө алдыңарбы?
2. Алмаздын жүрүш-турушун сен дагы кантип түшүндүрөт элең? Темирдин кыял жоругу жөнүндө сенин оюң?
3. Улуктун оң жана терс сапаттары барбы, кандай ойлойсуң?
4. Оройлуктун адамга тийгизген таасири?
5. «Кишинин жаманы кирип чыккыча» – деген макалга жооп берген жери барбы? Жосунсуз жорук кайсы?

## 25 - с а б а к

## КАЛП АЙТУУ, ЖАЛАА ЖАБУУ, АЛДАМЧЫЛЫК

**Маани бер:**

«Буту жаман үйдү булгайт, тили жаман элди булгайт».
«Калптын казаны кайнаса да, оту жайнабайт».
«Калп – ырыс кыркат».

«Жаман кабарды укпаган – дары, уккан – дарт. Ойдун оорусу кыйраткыч келип, ал дененин оорусуна караганда көп кездешет».

*Цицерон*

«Укпайт деп ушак айтпа, көрбөйт деп ууру кылба» дегендей калп качан болбосун билинип калат. Калптын,

www.bizdin.kg

башка бир адамга жалаа жабуунун убагында пайдасы тийгени менен, анын арты дайыма өкүнүч жана уят болорун эсиңе сакта. Калп адамдын абийирин ачат, аброюн кетирет, жаманатты кылат, жүзүнө көө жабат. Калпычы адамга эч ким ишенбей калат. Ишенимден кеткен адам ийгиликке да жетпейт.

Калпычы адамдан кайрым күтүүнүн кажети жок. Жасаарын жасап коюп, жалган сүйлөп каргангандан пайда жок. Калпты көп айткан адамдын чын сөзү да текке кетет. Калпычы убадага турбайт, улам бир жалган шылтоону таба берет. Аларга мащ, берерге жок.

Калп айтып, жалаа жаап, алдамчылык кылгандан көрө андан тапкан пайда менен зыянды, акыл таразасына салып көрсөң туура болот ко дейм . Мен силерди чындык үчүн күрөшкөн ак ниет, адамгерчиликтүү адам болот деп ишенем! Ата-энеңердин да үмүтү зор!

## Калптын баасы

Адилет 6-класстын окуучусу. Ал сабагынан дайыма «4» жана «5» деген бааларды алып, мугалимдерин да, ата-энесин да кубандырып турчу. Өзүнүн тыкандык, тазалык жайы да бар. Классташ курбуларына сабактан жетишкенче жардамын аябайт, дилгир.

Эртең менен апасынан «китепке төлөйм» деп 100 сом сурап алып, мектептин короосунанбы же мектептин ичиненби айтор, жоготуп алды. Тыякка чуркап, быякка чуркап издеп көрдү, таппады. Чөнтөктөрүн да, сумкасын да кайра-кайра аңтарып таппады. Классташтарынан сурап көрдү, эшик тоскон дежурныйлардан да сурады, эч кимиси «таап алдым» деп айтпады. Класс жетекчиси келип, китепке деген акчаны сураганда: – Мен 200 сом алып келгем, бирок мен аны уурдатып жибердим – деди.

Окуучулар уу-дуу боло түштү. Адилет өзү да бир кызык абалда калды. «Болоору болду, эми ушул сөзүмдө турушум керек» – деди оюнда. Ким алды болуп, классташтары бири-бирин тинтип, сумкаларын аңтарып чыгышты. Эч кимде жок. Окуянын чатакка айланып бара

www.bizdin.kg

жатканын көргөн классташы Ыйман: – Адилет, сен акчамды жоготуп алдым деп жүрдүң эле го, мүмкүн өзүң түшүрүп алгандырсың – деди. Бул сөздү укканда классташтары да жандана түшүштү: – Ооба, ооба, мүмкүн өзүң түшүрүп салгандырсың – деп калышты.

– Жок, мен өзүм эмес, уурдатып жибердим деди. Класс жетекчи: – Бул окуяны мектеп жетекчисине билдирүү керек – деди. Адилет да, калган окуучулар да унчугушкан жок. Адилеттин башынан ылдый бирөө муздак суу куюп жибергендей болду. Мектептин жетекчиси бул окуяны укканда кийин тездик менен чара көрүүнү чечти. Окуучулар үчүн 10 минуталык танаписте окуучуларды да, мугалимдерди да мектептин короосуна чогултуп, болгон жагдайды түшүндүрдү.

– Мектеп ичинде мындай кылмыштуулукка жол берилбейт. Ким уурдаган окуучуну көргөн болсо, коркпой эле айтса болот. Ууру кылган окуучуга биздин мектепте орун жок – деп окуучуларга кайрылуу жасады. Бир окуучу алдыга чыгып: – Агай мен 100 сом таап алгам, бирок сиз айткан 200 сомду ким алганын билбейм – деди. Ким 100 сом жоготту деген мектеп жетекчисинин суроосу жоопсуз калды. Бул жерде окуучулардан эч ким 100 сом жоготпоптур, демек чогулушка келбеген окуучу болушу мүмкүн, класс жетекчилер, калган бардык окуучуларга жеткиргиле, ким 100 сом жоготсо мага келип, алып кетсин – деди мектеп жетекчиси.

Тигил акча таап алган баланы мектеп жетекчиси: Азаматсың, атанын уулу деген ушул, «жакшы» деген бир ат бар – кууса жеткис, жаман деген бир ат бар жууса кеткис – дейт. Сен бул чындыгың үчүн өзүңдүн кандай окуучу экениңди аныктадың. Бирөөнүн оокаты, күнүмдүк жыргал алып келиши мүмкүн, а түбөлүгүндө, сен андан да көп оокат же акча жоготооруң чындык. Чындыктын орду-жакшы, жалгандын орду-жаман. Жалганды жараткан да кечирбейт, жалганчы-жазасын албай койбойт. Чындыктын орду ушул сага алкыш жарыялайм – деди.

www.bizdin.kg

– Ал эми сенин 200 сомуң тууралуу дагы сүйлөшөбүз – деп Адилетке карады.

Ошентип звонок болуп бардыгы сабак орундарына киришти. Адилеттин өңү бозоруп чыкканын көргөн мугалим: – Адилет сага эмне болду, өңүң эмне мынча бозоруп чыкты, бир жериң ооруп калдыбы же ата-энеңден коркуп турасыңбы? Эгер корксоң мен сени менен кошо барып, түшүндүрөйүн – деди.

Адилет бир топко чейин солуктап ыйлады. Эмне болуп кеткенин түшүнбөгөн мугалим Адилетти басылта албай турду. Бир убакта Адилет башын көтөрүп ыйлаган бойдон: – Мени кечирип койгулачы, мен бир жолку айткан калптын ушунчалык жаман экенин билген эмесмин. Мен 100 эле сом жоготком. Аны да өзүм жоготуп алгам. Мугалимден коркконум үчүн 200 сомду уурдаттым деп айта салгам. Мени кечирип койгулачы. Мен эми эч качан калп айтпайм. Ата-энеме дагы мектептин жетекчисине дагы өзүм айтып, мойнума алам, – деди. Адилетти окуучулар да, мугалим да үнсүз-сөзсүз угуп турушту.

### Суроолор:

1. Бул текстте калп айтуу, жалаа жабуу, алдамчылык тууралуу сөз болдубу?

2. Адилеттин айласы эмне болот, сен автор болуп текстти улап көрчү? Сенин оюңча күнөө Адилетте элеби?

## АЧ КАРЫШКЫР

(*Тамсил*)



Илгери-илгери бир карышкыр болуптур. Ал ачка болуп келе жатып, аскада ойноп жаткан эчкини көрөт. Эмне кылаарын билбеген карышкыр эчкини алдай баштайт.

– Эчки, эчки ылдый түшпөйсүңбү, быяктын чөбү таттуу экен дейт. Анда эчки: – Ооба, сага аяктын чөбү таттуу эмес эле менин этим таттуу болуп жүрбөсүн, – деген экен.

 www.bizdin.kg

## Ким менен кандай мамиледе болуу усулу

«Энөөлүк, элебестик – элдешпес душмандарың».
«Этияттык – канжардан да күчтүү курал».
«Сырын ката билген пенде ар дайым эркин болот».

*Торгой-Чечен*

Уулум, адегенде душман арттырып албоого аракет кыл. Кокусунан бир киши душманың экенин билсең, каала ачык, каала жашыруун абалда анын сактануусунан, купуя аракетинен ар дайым кабардар болуп тургун, энөөлүк кылбагын. Ага сен өзүңдү ашкере коркок кылып көрсөтпө.

Уулум, душманыңды майда, күчсүз деп элебей койбогун. Айрыкча, өзүңө оолак жүргөн адамдын душмандыгына караганда, өз жанында көбүрөөк жакындашып жүргөн кишинин душмандыгынан корккун. Анткени, анын кылган арамдык ишин жат душман кыла албайт, ал сенин ал-абалыңды, сырыңды толук билет, жат душман эч нерсе билбейт да. Сабыр кылгын, душмандарыңды көбөйтпөгүн, чыныгы досторуңду көбөйтүүгө аракет кылгын. Уулум ачууң келген чакта өзүңдү тыйгын. Акырын, жумшак сүйлөгүн. Бирөөнүн жүзүнө ачык айта албаган сөзүңдү ал жок учурда айтып ушакчы атка конбогун. Эч качан эки жүздүү, ыпылас болбогун. Эки жүздүү адамдан ыраак болгун. Чагымчы адамдан этият болгун. Анткени чагымчынын бир саатта бузган ишин бир жылда дагы түзөтүп болбойт. Сен канчалык улук, кадырлуу болсоң дагы түзөтүп болбойт. Сен канчалык улук, кадырлуу болсоң дагы, өзүңдөн пасыраак адам менен урушпагын. Фисогурс (Пифагор) аким айткан экен: «Карандай балээлерден кутулууну кааласаң, ар дайым мына бул сегиз ишти өмүр бою көңүлүңө түйгүн:

1. Өзүңдөн улуу киши менен урушпагын.
2. Орой, ачуусу чукул адам менен тартышып отурбагын.

www.bizdin.kg

3. Ичи тар, коралбас, кызганчаак менен бир жыйында болбогун.

4. Наадан менен сөз талашпагын.

5. Сыналбаган адам менен дос болбогун.

6. Жалганчы менен мамиле түзбөгүн.

7. Бакыл менен маектешпегин.

8. Өз абийириңден кол жууп калууну каалабасаң, сырыңды бирөөгө айтпагын.

Уулум, эгерде бир адам сенин айыбыңды, кемчилигиңди бетке айтса, сен аны туура кабыл алып, өз кемчилигиңди тезинен жоюуга аракет кылгын.

Сага өз муктаждыгы тууралуу арызданып келген кишини эч убакта кемсинтпегин, ага кайра жардам берип, анын зарылдыгынан куткаргын. Өзүңдөн кичүүлөргө жакшы мамиле кылгын. Аларга мээрбан болгун. Дегеним, кичүүлөр сенин эгинзарың болуп саналат, өзүңө тийиштүү бардык иштериң алардын жардамы менен бүткөрүлөт. Эгерде ошол эгинзарыңды өзүң кыйратып алсаң, анда сенин жекече тиричилигиң зор кыйынчылык менен өтөт. Досуңа дагы, душманыңа дагы мээримдүү болгун. Көпчүлүктүн алкышына татыктуу болууну кааласаң, ырайым кылуу жолун дагы жакшы туткун.

*Ой гүлдөрү*

## Жакшылык

Индиянын Жихан деген шаарында Фани деген бир адам жашаптыр. Фанинин үч досу болуптур. Достукту бир казына сыяктуу баалагандыгы үчүн досторунун биринчисин абдан жакшы көрчү экен. Аны бир күн көрбөй калса сагынып, издеп таап, ал-акыбалын сурап, жанынан кеткиси келбей, досу үчүн колунан келген ар түрдүү жардамды көрсөтчү экен. Экинчисине деле жакын экен. Ал эми үчүнчү досуна анча көңүл бурчу эмес. Аны көргөндө учурашып, ал-акыбалын сурап коёт. Кээде көпкө чейин жолукпай калган учурлары да болот. Бирок эмнеге жоголду деп, издеп, сурачу да эмес экен.

Күндөрдүн биринде Фанини мурун өкмөт тарабынан ага берилген иштин жообун сураганы сот чакыртат. Сот

www.bizdin.kg

мандайында турган кишинин аң-сезимин оңой эле билип ала турган, акылдуу, сак киши экен. Намыстуу кишилер анын боорукерлигине кандай ишенишсе, намысы жоктор адилеттигинен ошончолук коркушчу.

Фани соттун мандайына жалгыз баруудан коркуп, досторунун биринчисине барып, жооп берип жатканда жанында туруп, керек болсо өзү жөнүндө бир ооз сөз айтып коюусун суранат. Досу кабагын бүркөп:

– Бул шаардын эли мени канчалык сыйлаганын, барктаганын өзүң билесиң? Бирок ал сотундун алдында менин кымындай да баркым жок. Ошондуктан сени менен бара албайм. Анын үстүнө мен башка бирөөнүн кечесине чакырылгам. Каалаганыңды орундата албаганым үчүн кечирип кой, – дейт.

Фани таң калган бойдон экинчи досуна кайрылат. Фани менен чогуу сотко барып, ал жөнүндө бир канча сөз айтып, жардам берүүсүн өтүнөт. Ошентип, экинчи досун эптеп-септеп атып макул кылат, бирок ал сот имаратынын оозуна барганда:

– Кагылайын досум. Мен сени абдан жакшы көрөм. Бирок бул эшик мага бир кызыктай көрүнүп жатат. Мен бул эшиктен ичкери кирүүдөн коркуп жатам, кире албайт да окшойм. Жалгыз жасаган жардамым, сага эшикти ачып берейин. Кел ачтым, ичкери кир! – дейт;

Фани ичкери жалгыз кирүүгө аргасыз болот. Анткени ошол чоң мамлекетте сот чакырганда, чакырылган киши тез аранын ичинде барып калышы бир мыйзам шарты болчу. Фани жер карап, коркконунан бүткөн бою титиреп, ичкери кирет. Сот ага берилген иштерди башынан аягына чейин изилдеп, сураштырып, салыштырат.

Фанинин айрым иштеринде кемчиликтер, каталар бар экени байкалат. Фани башына келе турган жазанын коркунучу менен маанайы түшүп, капалуу турса, үчүнчү досу соттун жанына барат. Фанини жазадан куткаруу үчүн ушунчалык сонун, ишеничтүү сөздөр айтыптыр дейсиң, аягында сот Фанинин бүт каталарын кечириптир. Ал түгүл, бир чоң сыйлык да бериптир.

# IV ЧЕЙРЕК.
# УЛУТТУК НАРК-НАСИЛ

www.bizdin.kg



## 26 - сабак
## ЖЕТИ АТА САНЖЫРАСЫН БИЛБЕГЕН – ЖЕТЕСИЗДИК

**Маани бер:**
«Балам бар деп мактанба, топто бирөө жок болсо,
Атам бар деп мактанба, атаң санда жок болсо».
«Атаң карыса кул кылба, энең карыса күң кылба».
«Тулпар сөөгүн ордобойт, акылдуу тегин кордобойт».

Айтып келип ар бир ата тукумун,
Андан ары уккуң келет кызыгын.
Аста-секин оюң менен ой болуп,
Аңдып турат тилге кирчү учурун.
Баш бактырып, айтып жолун эскинин,
Бал тили бар, сыры билги кескинин
А дегенде билгин ата-тегинди,
Барктай билип, зирек болуп өскүнүң.

Көчмөн заманда кимдин кайсы уруудан экендиги, ата-тек сүрүштүрүү өзүнчө өткөн заманга серп салып кайрылган оозеки тарых болот. Ата-бабанын басып өткөн

www.bizdin.kg

жолу, өткөндүн өрнөгү кийинки муун үчүн сабак, нуска катары эсептелген. Тек сүрүштүргөн. Өз атасынан аркыны билбегендерди шылдыңдап: «тегин билбеген – тексиз», «тегин билбеген – кул» катары баалашкан.

Атаңдан тартып жети атаңды, андан да аркы аталарыңдын ким болгонун, кандай заманда жашаганын билүү, алардын калтырган нускалары болсо, аларды мурас деп билип, үйрөнүп сактоо – чоң касиет, ыймандуулук. Өз аталарыңды аркы атаңдарды билбей калышың – маңкурттук.

Уруусун билген – урмат, билбеген – уят. Бирок урууну урууга каршы коюп, өз уруусуна тартып, өзгө урууну кемсинтүүгө болбойт. Арасынан кыл өтпөгөн кыргыздын ынтымагы, биримдиги – ар бир кыргыз баласынын сыймыгы, жеңилгис күчү.

Өткөн ата-бабаларыбызды билбесек, барктабасак, анда биздин кимдигибизди барктабагандык, билбегендигибиз.

Өткөндү билбөө – өкүнүч. Тентек болбой, тегиңди, жети атаңды билип алгын, атаң билбесе, билгендерден сурагандан уялбагын.

## ТАЙЛАК БААТЫР БАЯНЫ

Алыскы Ак-Талаа, Тогуз-Торо жерин жердеген саяк Тайматтан Жанболот, Жанболоттон Ырыскул бий.

Ырыскул бий да атасы Жанболотту тартып акылга терең, пейили кеңдиги менен эл арасына кеңири тарады. Ырыскулдан Тайлак баатыр менен Атантай. Тайлак баатырды эл журту чоң атасы Жанболотту тартып баатыр болду деп калышаар эле. Жанболот да убагында баатырдыгы менен эл кадырына ээ болуп бий аталган экен.



Мурунку заманда, элдер жоокер, эр жүрөк болушуп, биринин малын бири талап, элин чаап кызкелинин олжологонду каада-салтка айландырышып, андан өздөрү да жапа тартып турушкан.

www.bizdin.kg

Андан тышкары эки элдин эрлеринин күрөш, чабыш, ат чабууларын өткөрүп мелдеш уюштуруп, утулган тарап тогуздан мал берип кутулушчу экен. Жанболотту да ошондой мелдеш, оюндардан кур калтырбай чакырып турушкан. Жан- болот бий беттегенин бербеген көк жал карылуу, кадырлуу адам болгондугун тарыхтан билебиз.

Тайлактын да баатыр аталышы бекеринен эмес. Быягынан Кокон хандыгы, тыягынан Кытайлар тынымсыз кирип салык салып, салыгын төлөбөсө үйүн өрттөп, өзүн айдап кетип турган мезгилден, элин ошол баскынчылардан коргоп тургандыгы үчүн баатыр аталган.

Тайлак баатыр иниси Атантайды алып аң уулап кетсе, 700дөй кол менен кытайлыктар келип айылын чаап кетет. Аң уулаган Тайлакка айылдан киши чаптырышат. Тайлак баатыр колундагы 20дай жигити менен кытайдын колун капчыгайдан тороп, бир да кишисин тирүү кетирген эмес экен.

Кокон хандыгынын аскерин да Ак-Талаага түшкөн ашуунун түбү Бычак деген жерден тосуп мизин кайрыган. Кокондун колун Араб деген баштап келип, Тайлак менен жекеме-жеке урушта каза болгон. Андан кийинки Кокон хандыгы катуу кирип, көп кол менен Ат-Башы, Тогуз-Торо, Ак-Талааны басып алып, Куртка чебин салдырган. Баш ийбеген Тайлакка Жансыз кожо дегенди жиберип ууланган маки менен (баш оорусун басам деп) башындагы кан тамырга тийип, уулантдырып өлтүргөн.

Тайлактан Осмон, ал да тың чыгып, бирок, ал амалдуулук менен Кокон хандыгы менен ынтымакта жашаган. Бул XVI–XVIII кылымда болгон окуя.

### Суроолор:

1. Силер кандай деп ойлойсуңар, жети ата жөнүндө сөз болдубу? Жети атаны билүүнүн эмне зарылчылыгы бар?
2. Жети атасын билбеген жетесиздик дегенге сенин оюң?
3. Сен өзүңдүн жети атаңды билесиңби?

### Үйгө тапшырма:

Ата-тегиң жөнүндө ата-энеңден сурап жазып кел.

www.bizdin.kg

## КОШУМЧА ОКУУ ҮЧҮН

### Санжырачы Садык карыя

Сурандын ашына келген куда-сөөктөр тымтырс отурушат. Он чакты адам. Аягы эле алтымыштардан ашкан. Кимиси кандай куда экени белгисиз. Ирети менен чай ичип, деле ооз ачкан бирөө жок.

Аш ээси Маркаш аштын аракети менен алек болуп, чамачаркы келбей жүрөт.

Бир оокумда үйгө кирип:

– Куда-сөөктөр, бири-бириңер менен таанышып отургула. Мени кечирип койгула. Мен – атамдын жалгыз эркегимин. Тогуз кыздын ичиндеги аш-катыкмын, – деди эле, төрдөгү аппак сакал карыя:

– Кечиримдүү айланайын. Ишинди жасай бер. Ушунча элди узатыш оңой бекен. Өлүк ар кимдин башында бар, – деп үн катты.

Тынчтыкты ак-саргыл абышканын шаңдуу саламы бузду:

– Ассалоому алейкум, азиз куда-сөөктөр? Ат арытып ар кайдан асалап келген арую меймандар! Мал-жанынар аманбы? – деп үнүн көтөрүңкү чыгарып, кудум артисттин кыраагы менен сүйлөп, баарынын көңүлүн өзүнө бурду.

Маркаш:

– Куда-сөөктөр, бу биздин айылыбыздын кадырман аксакалы Садык абам. Айылыбыз санжырачы Садык деп коёт. Силерди зериктирбейт. Жай сурашып отургула! – деп чыгып кетти.

Санжырачы деген сөз отургандардын баарын сестендирип койду. Садык:

– Кана, бир четинен эле айтыша туралы, – деп, айылдын уруусун баяндап, ар бирине өттү.

Кеминдик куда: «тынаймын», – деди эле. Садык сары багыштын жайын чечмелегенде, «тынай!» куда таң калып, мындай сөздү айылынан да укпаганына уялып, унчукпай тим болду.

– А, сен кудам, уругуң кайсы? – деди эле Садык.

– Садык куда, мен ачыгын эле айтайын. Уругум саяк экенин билем. Атамды, чоң атамды билем, аркысын билбейм.

– Эчедесиң?

www.bizdin.kg

– Жетимиш экидемин.

– Э, кокуй, ушу кантип болсун! Балдарыңа эмне дейсиң?

– Баарыбыз совет кишиси болуп билбей калбадыкпы?

– Жамандык болсо эле советке жаба салганда болбойт. Совет сен жети атаңды билбе деди беле? – деп, Садык төрдөгү карыяны карады эле, кезекке ичинен даярданып турган экен:

– Садык куда, биз моңолдор болобуз. Жети атамды айтып берейин. Атам Аманат, Аманаттын атасы Саламат, анын атасы Келдике, Келдикенин атасы Шооруk, Шооруктун атасы Арзыбек, Арзыбектин атасы Бөрүбай, – дегенде, Садык безге сайгандай чочуп кетти.

– Эй, моңолдор куда, бу эмне деген жорукту айтып отурасың? Бул ойлоп айткан санжырабы же ойноп айткан санжырабы? – дегенде, артындагы небереси:

– Алар биздин кошуналарыбыз, атам туура айтат, – деди чоң атасына болушуп.

Санжырачы Садык ыкшып күлдү:

– Сакалдуу жоого түшөрбү? Айыбыңызды небере ачпаса деле ачылып калды эле. Калп сөз кайырмакка илинерин унутуп калгансыз го, карыя? – деди эле:

– Бир тамаша салып коёюнчу дедим эле, – деп кутулду моңолдор куда.

– Сакалдуу киши санжыра билбегени – уят. Биз билбесек, балдар андан бетер билбей калат. Балдарга баш тоголотпосок, убал-сообу бизде болбойбу? – деди эле, капталда отурган куда:

– Садык куда, эми калганыбыз уят болбойлу. Сиздин айтканыңыз бизге сабак болду. Андан көрө Маркашка кимибиз кандай куда экенибизди эле айталы. Мен деле аталарымды сүрүп, чоң атамдан аркы аталарымды билбейт экемин, – деди ыңгайсызданып.

– Ээй, кудалар, – деди Садык күрсүнүп, илгеркилер: «жети атасын билбеген – жетесиздик» деп бекеринен айтышкан эмес. Эми балдар ыйман күтө баштаганда, жети атасын үйрөтүп койбосоңор болбойт. Балдардын артын билбей калганы – арман.

*Ү. Асаналиев*

**Сөздүк:**

**Жетесиз** – тексиз, ата теги жок, жетим.

www.bizdin.kg

## 27 - сабак

# КЫРГЫЗ ЭЛИ – ЖАРАТМАН КАЛК

**Маани бер:**

«Өнөр ушунчалык күлүк ат – ал минген адамын ыраҳаттуу эс алуучу бекетке жеткирет».

Ак дилинден кызмат кылып элге жак,
Кара мүртөз, зулумдукту четке как!
Элге арнасаң, кайра аласың аны сен,
Артыңдан кууйт, абийир жана атак-даңк!

Элдин оозеки чыгармаларынан башка жаратмандык касиети: кол өнөрчүлүгү, акындыгы, жазуучулугу, чечендик өнөрлөрү тууралуу сөз кылабыз.

Кыргыз элинин сөзгө өзгөчө маани берип, аны өтө жогору баалагандыгы «Манас» аркылуу бийик даражага көтөргөнү суктанарлык.

Кыргыздардын сөз өнөрүндөгү касиетин чет элдик окумуштуулар да жогору баалашкан.

XIX кылымдын ортосунда кыргыз жергесине келген түрколог окумуштуу, академик В. В. Радлов мындай деп жазган: «Кыргыздын сүйлөгөнү ыргактуу. Алар сөзгө чечен, чукугандай сөз тапкыч жана ар бири, ал турмак эң эле билимсизи да өз тилин ушунчалык жакшы билет дейсиң...».

Кыргыз элинин оозеки көркөм чыгармачылыгы өтө өнүккөн, тилин көздүн карегиндей сактап, анын байлыгын асыраган. Ал байлыкты муундан-муунга өткөрүп берип турган.

Биздин кенже эпос дегенибиз эле өзгө элдердин чоң эпосторунан көлөмдүү: «Кожожаш», «Жаныш-Байыш», «Курманбек», «Олжобай менен Кишимжан», «Кедейкан», «Эр Табылды», «Эр Төштүк» ж. б. ондогон дастандарыбыз бар.

Ал эми Арстанбек, Жеңижок, Токтогул, Барпы ж. б. акындардын мурастары – көөнөргүс казына.

www.bizdin.kg



Манасчы С. Каралаев.

Комуз – кыргыздын өзүнө гана мүнөздүү, кыргыз муңун мундаган, кыргыз кубанычын даңазалаган улуттук улуу аспап.

Анын кайрыктарында кылымдардын добушу, кыргыз муң-зары, арманы жаңырып турат.

Бирде насаат, насыят айтса, бирде көкөйдү кескен көйгөй, тарыхты баяндайт.

Сөз менен айтууга дит барбаган угузууну комуздун жүрөктү титиреткен добушу менен жеткирген.

*А. Майсекеева*

## КЫРГЫЗ ЭЛИ – ЖАРАТМАН КАЛК

### Дил баян

Кыргыз эли эзелтен жашоо-турмушун акылмандык менен өткөрүп келе жаткан жаратман, эң байыркы элдерден. Элибиздин жаратмандыгын көп жактуу турмуш өзү айгинелеп, күзгү сымал көргөзүп турат.

www.bizdin.kg

Мисалы: биздин элдин көчмөн турмушуна ылайыктап жасалган кадимки боз үйү. Биздин элибиз кооздукту сезе билген, эсепке так, эмгекчил, колунан бардык жумуш келген, баам парасаттуу эл тура. Кыргыз элинин улуттук өзгөчөлүгү миллиондогон ыр саптарынан турган баатырдык, эр жүрөктүүлүк сапаттарга жык толгон, ар бир кыргыз баласынын эл, жерди сүйүүгө үндөгөн, адамдагы эң ыйык, эң бийик сезимталдуулукту көрсөткөн «дүйнөгө өзүнө теңдеш бир да эпос жок экендигине ынандырган Манас» эпосун жаратkандыгында. Биз элибиздеги болгон касиеттерге суктануу менен карообуз керек. Элдик оозеки чыгармачылыктын өнүгүшү эли-биздин дагы бир адамга өтө сейрек кездешүүчү зирек касиетинин бар экенине ынанбай коё албайбыз.

Манас айтуучулук ар бир эле адамдын тагдырына буйруган эмес. Манасчылык өнөрү бар адамды элибиз өзгөчө барктап, кадырлайт. Түндөп, күндөп айтса да чарчабай кайра күч алып, окуянын өзүнө аралашып кеткен манасчылар эл арасында кездешет.

«Эл ичи – өнөр кенчи» – деп канчалаган жаш манасчылар бабалар жолун улап, келечекке мурас катары калтырып жатышат.

Ал эми бүгүнкү күндө болсо, «Манастын жети осуяты» улутубуздун идеологиясы болуу менен ынтымактуулукка, биримдүүлүккө, достукка, айкөлдүккө, жаратылышты сүйө билүүгө, ар намыстуу болууга жана эмгекчилдикке өз урпактарын үгүттөөдө жана тарбиялоодо. Ошондой эле биздин элде ар түрдүү өнөрдүн ээси болгон уул, кыздар арбын.

Аз болсо көптөй сезилген,
Өнөрү бар кыргыздын.
Ашуудан буту тайдырбас,
Акылы бар кыргыздын –

деп акындар ырдагандай эле бар.

Тоо булбулу Токтогулдай ырчылар, кадыр-барктуу Толубайдай сынчылар, колунан көөрү төгүлгөн уста, уздар

www.bizdin.kg

дегеле миң сандаган өнөрдүн ээси болгон кыргыз баласы ой сезиминде көптөгөн жаңылыктарды жаратуу менен бирге аны чындыкка айландырууда.

Дайралар толкуп – ташыбайт, сел болбосо,
Аргымак ат арыбайт, бел болбосо
Ала-Тоо көркkө келбейт, эл болбосо –

дегендей кыргыз эли жаратмандык менен талбаган эмгектин аркасында ата журтун көркkө бөлөп, кылымдарды карыта жашоо көчүн улап келишүүдө.

## Суроолор:

1. Жаратмандык – деген сөздүн маанисин кандай түшүндүң?
2. Кыргыз элинин өнүгүп, өсүшүнө сен өз салымыңды кантип кошом деп ойлойсуң?

## КОШУМЧА ОКУУ ҮЧҮН

### Келечек деген эмне?

«Тоонун берки бетин баары эле көрөт, аркы бетин көрө билген – көрөгөч – деп айтылат кыргыз чежиресинде.

Өткөн менен учурду талдап келип келечекти көрө билүү – бул чыныгы даанышмандык.

*Торгой-Чечен*

Араб аалымдарынан Хаддод мындай дептир:

– Өз перзенттерине жакшылык кылууну каалабаган ата-эне табылбаса керек. Ошого байланыштуу ар бир ата-эне өз перзенттеринин келечеги үчүн алдын-ала даярдык көрүү зарылдыгын эстеринен чыгарбоолору кажет. Ата-энелер өз перзенттерине түбөлүк таяныч болуп калышпастыгын, бир күнү картайып алдан-күчтөн таярын, акырында бул дүйнөдөн да кетишээрин, ал учурда үй-бүлө мүчөлөрүн асыроо ошол перзенттердин өздөрүнө калуусун жеткиликтүү түшүндүрүп туруулары шарт.

Айрым бир наадан ата-энелер өздөрүнүн калтыруучу мурастарына ишенип, балдарын эч бир тизгинсиз коюшат. Дүйнөдө мындан өткөн чоң наадандык жок. Ошол тизгинсиз өсүп калган балдары акыр аягында кандай оор абалга түшүп калаарын, тиричилик майданында башы маң болуп темсе-

www.bizdin.kg

леп калышарын түк дагы эстешпейт. Ушундай наадан ата-энелердин перзенттеринин баарынан жогу абзел.

Асыл сапат адамдын тукум-тегинде эмес, өзүнүн жекече акылы менен салмактуу кулк-мүнөзүндө.

Чыныгы достун таягы абдан ачуу болсо дагы, натыйжасы өтө ширин болот.

Тиричилик-жашоодо бирер нерсенин кемчил болушу балээ эмес, өтө эле ыксыз жерден арзуу кылып, куру кыялга буйлалануу анык балээ.

Калыстык, жайдары жүздүүлүк, ширин сөздүүлүк, адал эмгек жана үй-бүлөнү муктаждыкка калтырбоо – чыныгы бакыт-таалайдын жышаанасы болуп саналат.

Мыкты тарбия инсанга абийир-атак багыштайт. Тарбиясыз инсан атактан, беделден куру калат. Перзенттерин астейдил тарбиялап, аларды жамааттын пайдалуу мүчөлөрү кылып эрежеге жеткирүү ар бир ата-эненин ыйык парзы.

Алишер Навои мындай дептир:

Адеп менен абийир-атак алаарсың,
Бейбаш болсоң ай-талаада калаарсың.

Шайык Саади мындай дептир:

– Сен өз атаңа арнап жакшылык кылдың? Дал ошондой жакшылыкты эми өз уулуңдан күтөсүң. Сен атаңа кандай мамиле кылган болсоң, кийинчерээк уулуң дагы сага дал ошондой мамиледе болот.

Шайык Саадинин ушул пикирлерин жактоочу жана кубаттоочу бир икая: Бир жигит бийигирээк дөбөнүн үстүндө колуна келтек алып, өз атасын сабап жатты. Аны көргөн калайык катуу каарданып жигитти урмакчы болушат. Баягы келтек жеп жаткан атасы кокуй-наалат кылып, элге:

– Уулума тийбегиле, ал өз атасын уруугa акылуу. Анткени мен дагы дал ушул дөбөдө өз атамды келтектеген элем. Мына эми мени өз уулум сабап жатат, – деди.

Бейт:

Ким көрсөтсө ата-энеге урмат-сый
Эрте-кечпи ал өзүнө кайтат, туй.

Азербайжан аалымы Ахмад Камол мындай дептир:

– Байыркы замандагы шаарлардын биринде эки араб кошуна жашоочу. Алардын бири бай, экинчиси кембагал эле. Бай араб зордуктоо менен кембагал арабдын үйүн жана курма өскөн бакчасын тартып алды. Кембагал араб шаар башчысынын кашына келип, ага байдын үстүнөн арызын айтты.

www.bizdin.kg

Болгон окуяны түгөлдөй айтып бүттү. Жакшы текшерип, нысап менен адилеттүү карап өкүм чыгаруусун өтүндү. Шаар башчысы адилеттикти сүйгөн жан эле. Кембагал арабдын көңүлүн жубатып жөнөттү да, тезинен баягы бай арабды чакыртты. Бай араб шаар башчысынын эмне үчүн чакыртканлыгын сезди. Тезинен баштыкка жүз алтынды салып шаар башчысынын кашына келди. Шаар башчысы кембагал арабдын арыз-муңун баян кылып, бир бечарага зулумдук көрсөткөндүгү үчүн аны айыптады.

Бай араб шаар башчысына таазим кылып:

– Менин үстүмдөн арыз-муңун айткан араб – кошунам. Ал уятсыз жалган сөздөрдү айтып, ар кимге менин үстүмдөн арызданып жүрөт. Ал айткан үй менен курма бакчасы аныкы эмес, менин атамдан калган мүлкүм. Мен өз мурас-мүлктөрүмдү колума алсам айып кылган боломунбу? Мен өз сөзүмдүн чындыгына эки күбө көрсөтө аламын, – деп жүз алтын акча салынган баягы баштыкты шаар башчысынын жанына койду.

Шаар башчысы баштыкка карап, ачууланып байга:

– Сенин эки күбөң бар болсо, ал кембагалдын жүз күбөсү бар. Мен маселени жакшылап текшердим. Айылыңардагы бардык адамдардан сураштырдым. Бүтүндөй айылыңардын эли үй менен курма бакчасы ал бечара кембагалдыкы болучу деп күбөлүк беришти. Үй менен бакча тууралуу доматыңды чын деп билсең, эмне үчүн мага пара алып келдиң? Сенин ушул жарамсыз ишиң дагы сенин жалганчы жана жадыгөй экениңди билдирет, – деп митаам байды камоого, үй менен бакчаны кембагал арабга кайтарып берүүгө өкүм кылды.

Бейт: Ар бир адам түбөлүк, өз абийирин ойлосун,
Көрө албастык айынан, жанга жолтоо болбосун.

Жаолидин Румий мындай дептир:

– Мыкты же жарамсыз кулк-мүнөзгө ээ болгондор дүйнөдө эки түрдүү дарыяга окшошот. Бул эки дарыянын бирөөсүнүн суусу өтө ширин жана пайдалуу суу. Экинчи дарыянын суусу тек гана бир кара түстүү болуп, жыландын заары, уусу сыяктуу. Ошол заардуу дарыянын суусунан ичкендер жарамсыз пейил-мүнөзгө ээ болуп, балакетке же өлүмгө дуушар болушат.

*«Ой гүлдөрү»*

## Үйгө тапшырма:

Сен элге эмне кызмат кылам дейсиң? Дил баян жазып кел.

www.bizdin.kg

## 28 - с а б а к
# ЭЛИБИЗ БАСКАН 2200 ЖЫЛ

**Маани бер:**

«Кандар өтөт калк калат, бектер өтөт бел калат».

Кыргыз эли сыймыктанган жерлерибизди, даңазалаган эрлерибизди аңыз кылган акылман окумуштууларыбыз тууралуу учкай кептин учун ал.

Дүйнө кең, дүйнө узак учсуз, түпсүз
Дүйнөгө бир жаралат күчтүү, күчсүз
Өмүрүң ийме-чийме жолду басат.
Асфальттай даңгыраган болбойт түптүз.
Турмушта тирүү жанга сансыз элес
Нечен ашуу, нечен кыр, нечен белес.

*Р. Шүкүрбеков*

Чыгыш Тянь-Шандан Монголиянын Түндүк-батышындагы Кыргызнор көлүнө чейинки жерлер мындан 2200 жыл илгери кыргыздардын ээлигинде болгон.

Кытай тарыхчысы Сыма Цяндын «Тарыхый жазмаларында» биздин заманга чейинки 201-жылы кыргыз мамлекети хун башкаруучусу Модэ-Шанюйдун мамлекетине кошулганын жазат. Бирок, биздин заманга чейинки I кылымдын орто ченинде, кыргыздар Енисейдин баш жагындагы Алтын-Көл боюнда өз падышачылыгын түзгөн. Бул маалыматтар кытай булактарында сакталып калган.

Кыргыздардын тарыхынан: Байыркы гректер биздин ата-бабаларыбызды скифтер деп, байыркы перстер сактар деп, ал эми индиялыктар турлар деп аташкан.

Дүйнөнүн дээрлик теңин багындырган Александр Македонскийдин колун Сыр-Дарыянын жээгинде скифтердин күчтүү колу токтоткон.

Ошентип жеңилбес атка конгон Александр Македонский атынын башын батышка буруп кеткен экен. Моңгол ханы Чынгызхан да басып алмакчы болгон. Ага каршы, тайманбас баатыр Курлун жетектеген кыргыздын баатыр, эр жүрөк азаматтары беттеп барган. Бирок ал убактагы күчтөр такыр тең эмес эле. Чынгыз хандын

www.bizdin.kg




улуу уулу Жучи-хан, кыргыздарды аёосуз талкалап, аларды ааламга таратып жиберди. Кыргыздардын бир бөлүгү Эне-Сайда, Алтайда, бир бөлүгү Кытайда, Монголияда, калганы Азиянын талааларына чачырап кеткен. Тянь-Шандык кыргыздар менен байланышы такыр үзүлгөн экен.

Эң акыркы аалам баскынчысы Темирлан, өзүнүн кыргыздарга болгон бийлигин Чүй өрөөнүнө чейин жеткирген.

Дүйнөлүк тарыхта бардык аалам баскынчылары биздин жерди тартып алууга, элибизди тукум-курт кылып жоюуга аракет кылгандарын көрөбүз.

Бирок кыргыздар аларга айыгышкан катуу каршылык көрсөтүп, сан миңдеген жоокер-элинен айрылган экен. Мына биздин тарыхыбыздын башы.

Кыргыз элинин жогорудагыдай болуп чачылгандыгынан, кырылып кээ бир жок болуп кетүүбүздөн көп тарыхыбыз билинбей калды. Ошондой болсо да ар бир кыргыз баласы өз элинин тарыхын билүүгө милдеттүү. Мүмкүн сен, менин кичинекей окуучум, келечекте кыргыз тарыхынын изилдөөчүсү болуп калаарсың!

«Өз элинин тарыхын билбеген эл – наристе балага окшош» – деп бир кеменгер адам айтыптыр. Анын сөзүнүн тууралыгын эч ким тана койбос. Кыргыздын улуу эпосу «Манасы» – кыргыз элинин тарыхы эмей эмне? Ушул

www.bizdin.kg

элибиз баскан 2200 жыл деп белгилеп, өткөргөн маарекебиздин ичине, кыргыз элинин өөдө-төмөн, жаман-жакшы өткөргөн турмушу менен катар, дүйнөнү дүркүрөткөн эрдиктери, баатырдыктары, өрүшү данга, жайыты малга бай, ниеттери, адамдын көз жоосун алган көркөм кооз жерлери, алтын кендери да киргенин эсинден чыгарба, окурман.

Ал эми бала тарбиялоодогу акыл наркычы. Балага нускалар аркылуу эле тарбия бергендигин айтсак узак кеп болоор. Кат сабаты жок элдин оозеки чыгармалары бизге жетип олтурбайбы.

**Ырды жаттап ал.**

## СЕН КЫРГЫЗЫМ!

Сен кыргызым! Аз эмес да көп эмес,
Акыл-эсиң, ыйман арың «нөл» эмес.
Башкалардан эч бир жериң кем эмес,
Башты салып байкуш болчу сен эмес.

Өскүн элим! Өскүн элим! Өз элим!
Өркүндөгүн, көтөрүлгүн, Мекеним!
Мен кайталап келе жатам булбулдай,
Менин Меккем – Кыргызстан экенин!

Тур ордуңдан! Туйгун таалай багыңды,
Таза кармап, жан-дүйнөңдү, каныңды.
Теңир сага саяпкер да, мүнүшкөр,
Теңдеп турган ой, эс, соолук, табыңды.

Жаратканга жагаар жагың – момунсуң,
Жакшылыкка даяр асыл оюмсуң.
Айкөлдүгүң Ала-Тоодой керемет,
Ак көңүлсүң, даанышмансың, сонунсуң.

Сен кыргызым! Таптаза бол, кирдебе!
Суранарым тайкы сөздү сүйлөбө.

*Б. Бугубаев*

www.bizdin.kg

## Суроолор:

1. Элибиз баскан жол жөнүндө эмне билесиңер?
2. Кыргыз элинин башынан өткөргөн окуяларын кантип атасак болот?
3. Кыргызмын деп сыймыктанасыңбы?
4. Кыргыз элинин башынан өткөргөнүн сен өзүңө кандай кабыл алдың?

## Үйгө тапшырма:

«Мен кыргызмын» деген темада дил баян жазып кел.

## КОШУМЧА ОКУУ ҮЧҮН

### Барсбек тууралуу баян

Барсбек катардагы жоокерлер менен чогуу салгылашып жүрдү. Ким жөнөкөй жоокер, ким кол башчы экенин мындайда ким ажыратат! Баары аралашып кетти. Жаралангандардын жан талашкан кыйкырыгы, кышылдап демиккендер, аттардын кишенегени, кылычтардын чабылганы, калкандардын кагышканы. Мындай алааматта буйрук угууга кулак жок. Кармаш башкаруудан чыкты, ар ким каршы келип калган жоосу менен салгылашууда. Бир жоону сулаткан жоокер, ары жакта салгылашып жатканды капталга сайып өтөт. Баарын өжөрлүк, колдун күчү, аскер чеберчилиги жана куралдын мыктылыгы чечүүдө. Мына ушул жерден орхон түрктөрүнүн көп жылдык машыгуусу, аскер тажрыйбасы көрүндү. Ушул өнөрүн бойдоктордун кошундарында үйрөнүшкөн кыргыз жоокерлери аларга тең келе албады.

Эрдик менен тайманбастык эки жактан тең бирдей көрүндү. Эки тарап тең Көкө Теңир менен Умай энени жардамга чакырышты. Бирок түрктөрдүн эки артыкчылыгы бар болчу: санынын көптүгү жана уруштагы тажрыйбасы. Ушул эки артыкчылык баарын чечти. Көкө Теңир менен Умай эне, жеңишти күчтүүлөргө ыйгарышты.

...Сунгачериндеги уруш үч күнгө созулду. Төртүнчү күн болду. Капчыгайлар менен аска-зоолордун, муз болгон дарыялардын, чер токойлуу тоолордун үстүнө күн кышкы жумшак нурун төктү. Кийиздей тапталган кардын үстүндө миңдеген өлүктөр ойго келбес ыңгайда жатышты.

www.bizdin.kg



Бир жерде суукка тонгон кол сороёт. Ары жакта жоокердин дал жүрөгүндө матылган найза өз салмагынан ийилип турат. Карга-кузгундар алдыда күткөн чоң олжону сезишип, «карк-карк» дешип, карагай-кайыңдарга учуп конушуп сороктошот.

Күлтегин эми башка атка минип, майдан талаасын кыдырып жүрөт. Анын жанында дүбүрөтө бастырып ээрчиген жан жигиттери менен ханзаада Барсбектин өлүгүн издөөдө. Ашынган эрдиги менен атагы чыккан душманынын өлүгүн өз көзү менен көргөндөн артык да ыракат барбы?

Кыргыз каганын өңүнөн таанышкан миңдеген алптар ар бир жаткан өлүктү үңүлүп карашты. Бирок канча издешсе да Барсбекти таба алышпады. Муну Күлтегинге кабарлашты.

— Аны Көк Теңир асманга алып кеткен жок да! Же Эрклиг жер алдына сүйрөп кеткен жок да! Издегиле! — деп кыйкырды жини келген ханзаада.

Алптар кайрадан издөөгө киришишти. Кайрадан баягы кабар. Кайрадан жаалдуунун ач айкырыгы. Алптар аргасыздан колдорун жайышты. Жок. Барсбек качып кетиши мүмкүн эмес! Ал андай киши эмес.

Сакалы аппак карыя майдандын кайнаган жеринде күрөшкөн. Аны ондогон жоокерлер көрүшкөн. Ажо Каган бир нече атактуу баатырды сулатканын көргөндүктөрүн да айтышты. Ал эми андан ары эмне болгонун эч ким тактап айтып бере албады.

Жеңгендер табалап кубануу үчүн аны бекер издешти. Аа дүйнөгө бардык жол жобосу менен узатуу жана коштошуу үчүн жеңилгендер да бекер издешти. Барсбек кайып болду.

*Түзгөн Т. Насирдинтегин*

www.bizdin.kg

29 - сабак

# ЭЛДИН ПЕЙИЛИ, СЫЙЧЫЛДЫГЫ, МЕЙМАНДОСТУГУ

**Маани бер:**

«Бербестин ашы – бышпас».

«Баргыча мейман уялат, барган соң үй ээси уялат».

«Конок, конок үйүңдү ойлой отур».

«Конок» – деген сөз кудайдын бир аты, демек коногунду ызаттап, сыйлаганың, кудайыңды ызаттап-сыйлаганың.

Жолдош бол, жакшы менен адил менен,
Байлыгың ашып-ташып болот кенен.
Баарында, бардык иште токтоо, түз бол.
Токтоолук бакыт тапчу ырыстуу жол.
Байлыкты, көп буюмду жыя көрбө,
Кутманым кубандырып бергин элге.
Колу ачык, жоомарт болсоң бардык жанга,
Эл дагы сыйын кылат анда ага!

*Омар Хайям*

Атам замандан бери эле кыргыз элинин пейилинин кеңдиги, бир үзүм нанды бөлүшүп жеген адамгерчилиги, бир туугандай жашаган ынтымагы атадан балага мурас болуп калып келе жаткандыгы башка элдерди суктандырып келгендигин билебиз.

Эшиктен кирген адамды жарык маанай менен тосуп алып акыркы жармасын бергендигин укпай жүрөбүзбү.



«Конок – үйдүн куту» – дешкен экен. Конок менен кошо кут кирет үйгө. Азыркы күндө, мындай меймандос, сыйчылдыгыбыз жоголду деп айтуу да туура эмес. Мүмкүн пейилибиз «кичине» тарыдыбы? – деп айтарбыз. «Үйгө кан-

www.bizdin.kg

ча бут кирсе, ошончо кут кирет» – дегенди эсибизден чыгарып коюп жатабызбы?!

Коноктон эч бир жадабас,
Колунда барын аябас
Кыргыздын жоомарт пейили бар
Толкуган көлгө чамалаш –

деп бир акын айткандай кыргыз пейилин кетирбейли, колубуздагы кутту учурбайлы деп уран кылсак, кандай дейсиң, урматтуу окурман?

## Сарандын кылганы

Бир өтө сараң адам болгон экен. Күндөрдүн биринде көп жылдан бери көрүшпөгөн бир досу алыстан атайы конокко келет. Мындайды күтпөгөн тиги сараң адам:

– Үйдө эч нерсе жок эле, акча-тыйын да азыраак, жүрү базарга барып, бир нерсе алып келип сени коноктоюн – дейт. Досу деле бир нерселерди ала келген эле. «Кой, убара болбо, андан көрө өткөн-кеткенди кеп салып олтуралы, тиги баштыкта аяшың бир нерселерди салып жатат эле, – десе болбойт». Экөө ээрчишип базарга келишет. Наабайчыга барып тиги сараң адам: – Ысык нанын барбы? – деп сурайт.

– Албетте, улуу урматтуу мырзалар, наным ысык эле эмес, сары майдай таттуу – дейт наабайчы. Анда тиги сараң адам досуна:

– Көрдүңбү, наабайчынын айтканын, демек нанга караганда сары май жакшы. Жүрү сары май сатып алалы – деп май издеп жөнөшөт. Сары май саткан адамдын жанына келип:

– Жакшы сары майың барбы? – деп сурайт.

– Болбогондочу, бал татыган сары май бар – деп жооп берет сатуучу.

– Көрдүңбү досум, сары майга караганда бал жакшы экен, демек биз бал сатып алалы – деп бал саткан жерди издеп жөнөшөт. Бал саткан адамга келип:

– Жакшы, таза балың барбы? – деп сурайт.

www.bizdin.kg



– Болбогондочу, дейт балдын сатуучусу, болгондо да суудай тунук, – дейт. Сараң адам дароо досуна бурулуп:

– Көрдүнбү, дейт – демек бардыгынан эң баалуусу суу. Үйүмдө суудан көп нерсе жок, жүрү сени сыйлайын, досум – деп үйгө кайтышат.

Досунун алдына таза суудан бир чыныга сузуп келип, коюп, суу балдан, майдан, нандан да барктуу экендигин айтып саймедирип коноктогон экен. Досунукунан жалаң суу ичкен тиги жигит эч бир таарынбай кайра ыраазы болуп кайткан экен.

**Суроолор:**

1. Бул окулган текст боюнча сен эмнени айта аласың?
2. Автордун айтайын деген оюу кандай? Текст темага жооп бердиби?
3. Кең пейилдик, тар пейилдик жөнүндө сенин оюң кандай?
4. Элдин нарк-насили жөнүндө сөз болдубу?
5. Сен өзүңдүн меймандостугуң, сыйчылдыгың тууралуу ой жүгүртүп көрчү?

## КОШУМЧА ОКУУ ҮЧҮН

### Мейман улук

Согушта колго түшкөн туткундарды падышанын алдына алып келишет. Падышага акыл берүүчүлөр булардын баарын өлтүрүү керек дешет.

Падыша тигилерден сурайт: «Силердин өлөр алдыңдагы каалаганыңар эмне?». Арасынан бир жаш жигит: «Ханым, мен аябай чаңкап турам, бир чыны суу бердиртип коёр бекенсиз?», – дейт.

Падыша анын өтүнүчүн аткарууну буюрат. Суу алып келгенден кийин: «Бардык туткундар чаңкап турат. Мен сууну жалгыз ичип, буларга бербесем адамгерчилик болобу. Эгерде буларга берип койсом, өзүмдүн чаңкаганым басылбайт.

www.bizdin.kg

Албетте, сиз баарыбызды тең өлтүрөсүз. Ырайым кылып, бардык туткундарга суу бердирте алаар бекенсиз», – деп суранат жигит.

Падыша жигиттин өтүнүчүн орундатып, бардык туткундарга суу бердиртет. Бардыгы суу ичип бүткөндөн кийин тиги жигит дагы сүйлөйт:

«Оо, падышалардын падышасы, суранып ичсек да, сиздин берген сууңузду ичип, ушул турган бардыгыбыз сиздин мейманыңыз болуп калдык. Мейманын өлүм жазасына буюруу сиздей акыл-эстүү адамдын иши эместир», – дейт. Падыша тиги туткун жигиттин айткан сөзүнө жыгылыштуу болуп, туткандардын бардыгына тамак берип сыйлап туруп, коё берген экен.

## Меймангерчилик адеби

Эгерде үйүндө бир адамды чакырган болсоң, же чакырбасаң деле анын көңүлү тартып, сени менен бир азыраак маектешип отуруу максатында үйүңө мейманчылап келген болсо, сен аны жайдары мүнөздө, урмат менен каршы алгын, салам берип көрүшкүн, жоктоп келгендиги үчүн ыраазычылыгыңды билдиргин. Үйгө таклип кылып, төргө өткөргүн. Ал-абалды сурашкандан кийин тезинен дасторкон жайып, тамак келтирүүгө аракет кылгын. Нанды жетээрлик гана сындыр, нан бөөдө ысырап болот. Ысырапчылыктан сактангын. Мейманга: «Кана тамакка карагын! – деп өтүнгүн. Адегенде өзүң баштап бергин. Меймандан мурдараак дасторкондон кол тартпагын. Аз-аздан болсо дагы ожого болуп алып отургун. Болбосо мейман уялып, тамактан кол тартууга мажбур болот.

Мейманды «Кана алгын!» – деп чектен ашык кыстабагын. Үч жолу өтүнсөң жетиштүү болот. Дасторконго коюлган оокатың азыраак болсо, өзүң аз-аздан алып, көбүрөөгүн мейманга жедиргин. Мейман тоюп, даамдан кол тарткандан кийин, тезинен таза сүлгү берип колуна суу куйгун. Мейман менен маектешип отурганда анын абалына, кабак-кашыңа көңүл буруп отургун. Мейманга катуу, орой тие турган сөздөр оозуңдан чыгып кетпесин. Айрым сөздөр ага оор туюлуп калышы мүмкүн. Меймандын алдында үй-бүлө мүчөлөрүндүн бирөө-жарымын урушуп, орой сөздөрдү сүйлөбөгүн. Меймандын көңүлүнө түрдүү пикирлер кетиши мүмкүн. Ал кетүүгө

www.bizdin.kg

уруксат сурап ордунан турса, эшикке чейин коштой чыгып, соо-саламатчылык тилеп кайрылышкын. Дагы да келип турушун сурап калгын. Эгерде сен көп адамды меймандыкка чакырсаң дал жогоруда айтылгандай кылып, мейманчерчилик адебине көңүл бургун. Колуңдан келишинче аларды курсант кылууга аракет кылгын.

## Мейманды ызаттоо адеби

Кыргызда конок деген сөз – кудайдын бир аты делет. Демек ызат да ошондой улук болууга тийиш. Сиз ошондой бийик өнөргө дайынсызбы?!

Эгерде сени урматтап той, зыяпатка, маарекеге чакырышса баргын. Бирер зарыл ишке кармалып барышың мүмкүн болбосо, кечирим сурап, урматтап айткандыгы үчүн ыраазычылыгыңды билдиргин.

Чакырылбаган бирер адамды өзүң менен кошо той, зыяпатка чогуу алпарбагын. Той-тамашага жөнөөрдөн мурда азыраак тамактанып алгын. Ал жерде сугалактык кылып улам эле тамак сугуна берүү уят көрүнүш. Үй ээси кандай тамак койсо жегин, асти четке какпагын. Дасторконго коюлган түрдүү даамдардын бир бөлүгүн үй ээсинин уруксатысыз үйүңө алып кетпегин. Анда уят иш жасаган болосуң.

Меймандардын дасторкондо калып калган оокаттарды бир-бирине зордоп же таберик деп кыстап жедирүүлөрү жарабайт. Мындай иштен сактануу керек. Зыяпат аяктагандан кийин көп эзмелик кылып сүйлөшүп отурбай, үй ээсине ыраазычылык айтып, кетүүгө уруксат сураш шарт.

### Үй тапшырма:

Элдин пейили тууралуу оюнду жазып кел.

www.bizdin.kg

## 30 - с а б а к

# ЭЛДИН АЙКӨЛДҮГҮ, АДИЛЕТТҮҮЛҮГҮ, АДАМГЕРЧИЛИГИ

**Маани бер:**

«Эл менен эрегишпе, эр менен жоолашпа»,

«Эл – мазар, элден чыккан азар»,

«Жамандагандын баары – касың эмес,
мактагандын баары – досуң эмес».

Убада сөздү унутуу
Эсерликтин белгиси
Айттырбастан сыр билген
Кыраакынын белгиси
Ата журттун ардакташ
Азаматтын белгиси
Айткан сөздөн жанабы
Ар-намыстуу эр киши.

*Арстанбек*

Улукман акимден сурашат:

– Сизди элдин баарын урматташат. Сизди ушундай даражага жеткирген эмне болду? – деп, ага Улукман аким мындай деп жооп бериптир:

– Ар дайым туура сүйлөдүм. Аманатка кыямат кылбадым. Маанисиз, орунсуз, сөздөрдү сүйлөөдөн тартындым. Мына ушул үч сапат мени улуу даражага жеткирди.

Кыргыз эли кыйла заманды башынан кечирген: чабылган, чачылган, бирок биримдигин, бүтүндүгүн жоготкон эмес, ынтымактуу болушкан. Улууну кичүүсү, атаны бала уккан. Акылдын кени аксакалдарда болгон, алардын кеп-кеңеши, чыгарган бүтүмү кыйшаюусуз аткарылган, тентектерди теске, адашканды жолго салган.

Акылман карыялар – аккан дарыялар. Өткөн заман, учур, келер заманга кеменгерлик менен карашкан, туура бүтүм чыгарышкан, калыс карашкан.

www.bizdin.kg

Оор маселелерди элдин элегине коюп, «калк – калыс, калк – тараза» – деп, элдин эрки менен эсептешип чечишкен.

Эл ичинде доо болсо, доону жоого айландырбай, тынч калыстык менен бүтүрүшкөн.

Адам бул жашоодо бир нукта өмүр кечирбейт. Айдын он беши жарык болсо, он беши караңгы болгондой, адам турмушунда дагы өйдө-ылдыйы сөзсүз болот. Бул закон ченемдүү көрүнүш.

Күнүмдүк жашоодо пикир келишпестиктер бала менен ата-эненин, кошуналардын, бир туугандардын, уруу менен уруунун ортосунда көп кездешет. Элибиз мындай маселелерди илгертеден эле адилет чогуу чечишкен. Урушкан үй-бүлөлөр болсо элдештиришкен. Мындай маселелерди чечүүдө айыл аксакалдарынын орду чоң болгон. Анткени ал мезгилде азыркыдай укук коргоо органдары же жазалай турган мыйзам болгон эмес. Кандай чыр-чатак болбосун аксакалдар кеңешинде талкууланып, талданып анан адилет бүтүм чыгарылган. Ал эми ошол чыгарылган бүтүм адамгерчиликтин жыйынтыгы болуп саналган. Адилеттүүлүктүн да бул жерде чоң оорду бар. Мына көрдүңбү окуучум, өз жашоолорун өздөрү жакшы нукка салган айкөл, адилеттүү, адамгерчилиги туу туткан улуу элдин үлгүлүү жөрөлгөсүн. Бул көрүнүш бүгүнкү күндө деле өз кадыр баркын жогото элек. Айыл аксакалдарынын кеп-кеңешин тыңдап, алардан үлгү алып, түз жолго багыт алган жаштарыбыз жок эмес.

Айкөлдүк – бул адам баласынын акыл-эстүү аракети, аң-сезимдүү кадамы менен жүзөгө ашырылуучу сапат. Адамды терең урматтоо сезими, кечиримдүүлүк, жоомарттык, кең пейилдүүлүк, адамгерчилик, адилеттүүлүк. Мына ушулардын баарын өз ичине камтыйт.

Айкөлдүк сапат баатыр Манас атабызга да мүнөздүү болгон. Бала Манас адегенде эле адамгерчилиги менен калк көзүнө көрүнөт. Маңгулдарды талаган Нескараны жеңет. Колго түшкөн 6300 жоокерди өлтүртпөйт. «Жаныңар аман, каалаганыңар мага карагыла», – дейт.

www.bizdin.kg

3600 жоокер Манаска кошулат, калганы аман-эсен элине кетет. Манас эч качан бийликке жутунбайт. Текес канды жеңет. Манас талоого умтулган жоокерлерди токтотот да, аларга минтип айтат: «Албаңар жырык ийнесин, не кыласың калмактын эзелтен жыйган дүйнөсүн». Манас, дайыма калк менен акылдашып, кеңешип маселе чечет.

Эч кимди зордобойт. Каалаганына коёт. Мисалы, Алтайдан Ала-Тоого көчөөрдө чогулган элге минтип айтат:

Көрбөгөн жерге баргын деп,
Зордобосмун силерди.
Алтайда ата жериңер,
Анжиянга баруугa!
Бизге уруксат бериңер.
Каалаганың алыңар,
Каалаганың барыңар.
Жакканың айткын жакты деп,
Араң турган журт бардыр,
Алтайдан бизди какты деп.
Көчпөдүң деп кордобойм.
Көпчүлүгүң өзүң бил,
Күч деп сени зордобойм.

Манасты манасчылар Айкөл деп да коюшат. Манастагы айкөлдүк сапат анын каны менен кошо бүткөн.

Айкөлдүн тулку-турпак, жаны кыргыз.
Айкөлдүн сөзү пенде, каны кыргыз.
Кыргыздын 40 миң чындык кыйкырыгы,
Кыйырдын кылым жырткан сыйкыр ыры.
Жараткан сыйкыр ырга жууруп туруп,
Жайсанды жаратыптыр булут кылып.
Булуттун оозун ачсаң улам толуп,
Куюлат кулагыңа Куран болуп.

Бала Манастын баатырлыгы, адамгерчилиги адегенде эле эл көзүнө урунат. Маңгулдарды талаган Нескараны жеңип, туткун болгон 6300 жоокерди өлтүртпөйт.

www.bizdin.kg



Эрки менен калчусун алып калып, калганын элине аман-эсен кетирет. Манас мансапка да жан далбас кылбайт. Чабуулда да жоокерлерине талоон кылып дүр-дүйнөсүнө тийбегиле деп эскертет. Зобун кылып бала-чака, аял, карыга тийбөөгө буйрук берет.

Көкөтөйдүн ашында да алган байгени бүт элге таратып, жоксуздарды марытып, Коңурбайдын өтүнүчүн аткарып, атын берип коюшу да Манастын айкөл сапаты. Жетим-жесирге, карып-мискинге кайрымдуулук кылуу «Манас» эпосунда кеңири кездешет.

Аккула чыкканда, байгени элге таратып, Каныкей жетим балдар башына муштумдай жамбы бергени берешен, боорукерликтин, энелик мээримдин үлгүсү экенин көрсөтөт.

Бул салт азыр да элибизде бар. Жетим-жесирге, карыкартаңдарга каралашуу – кадимден келе жаткан салт. Бул күндө көчөдө калган багар-көрөрү жок ар кайсы улуттун балдарынан 60 баланы асырап жаткан көлдүк педагог аялдын эрдигин эмне менен салыштырууга болот?! Бул чыныгы айкөлдүк, адамгерчилик, жан дүйнө арууллугу, сулуулугу, улуулугу. Бул – элибиздин каныңда келаткан касиет.

## Адилеттүү сот

Илгери-илгери бир соодагер адам болуп, ал ар кандай шаарларды кыдырып, соода-сатык кылып оокат кылган экен. Күндөрдүн бир күнүндө бир шаарга туш болуп, ал шаардын базарында, өзү алып келген товарларын сатып бүткөнүнө курсант болуп, шаардын базарын аралап

www.bizdin.kg

жөнөйт. Аны көрүп, муну көрүп отуруп ичине сегиз жүз алтын салынган түйүнчөгүн жоготуп алат. Түйүнчөгүн болсо бир жыгач уста таап алат. Жыгач уста аны үйүнө алып келип, «ээси табылгычакты» – деп катып коёт. Арадан 1–2 күн өтөт. Алтынын жоготкон соодагер тап-пасына көзү жетип, «кимде ким алтын салынган түйүн-чөгүн таап, аны алып келип бере турган болсо 100 алтын бере турганын жарыялайт. Аны уккан жыгач уста аялы-на «сен тиги сарайга барып, үстөлдүн жанындагы дубал-дын тешигине колуңду салсаң, бир түйүнчөк турат, алып кел – дейт. Аялы алып келсе баягы жарыялаган алтын болуп чыгат, санаса 800 алтын.

Жыгач уста баягы түйүнчөктү көтөрүп соодагерге алып келет. Соодагер жыгач устага 5 алтын эле берип:

– Сен ансыз деле 100 алтын алып алыптырсың, му-нун ичинде 900 алтын бар болчу – дейт.

Жыгач уста соодагердин калп айтканына ачуусу ке-лип, шаардын сотуна кайрылат. Шаардын соту, өзүнүн адилеттиги, адамгерчилиги менен атагы чыккан акыл-дуу адам эле. Ал жыгач устанын арызы боюнча соода-герди алдырып, экөөнү суракка салат. Соодагер да айт-канынан кайтпай, 900 алтын бар болчу – дейт.

Жыгач уста да түйүнчүктө 800 эле алтын бар экенин айтат. Шаардын соту өкүм чыгарат. Демек, силердин айтканыңар чын боло турган болсо, сен 900 алтын жо-готконсуң, ал эми жыгач уста болсо 800 алтын таап ал-ган. Ошондуктан соодагер 900 алтын таап алган кишини издесин. А сен болсо устам, 800 алтын жоготкон киши-ни тапкычакты алтындарды катып коёсуң – дейт. Ошен-тип, адилеттик орун таап, сөзүнө турбаган ач көз соода-гер алтындарынан кол жууган экен.

### Суроолор:

1. Адамдын айкөлдүгүн көрсөткөн жерин тапкыла.
2. Шаардын сотунун чечимин өзгөртүп көрчү?
3. Элдин нарк насили жөнүндө сөз болдубу?
4. Эмне үчүн алдоо жат көрүнүш деп ойлойсуң?

www.bizdin.kg



## Өлгөн адилеттик

Илгери-илгери өткөн заманда абдан ач көз, таш боор бир бай адам жашаптыр. Оюна келгенин жасап, элдин оокатын тартып алчу экен.

Күндөрдүн биринде аты менен келе жатып абдан кооз, чоң чарбакка туш болот да, анын чондугун, кооздугун көрүп ичи күйүп, дарбазанын мандайында турган чарбак ээси менен учурашып, атынан түшүп, ага мындай дейт:

– Бул чарбагыңды мага сатсаң, баасын көбүрөөк кылып төлөп берем.

Чарбак ээси ойлонбой туруп эле:

– Улуу урматтуум, чарбакты сатайын деген деле ниетим жок. Ата-бабаларым бул жерде жашашкан, мен дагы өмүрүмдүн акыркы күндөрүн бул жерде жашап өткөргүм келет. Бул чарбакты сизге сата албайм, андай болушу эч мүмкүн эмес.

– Эртең эртең мененкиге чейин сага убакыт берем. Жакшылап ойлон,– деп бай адам атына минип, жөнөп кетет. Чарбактын ээси башын чайкап:

–Болбойт. Сатпайм чарбагымды, – дейт.

Бай адам эртеси эртең менен эрте дарбазага келип, аттан түшпөй туруп:

–Ии... ойлондуңбу? – дейт. Анда чарбактын ээси:

–Жообум кечээкидей эле. Чарбагымды сатпайм, – десе, тигинин жини абдан келип:

–Дагы бир жолу сурап жатам. Жакшы айтканды түшүнсөң, сатасың. Же болбосо, мен билем кандай алышты дейт, каарданып. Чарбак ээси кайра эле башын чайкап:

– Сатпайм – деп туруп алат.

Ачуусу келген бай адам адвокатына айтып, толтура акча берип, чарбак ээсине каршы иш козгойт. Ал эми соттор тигинин чириген бай экенин, эгер чарбактын ээсине каршы иш козгоп, байга жардам беришсе, ал аларга көп акча берээрин билишкен. Ошондуктан чарбак ээсин чакырып, чарбагын сатып сатпай тургандыгын сурашат.

Чарбак ээси такыр бербей жок десе, байдын ага каршы бир иш козгой тургандыгын айтышат. Алардын айтканына карабай, чарбак ээси өз айтканынан такыр кайтпайт. Байдын адвакаты абдан куу киши болот. Чарбак ээсине каршы иш козголуп, ага абдан оор жаза кесишет. Ошентип байкуш

www.bizdin.kg

чарбак ээси чарбагын сатууга аргасыз болот. Сотко карыздарын төлөгөндөн кийин колунда болгону жүз алтын калат да, сотторго жалынып-жалбарып:

– Эгер бул дүйнөдө адилеттик калбай калса, аркы дүйнөдө кудайым силерди суракка алат-десе, соттор шылдыңдап күлүшүп, алардын бирөө мындай дейт:

– Адилеттиктин өлгөнүнө көп болгон. Сага эч ким жардам бербейт. Ошентип чарбак ээси ыйлаган бойдон соттон чыгып, өзү жакшы тааныган чиркөөнүн попуна барып, башынан өткөндү айтып берет.

– Азыр жүз эле алтыным калды. Бардыгын сага берем. Адилеттиктин өлгөнү үчүн чиркөөнүн коңгуроосун кечке как, – дейт.

Поп акчаны алып, кызматчысы менен чиркөөнүн башына чыгып, коңгуроолордун баарын күндөгүдөн башкачараак, кечке каккылай башташат. Шаардын эли чогулуп бирибирине:

– Ким өлдү болду экен, коңгуроолордун бардыгы бир маалда кагылып жатат. Ушу байлардан бирөө өлгөн окшойт, – дешет.

Шаарда эч ким өлгөн кишини таныбаганы, же ал жөнүндө такыр угушпаганы үчүн, элдин бардыгы кызыгып көчөгө чыгып чогулушат. Ошентип коңгуроолордун үнү падышага чейин жетет. Падыша да кызыгып, адамдарын жиберип, кимдин өлгөнүн сураштырып келгиле, дейт.

Бирок эч ким эч нерсе билбейт экен. Аягында попко келишет, ал мындай дейт:

– Адилеттик өлүптүр. Коңгуроолор адилеттикти көмүш үчүн кагылып жатат.

Поптун айткандары падышага жетип, ал угуп алып каарданып, ачуусу келип:

– Менин өлкөмдө адилеттик өлбөйт. Кээде эле уктап калбаса. Мен аны кайра ойготом. Дароо попту чакыртып, шаардын бүтүн коңгуроолорун кимдин кактырганын сурайт. Поп:

– Сизге чын дили менен берилген Виктор деген жердешиңиз.

Падыша тез арада Викторду таптыртып, сарайга алып келтирип, сурайт. Дыйкан болгонун болгондой, чарбагын кантип алдырып жибергенин, адилеттиктин өлгөнүн айтат.

Падыша угуп алып, абдан капа болот. Дыйканга чарбасын, мал-мүлкүн кайтартып бердиртет да, ач көз байды, куу

www.bizdin.kg

адвокатты жана пара жеген сотту өлүм жазасына тартат. Баарын коңгуроого окшоштуруп даргага асат.

Ошентип, ошол замандан бери адилеттик жашап жатат. Эгер бир күнү өлө турган болсо, коңгуроолор кайрадан кагылат.

**Үйгө тапшырма:**

Адилеттүүлүк, адамгерчилик жөнүндө уккан, көргөнүндөн жазып кел.

## 31 - сабак

# ЭЛДИН КЫЗ БАЛАГА, АЯЛ ЗАТЫНА БОЛГОН УРМАТТУУ МАМИЛЕСИ

**Маани бер:**

Аял – үйдүн куту.
Аял жакшы, эр жакшы.
Ата Мекен, Эне – нур.
Кыздын кырк чачы улуу.
Кыздуу үйдө кыл жатпайт.
Кызды сыйла, ал конок.
Кыз кездеги кылык,
аял болгондо каадага айланат.

*Кыргыз эл макалдары*

Аял жерден чыккан жок
Ал эркектин баласы
Эркек көктөн түшкөн жок
Аял анын энеси.

Аялзатына тиешелүү асыл жана нарктуу сапаттар: уяттуулугу, намыстуулугу, акырын басып, акырын сүйлөөсү, сөз көтөрүмдүүлүгү, боорукерлиги, назиктиги, кечиримдүүлүгү ар нерсени ордуна коё билүүчү акылдуулугу, тазалыгы, сулуулугу:

Эрке өстүрсөң кызыңды жаман адат,
Өмүр бою кайгыда жашың агат.

www.bizdin.kg

Эрке өстүрсөң баланды корсуң анда,
Күнөө атада, бирөөгө доомат кылба.
Балдары орой болсо сөз укпаган
Күнөөнү издөө керек эне-атадан.

*Баласагын*

Демек, бала же кыз жаман чыкса эне-атага шек келет, жаман атты болот. Кыргыздын демократиялык коомунун тагдыры – аялдын тагдыры менен байланышат. Аял заты бул – бирөөнүн энеси, бирөөнүн жары, бирөөнүн эжеси же карындашы. Аял затынын кадырын түшүнбөй турган эч ким жок. Эзелтеден эле ата-бабаларыбыз аял затына урмат менен мамиле кылгандыгы белгилүү. Тээ алыскы Манастын аялы Каныкейдин, кантип элге алынганы, анын кайын энесине, күйөөсүнө, жалпы элге карата кылган мамилесинен, кызматынан улам болуп жүрбөсүн? Укум-тукум улаган, жан жараткан аялзаты – дүйнөнүн туткасы. Заманга жараша азыркы кыздардын да, аялдардын да жүрүм-туруму өзгөрдү. Кийим кийгенинен тартып, таалим-тарбия маселелери да башка болду. Ошентсе да кыргыз тилин, кыргыз каада-салтын сактоосу зарыл. Кыздын кыздай болгону түзүк. Кийген



кийим да абийирдин көрсөткүчү. Ай далысы ачык, төшү жайдак, шымы такымынан, курсак киндигин көрсөткөн кыздардын кыргыз кызы экенине ишенбей кетесиң. Жүзүн эле ачып, ак жоолук чүмкөнүп, шөлбүр көйнөк, шалбар шым кийген кыздарга ого бетер таң калганың аз келгенсип, алардын кылыгы да ойлондурбай койбойт.

Аялзаты да урмат-сыйга ээ болуу үчүн өздөрү да эмгек кылып, балдарына жакшы тарбия бергендигин эч ким тана

www.bizdin.kg

койбос. Ошондой болсо да кыз баланы сыйлоо, ага жакшы мамиле ар бир эле адамдын колунан келе бербейт. Ал үчүн ошол аял затынын баркын түшүнгөн акылдуу адам болушу керек. Ар бир кызды өзүнүн эже-карындашын ордуна коюу менен караш керек. «Менин карындашымды бирөө чаап жиберсе мен эмне кылат элем? – деп ойлош керек».

Асыл сапат назиктик аялда бар,
Арасында кеп билбеген жаман да бар.
Адам менен адамча сүйлөшө албай,
Акырын чагып алма чаян да бар.

## АЙБИЙКЕ

Лейлек районунун түштүк чегинде, азыркы Кара-Булак айыл өкмөтүндө Айбийке аттуу ажайып кооз айыл бар. Бул айылга баргандар жайлоосунун коздугуна сук-танышып, атына заты жарашкан бул жер «Айбийке» деп кандайча аталып калганын сурашат. Ал мындайча экен.

Кайсы бир өткөн заманда ошол аймакты жердеген акылман хан болуптур. Ал калкка кадыры артык болуп, бул дүйнөнүн баарына акылы жетсе да, көп жыл жашап, бир да балалуу болбой, арман кылган экен. Кийин ошол хан жалгыз кыздуу болуптур. Кызын ардактап «Айымбийке» деп ат коюп, кастарлап чоңойтот. Айымбийке да атына заты жарашып, айдай сулуу, эстүү, аялзатына тиешелүү баардык өнөр-сапаттарга ээ болуп өсөт.

Хандын кызына тегерегиндеги бардык элдер суктанышып, өздөрүнүн жуучуларын жиберишет. Бирок, акылман хан алардын бирине да макул болбойт. Тартуулаган байлыгын да албайт. «Кызым өз тагдырын өзү чечет», – дейт.

Ошондо Айымбийке күйөөлөп келген жигиттердин байлыгына эмес, акыл-эсине, адамдык сапаттарына карап, акырында карапайым, бир кедейдин сымбаттуу уулун жактырат.

www.bizdin.kg



Хан элин жыйып, кырк күн той өткөрүп, кызын узатаарда себине деп, дал ушул Кара-Булак айылынын тоо таянган өрөөнүн тартуу кылган экен. Айымбийкенин акылына, журтту бириктирген акылмандыгына, сулуулугуна баа берип, эл анын атын «Айбийке» деп атап алышкан. Айбийке өмүрлүк жары менен узак өмүр сүрүп, көп балалуу болуптур.

Илгертеден бери эле кыргыз эли аял затына аяр мамиле кылып аны кастарлап, кадырлап келгендигин жана аял заты да өз кезегинде эр азаматтардын колуна-кол бутуна бут болгонун биз тана албайбыз.

Ошондуктан айтылгандыр, эл оозунда «вазир жакшы – хан жакшы, аял жакшы – эр жакшы» – деген макал. Аял бул – ЭНЕ деген улук зат.

### Суроо:

Айымбийкедей кыз болсоң кандай жигитти тандайт элең?

## КОШУМЧА ОКУУ ҮЧҮН

### Бардырбасың бардырбас

Илгери-илгери бир кемпирдин шалаакы, жалкоо, эмгектен качкан, эрке, эси жок кызы болуптур. Ал эртеден-кечке айылчылап, ойногондон башка эч нерсе жасачу эмес экен. Эне байкуш эртеден-кечке өзү жалгыз иштеп жүрүп, бир күнү ооруп калат. Эси жок кызы анын ооруганына да карабай, үй-жай менен иши жок жүрө берет.

Күндөрдүн биринде айылынан бирөө чоң той берет экен деп угуп, ар кимди тажатып: «Тойго барасыңарбы? Мен сөз жок барам», – деп мактанат.

Той өткөрүлө турган күн да келет. Шалаакы кыз теңтуш кыздарынын татынакай, жарашыктуу кийинип бараткандарын көрүп, апасына: «Мен дагы тойго барам», – дейт. Төшөктө жаткан апасы муңайып: «Мен го жиберем, бирок

www.bizdin.kg

бардырбасың бардырбас», – дейт. Кызы ага жини келип: «Ким мени бардырбайт экен!», – деп буркан-шаркан түшүп, тойго кийгенге кийим издей баштайт. Караса кие турган кийимдеринин баары кир болуп, тойго бара албай калат. Ошондо гана ал апасынын «бардырбасың бардырбас» деген сөзүнүн маанисин түшүнөт.

**Суроолор:**

1. Элдик нарк-насил жөнүндө сөз болдубу?
2. Кызга болгон урматтуу мамилени тексттин кайсы жеринен көрдүнөр?
3. Кыз бала кандай болушу керек деп ойлойсуңар?
4. Сен апаңды акыркы жолу качан кучактап өптүң?

## Алай ханышасы Курманжан датка

Түштүк кыргызга, Фергана чөлкөмүнө, жалпы Орто Азияга, ал турсун Петербургга да белгилүү өткөн кылымдагы тарыхый инсан, кыргыз элинин коомдук жана мамлекеттик ишмери «Алай ханышасы» деген атак алган Курманжан энебиз Ороке кыштагында мундуш уруусунун жапалак уругунан чыккан Маматай аттуу орто дыйкан, колунда бардар адамдын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген.

Курманжан жаш кезинен эле элдик үрп-адатты, каада-салтты кадырлаган, келим-кетимдүү үй-бүлөдө тарбиялангандыктан өз оюн тайманбай бетке айткан акыл-эси башкалардан өзгөчөлөнүп турган, намыскөй кыздардан болуп өсөт. Анын мындай өсүшүнө атасы Маматбайдын да таасири чоң болгон. Маматбай накыл билги, орду менен сүйлөгөн, бирөөнүн акысын жебеген, кара өзгөйлүгү жок, мал жандуу, ата-тегинен динди, руханий түшүнүктү бекем кармаган сабаттуу адам болгон.

Курманжан 17 жашка чыкканда, атасы Маматбай кудалашып койгон 500 түтүндүү жоош уруусунун Төрөкул деген бийинин анча мааниси жок Күнсеит аттуу уулуна кызын турмушка чыгарган. Бирок, күйөөсү көңүлүнө толбогон үрктүү Курманжан мезгилинин татаал мыйзамына каршы туруп, 1 жылдан кийин Үч-Таш жайлоосунан атасынын үйүнө келе берет да үч жыл чамасында башы бош отуруп калат.

1832-жылы Курманжан 21 жашында баргы уруусунун бийи катары жана Кокон бийликтерине кызмат кылып «дат-

www.bizdin.kg

ка» деген наам алган эл-жерге кадыры, билгилиги маалым Алымбек Даткага кокусунан жолугуп калат да, көп узабай аны менен баш кошкон.

Ошол күндөн баштап Курманжан өлкөнүн окуяларына, Кокон бийликтеринин аракеттерине күйөөсү Алымбек Датка менен катар эле аралаша баштады. Убагында Алымбек Оштун акими, Анжияндын беги, Кокон ханы Шахмураттын тушунда анын биринчи увазири болуп, кызмат өтөгөн.

Алымбек датка дагы өз мезгилинде түштүктүн белгилүү мамлекеттик ишмери катары далай мамлекеттик окуяларга түздөн-түз катышкан. Курманжан күйөөсү Кокондо жүргөндө анын ордун жоготпостон эл башында билги катары, ал гана эмес Алымбектин мамлекеттик иштеринде кеңешчи катары таанылды. Алымбек менен Курманжан 29 жыл эриш-аркак жашап, Абдылдабек, Баатырбек, Мамытбек, Асанбек, Камчыбек аттуу беш уул жана Сатимбү, Айкөкүл аттуу эки кыздуу болушкан.

1862-жылы Алымбекти Кокондо кас душмандары өлтүрүп кеткенден кийин да Курманжан тагдырдын соккусуна мүңкүрөгөн жок. Тескерисинче жазмыштын эркине ынанган айым күйөөсүнүн даткалык бийлигин улантып өзүнүн көсөмдүгү жана дипломатиялык жөндүүлүгү менен Алайдын гана кыргыздарына эмес, бүткүл Фергана өрөөнүнө даңктуу башкаруучу катары бааланган.

Датка – деген наам Бухаралык чин болгон. Ал фарсча «дохког» – бизче «адилеттүүлүк» деген маанини билдирет жана орус армиясынын «генерал» деген чинине туура келет.

Орто Азия жана түрк элдеринде аялдан датка даражасын алып жүрүү дегеле тарыхта болгон эмес. Курманжанга аял да болсо мындай наамга ээ болуу анын тарыхтагы ордунун өтө жогору экендигин ырастап турат.

Эл кадырына ээ болгон тарыхта аты калган Курманжан Датка 1907-жылы 1-февралда 96 жаш курагында дүйнөдөн кайткан. Көзү өткөн учурда анын 183 тукумунун 98и (2 уулу, 2 кызы, 3 небереси, 57 чөбөрөсү, 6 чебереси) тирүү эле.

### Үйгө тапшырма:

«Менин эжем же карындашым» деген темага дил баян жазып келүү.

*Эскертүү*: Бул дил баянды көркөмдөбөй толук, туура ойлорун жазууну сунуш кылуу керек.

www.bizdin.kg

## 32-сабак

# АТА-БАБАЛАРДЫ ЭСКЕ ТУТУУ, АРБАКТАРДЫ СЫЙЛОО

**Маани бер:**

«Адамдын өзү тойсо да көзү тойбойт»,
«Жебеген жердин астында».

*Кыргыз эл макалы*

Арам киши жаман киши бир өлөт,
Аты аталбай ошол бойдон түгөнөт.
Анткендиги, эсте калаар иши жок,
Бул дүйнөдө жашаганын күбөлөп.
Ошол өндүү жакшы деле бир өлөт,
Бирок анын жакшы ишине күбө көп.
Сөз сүйлөнсө жашай берет ысымы,
Сөөгүн өрттөп салган күндө үбөлөп.

Эгерде ата-бабаларыбызды эскербей турган болсок, анда биздин тарыхыбыз болоор беле? Өткөн ата-бабаларыбызды эстөө менен, аларга сый-урмат кылуу менен өзүбүздөн кийинкилерге биз дагы нарк-насилибизди калтырабыз. Эгерде ата-бабаларды эскербесек Манасты ким билмек эле. Эзелтен эле ата-бабаларга сый мамиле кылып алардын жакшы сапаттарын чыгарып, жаманын жашырып келишкендигинен улам биздин күндө да ал салт уланып келүүдө. Урпактарынын эсинде калуу үчүн ар бир адам, жакшы иштерди, айланадагы адамдарга пайдалуу иштерди жасап, жаман нерседен алыс болуу керек. Демек, адам тиги дүйнөнүн камын бул дүйнөдө көрүү керек.

Арбак ыраазы болсун же үмүттөнүп калбасын деп ата-бабанын арбактарына атап куран окутуп туруунун өзү ал адамдын бул дүйнөгө калтырып кеткен мурасы, насааты жана анын атын чыгаруучу эли жана уул-кыздары.

Мына бир адам «тиги дүйнөнүн камын бул дүйнөдө көрүү керек» – деген сөздүн мааниси, маңызы.

Ар бир адам артында жакшы иш жана жакшы сөз калсын үчүн жашоо керек экендигин эсиңден чыгарба.

www.bizdin.kg

# АТА САЛТЫ

Омордун атасына «топурак салуу» үчүн кабар жеткендин баары келишти. Келгендердин саны өтө көп болгондуктан көчөнү машиналар бөгөп, өтө турган машиналар менен адамдарга кыйынчылык түзүп жаткандыгына карабастан кийинки келгендер да Оморго көңүл айтууга, анын жанына баруу үчүн түртүшүп араң жетүүдө. Омор болсо кабагын катуу бүркөп атасына катуу «күйгөндөй» түр көрсөтүүдө. Өзүнүн үч кабат үйүнүн астына үч боз үй тиктирген. Андан тышкары ал жашаган көчөнүн адамдары дагы конок күтүшүүдө. Кошуна колондору Омордун атасы бар экендигин, өлгөндөн кийин гана билишти. Бир көчөдө жашагандыктарына 10–15 жыл болсо да атасы жөнүндө эч ким уккан эмес жана аны эч ким көргөн да эмес. Эми, өлгөн атасын алып келип үйүнө «коюп» жаткандыгына таң калышса да адамдык адеп сактап эч кимиси унчуккан жок.

«Укпайт деп ушак айтпа, көрбөйт деп ууру кылба» же «Кыңыр иш кырк жылдан кийин да билинет» – дегендей, абышка жерге кете электе эле, ал абышка эч кимге кереги жок нерсе катары көп жыл мурда эле каралбай калып, айылдагы ага боору оруган адамдардын жардамы менен «карылар үйүнө жеткирилгендиги» анык болуп калды.

Бул жаңылык кээ бирөөлөрдүн кыжырдануусун жаратса да эч кимиси үн көтөрүп Оморго айта алышкан жок. Омор атасына 4 жылкы жана майда кой-козудан 5–6ны сойду. Атасын «жерге» коюп келгенден кийин ар бир үйгө конок берип, ар бир табака 2 бөтөлкөдөн арак бердирди. Элдин баары этин жеп, арагын ичип, курасын окутуп, үй-үйлөрүнө тарап кетишти.

Омор муну менен эле атасын эскерүүсүн токтоткон жок. Ал атасын жерге жашыргандан кийин үчүлүк, жетилигин жана кыркылыгын да өткөрүп, эл чакырып, жылкы союп, тай союп куран окутту. Аялы да желпилдеп, оозу-оозуна тийбей, буту-бутуна тийбей элди тейлеп

www.bizdin.kg

жүрдү. Тышынан караган элге «Мына бала деген, келин деген ушундай болсун, атасын ардактап коюшту, куран үчүн мал-жанын аяган жок, аттиң... баланын баары ушул Омордой болсочу» дегендей эле болду. А эгер бул окуяны талдап көрүп: Омор атасы менен ушунча жыл катышпай жүрүүсүнө эмне себеп болду деп ойлойсуң?

«Тирүүсүндө сыйы жоктун өлгөндө ыйы жок» – деген макалдын биздин ушул окуяга тиешеси барбы же жокпу?

Күнөөнү кимден издөө керек? Жана башка суроолорго жооп издеп көрсөк, мүмкүн ар кимибиз, өзүбүздү сырт тыбыздан карап, ар кимге салыштыруу менен ички сезимибизде адамгерчилик ыймандык деген нерсе ойгонуп жообун табаар белек...

Ата-энеге, ата-бабага куран окутуу, үйдөн арбактарга атап жыт чыгаруу ар бир баланын милдети. А бирок ага чейинки «камкордук кылуу каралашуу жана багуу» деген нерсени унутуп койгонубузду ата-эне да, кудай-таала да эч качан кечирбесин көкүрөгүңө түй.

## Суроолор:

1. Ата-бабаны эске тутуу, арбакты сыйлоо жөнүндө сөз болдубу?
2. «Тирүүсүндө сыйы жоктун, өлгөндө ыйы жок» дегенди ким кандай түшүнөт.
3. «Ата сыйлаган абийир табат. Эне сыйлаган элге жагат» деген макалдын ушул темага тиешеси барбы?

## Үйгө тапшырма:

Өтүлгөн темага карата сен эмне айткың келет? Жазып келүү.

www.bizdin.kg

## 33 - сабак

# КАЙТАЛОО ЖАНА ЖЫЙЫНТЫКТОО САБАГЫ
# БИЛГЕНДЕРИҢ ЖАНА УККАНДАРЫҢ ЖӨНҮНДӨ ОЙ ЖҮГҮРТ

**Сабыр** бул – турмушта кездешүүчү ар түрдүү кыйынчылыктарга туруштук берүү.

**Кичи пейил, адептүүлүк** – жашы кичүүлөрдү улуулардын алкоосуна татыктуу кылат.

**Убадага тура албаган адам** – өз абийирин жоготот.

**Намыс** – бул адамдын адамдык өлчөмү анын кишичилик даражасынын бийиктик ченеми.

**Нысап** – бул өзүнө эмнени ыраа көрсө, башка адамга да ошону ыраа көрүү.

Адамгерчилиги жок адамдын, айбандан айырмасы жок.

Орунсуз ачуулануун, кабак түйгөндү өзүнө адат кылба.

Берешен боорукер бол.
«Богооз» атка конбо.
Көгөрүп дарак дагы бир орунда,
Чоңоюп көркүн жаят жылдан жылга.
Окугун, жакшы окууга белиң байла,
Ырыскы, таалай сенин өз колуңда.
Жүрбөгөн бир күнү да бошко карап,
Бош жүргөн ырыскыдан куру калат.
Атаңды уят кылба, жер каратып,
Колуңдан түк түшпөсүн китеп-жарак.

*Райкан*

Абийири бар адамдар таза сүттөй,
Уятсыздын иши да калат бүтпөй.
Эгерде кимде болсо намыс, уят,
Андайлар сансыз байлык, сыйлык алат.
Жаман иштен сактаса абийир сактайт,
Жакшы ишке баштаса абийир баштайт.

*Баласагын*

www.bizdin.kg



## Карылык сапаттары жөнүндө баян

Уулум, карыган кезинде жигиттерге ылайык пейилдерден кайткын, арийне карыган чакта жигиттердин кылыгын жасоо ылайык эмес. Жигит кезинде болсо, карылык пейилди жасоо олдоксон көрүнөт. Сырт келбетин, бет-үрөйүн безеген карылар түркөй жигиттерден дагы пастык кылат. Жигиттик доорду канимет билгин жана ага ылайык иш туткун. Качан жыт билүү, угуу, көрүү, эсте тутуу, даам татуу сыяктуу лаззаттуу сезимдерден айрылган кезинде турмуштан өзүң дагы шаттана албайсың, бөтөндөрдү дагы шаттандыра албайсың.

Уулум, мен бир китептен окуган элем: адамдын кубаты отуз төрт жашка чейин ар күнү жаркырап нурдана берет. Отуз төрт жаштан кырк жашка чейин кубаты көбөйбөйт дагы, кемибейт дагы, бир түрдө тура берет. Кырк жаштан элүү жашка чейин өзүнүн кубатында турганы менен, ар жылы кандайдыр бир денедеги кемчиликти, кубатсызданууну сезе баштайт. Элүүдөн алтымыш жашка жеткенче адам ар айда өзүнөн кара күчтүн тайгандыгын сезет. Эгерде алтымыштан өтсө ар саатта өзүнөн кемчилик сезет. Бир саам тигил жери, бир саам бул жери ооруйт. Өмүрдүн эң кубаттуу чокусу кырк жаш. Кырк жаштан кийин аста-секин төмөн түшүү башталат.

Уулум, карылык күүсүнө жетсең, бир жерде жашагын, карылыкта сапарга чыгуу акылга сыйбаган иш. Кокусунан башыңа бир иш түшүп, башка жерге көчсөң, ал жерде ыраатта жашай баштасаң, анда ошол жайда тура бер, дагы башка жерди арзуу кылбагын. Шайык Саади мындай деген эле:

– Дамаск шаарындагы мечитте жума намаз күнү бир тайпа даанышмандар менен сүйлөшүп отурган элем. Капилет эшиктен бир жигит кирип келип: «Киминер фарсчаны билесиңер?» – деп сурап калды. Жарандар мага ишаарат кылышты. Мен андан эмне окуя болгондугун сурадым. Ал жигит мындай деди:

– Бир жүз элүүгө кирген чал өлүм алдында жатыптыр. Ал фарсча бир нече сөздөрдү айтты. Эгерде өз кадамыңды аябай ошол чалдын алдына барып, анын сөздөрүн бизге түшүндүрсөң, көп ыраазычылык билдирет элек.

www.bizdin.kg

Мен чалдын жанына көчүк басып анын сөзүнө кулак салдым. Ал бул бейтти окуп жаткан экен.

Канча жүрдүм жетүү үчүн муратка,
Кан жолумдан ажал сунду кылычын.
Өмүр өттү, жыргал көрбөй кенедей,
Мага таштап кайгы-азаптын үлүшүн.

Анын маанисин арабчага которуп түшүндүрдүм. Ушунча узак жашаса да анын бул дүйнөдө өтүп жатканын арман кылганына арабдар абдан таңданышты. Мен чалга: «Акыбалың кандай» дедим.

Чал мындай жооп катты:

– Бир тишти сууруш адамга канчалык оору берет. Дененден жан чыгышын ушуга салыштыра бер.

Мен табып чакырып эмдеттирели дедим. Ал бободой боздоп кокуйлап:

– Адам карыганда табы айныса, дары-дармектен кенедей да пайда жок. Табып дагы эч бир ылаажысын таба албайт, – деди.

Уулум, мына, карылыктын эмне экендигин өзүң түшүндүң. Карыларды ар дайым урмат кылгын. Көңүлдөрүн оорутпагын. Аларга колуңдан келишинче кызмат кылып, алкоосуна татыктуу бол.

## Тесттик суроолор:

**1. Мекенди сүйүү деп сен эмнени түшүнөсүң?**
а) Бөлөк улуттун өкүлдөрү менен ынтымактуу жашоо.
б) Жаратылышты сүйүү.
в) Армияга баруу.

**2. Сөз көтөрүмдүүлүк бул эмне?**
а) Унчукпай угуп туруу.
б) Сөзгө маани бербөө.
в) Айтылган сөзгө маани берүү.

**3. Өзүмчүл адамдын мүнөздөрү?**
а) Бой көтөрүү.
б) Кайдыгер болот.
в) Зыкым болот.

www.bizdin.kg

**4) Уккан ушактын адамга таасири?**
а) Укпай жүрө берсе болот.
б) Кулак укса, курсак кайнайт.
в) Далилдетүү керек.
г) Ойлонуу керек.

**5. Калпта чындык барбы?**
а) Бар.
б) Жок.
в) Мүмкүн.

**6. Билимсиз адам намыстуу, уяттуу болушу мүмкүнбү?**
а) Мүмкүн.
б) Мүмкүн эмес.
в) Ойлонуп көрүү керек.

**7. Эмгек гана адамды, адам кылат дегенге кошуласыңбы?**
а) Ооба.
б) Жок.
в) Ойлонуп көрүү керек.

**8. Өз буюмун коргоо ичи тардыкпы?**
а) Ооба.
б) Жок.
в) Мүмкүн.

**9. Адепсиз окуучу, келечекте оңолуп жакшы ата болушу мүмкүнбү?**
а) Ооба.
б) Жок.
в) Мүмкүн.

**10. Жети атасын билбеген адамды жетесиз дегенибиз туурабы?**
а) Жок.
б) Ооба.
в) Ойлонуп көрүү керек.

www.bizdin.kg

**11. Көп сүйлөгөн адам «тантык» болушу мүмкүнбү?**

а) Ооба.

б) Жок.

в) Ойлонуп көрүү керек.

**12. Алдыңа келсе, атаңдын кунун кечиришиң мүмкүнбү?**

а) Мүмкүн эмес.

б) Мүмкүн.

в) Ойлонуп көрүү керек.

**13. Көп күлүү – адамга жакшы таасир тийгизет?**

а) Ооба.

б) Жок.

в) Ойлонуп көрүү керек.

## 34 - с а б а к

## МУГАЛИМДИН ЫКТЫЯРЫНДАГЫ САБАК

### Жумуртканын баасы

Бир бай адам түштөнүү үчүн ашканага кирип, он жумуртка жана чай заказ кылат. Жаңы эле жумуртка алдына келип, эми жейин деп бирөөнү аарчый баштаганда, эшиктен бир киши келип, алиги бай адамдын кулагына эңкейип алып, толкундана бир нерселерди шыбырап кирет. Аарчылып-аарчыла элек жумурткасын дароо таштап, берген заказына акча төлөгөндү да унуткан бойдон тиги бай адам чуркап эшикке чыгып, машинасын айдап жолго түшөт.

Арадан бир нече убакыт өтөт. Бир күнү түштөнүү үчүн ашканага кирген бай адамдын эсине баягы он жумуртка түшүп, ашкананын ээсин чакыртып:

– Мени эстедиңизби? Мен сизге он жумуртка заказ берип, бирок төлөбөй шашып кеткен болчумун. Ошол он жумуртканын акчасын кошо эсепке киргизип коюңуз, – дейт.

www.bizdin.kg

Ашканын ээси ал убактан бери байып, ашканасын дагы кеңейтип, кишилерди теңине албай калган учуру эле.

– Ооба, эстедим, жумурткалар сиздин эсебиңизде эле жазылып жүрөт, беделин (процентин) төлөй албай кыйналасызбы деп корком – дейт.

Баймын деп өзүн эсептеген адам:

– Он жумуртканын бедели менен төлөгөнгө кудуретибиз жетет – дейт.

– Ким билет? – дейт ашкананын ээси – сиз чыгып кетериңиз менен эле сизге каршы доо ачкам (сотко бергем деген мааниде) жакшы келдиңиз. Эртең балан-түкүн деген сотко барабыз – дейт.

Бай адам камырабаптыр. Чындыгында он жумуртканын акчасы канча болот дейсиң. Эртеси, сотто, ашканын ээси, он жумурткадан, он жөжө чыгарса болмогун, ал жөжөлөр чоңоюп тоок болгондо бир жылда баланча жумуртка туумак экендигин, аларды бастырса төлөнчө жөжө болоорун, бир жылдыгын, эки жылдыгын, үч жылдыгын айтып, ал түгүл эсебин соттун алдына таштап, ушунча көп доо коёт. Сот да буга муюп, ашкананын ээсинин баасын кесет. Тиги бай адамдын асманы башына түшүп кеткендей эле болот, себеби, жыйган-тергенинин баары, он жумуртканын акысына кетмек болот. Эмне кылаарын билбей келе жатып, бир бейтааныш кичинекей адамдын өзүн, күлө карап турганын көрүп токтоп калат. Тиги адам:

– Эй тууган өтө капалуу көрүнөсүң, кайгыңдын себебин айтып көрчү, мүмкүн менин жардамым тиер – дейт. Бай адам болгонун айтып, үшкүрүнөт.

– Болгону ушубу, мен сага жардам берем. Сен болгону, соттун өкүмүн буздургун да, кийинки сот боло турган күндү мага кабарла – деп өзүнүн дарегин, аты-жөнүн айтат.

– Эгер жардам бере турган болсоң, байлыгымдын жарымы сеники – деген бойдон, кайра арызданып, соттук ишти кайра кароого мүмкүнчүлүк алат.

www.bizdin.kg

Сот болоор күнү бай адамдын тиги кишиси кечигет, 5 минут, 10 минут, 15 минут күтүшөт тиги жок. Айласы кеткен сот эми, сот процессин эртеңкиге калтырайын деп жатканда эшиктен күйүгүп-чуркап тиги киши кирет. Эмнеге кечиккендигин сурашканда:

– Буурчак бышырып кечигип калдым, кечирип коюңуздар! – деп жооп берет.

Буурчак бышырганын шылтоо кылганына кыжыры кайнаган сот:

– Буурчакты бышырып алып эмне кылат элең? – деп сурайт.

– Талаага себет элем урматтуум – деп жооп берет. Алдындагы адамдын аңкоолугуна, акмактыгына жини келген сот:

– Куурулган буурчакты да талаага айдоочу беле! – дейт. Анда тиги адвокат камырабай:

– Туура айтасыз улуу урматтуум, бышырылган жумурткадан жөжө чыкпай тургандай эле, куурулган буурчактан да эч нерсе өсүп чыкпайт. Ойлонуп, өкүм чыгарсаңыздар туура болот го дейм – деп жооп берет.

Сот берген өкүмүнүн жаңылыш экенин түшүнүп, өкүмдү өзгөртөт, тиги он жумурткага заказ берген адам ошол он жумуртканын гана акчасын төлөйт.

Ал эми тиги адвокатка ыраазычылык билдирейин, акча берейин десе эле ал кетип калган болот. Адреси боюнча барса ал жерден көчүп кеткен экен. Ошол күндөн бери жолуктура элек.

## Суроолор:

1. Текстте адамгерчилик тууралуу сөз болдубу?
2. Ашкананын ээси эмне үчүн ушундай жорукка барды деп ойлойсуңар? Бул тексттен сен өзүңө эмне алдым деп ойлойсуң?

www.bizdin.kg

# КОШУМЧА ОКУУ ҮЧҮН

## Солтоке баатыр

Солтоке өзү жарды болгондугуна карабастан, өзүнүн акылдуулугу, сөзгө чечендиги, эч кимден тартынбаган көк жалдыгы үчүн тарыхта калган элдик инсандардын бири. Ошол адам сексенден ашып калганда айылында бир кадырлуу адамдын ашын берип калат. Айылдын ак сакал адамдарынын катарында ал дагы баласына ат токуттуруп минип, ашка барат. Илгери ашты-тойду чоң салтанат менен өткөрүп, балбандар кармашып, той-күлүктөр чабылып, шаан-шөкөт менен өтчү экен.

Балбандар кармашып, аны көрүүгө көзү жетпей, эмне болуп жаткандыгына кызыкдар болгон Солтоке, алдында отурган жаш жигиттен улам эле – «Эмне болду? Эми, эмне болду?» – деп сурап отурат экен. Жанында Балбак болуш отурган эле. Ал тиги Солтокенин кайра-кайра сураганына ачуусу келип:

– Токсонго чыкканда, тоголонуп эмне келдиң? Тойгонуңа топук кылып эле үйүндө отура бербейсиңби? Кулагың укпаса, көзүң көрбөсө мындай жерге эмнеге келесиң? Же бул жерде алаcaң барбы? Эгер болсо айт, жок болсо кобурабай үйүңө кайт – деп каарын төгөт.

Анда Солтоке Балбакка карап, акырын гана:

– Балбагым, менин сенден ала турган аласам, бере турган бересем жок. Мен сага келгеним жок, мен элге келдим, эриккенимди жазайын деп келдим. «Эже кийген көйнөктү сиңди да киет» – деген. Мен кийген тонду сен да кийесиң. Өөдөсүнгөнүңдү ошондо билесиң. Өмүрдүн жолу бир калыпта түз эмес, өөдөсү бар, ылдыйы бар. Этектей жерде отурамын, мен үчүн ушул жер көптүк кылса, мен кеттим, ушул жерге күрүч айда да, атаңа аш бер – деп обдулуп турайын дегенде, ал жерде отурган кары-жаштын баары:

– Балбак одоноￔоок сүйлөп койду, аны кечириңиз! – деп жалынып жатып, кайра отургузушту. Балбак үн чыгарып жооп кайтара албады. Тултуюп, жер карап, отуруп калды.

www.bizdin.kg

## Бабалардын нускасы

Түндөсү түш жоруба.

Таң азандан тур, ырыскыдан кур каласың.

Дасторконду тетири салба.

Шыпыргыны тигинен койбо.

Шыпырынды жерге отурба.

Кыбылага карап заара ушатпа. Кыбыланы тээп жатпа.

Баш кийимиңди ыргытпа.

Алыска аттанарда нандын четинен ооз тийип, сактатып кой, насип күтөт.

Тамакка сынтакпа.

Келинди отко киргизгенде май жедир.

Балага жаңы кийим кийгизгенде бетинен өп.

Караңгыда күзгүгө каранба, чач тараба, жылдыз санаба.

Отту бутуң менен ичкертпе.

Мүрзө аралап өтөөрдө келме келтир, күндүз куран окуп өт.

Колуңду артына алып баспа. Мылтыкты аттаба.

Атың аксаса, балаңдын заарасы менен жуу.

Алган чачыңды тебелендиге таштабай мөмөлүү дарактын түбүнө көмүп кой.

Чыныны чертпе, казанды калдыратпа.

Карыганда жаштарга асылба, каргыш менен өлөсүң.

Атты башка чаппа, туягың кемийт.

Ургаачыга кол көтөрбө, карыганда кор болосуң.

Бөйрөгүңдү таянба, өлүм чакырат.

Аял киши мандаш токунбайт.

www.bizdin.kg

# ТЕСТТИК СУРООЛОРДУН ЖООПТОРУ:

**9-сабак.**

1-б. 2-в. 3-а 4-б. 5- .

- кийинки көч ошол жакка барат

- кичүүсү өзү тарбияланат

- эжени көрүп сиңди өсөт

6-а. 7-в. 8-а 9-б. 10-а. 11-б. 12-

- Конок үйдүн куту

- Меймандостук кыргыз элинин улуу салты

- Буудайдан наның жок болсо да, буудайдай сөзүң жокпу.

**33-сабак.**

а-2 упай. б-3 упай. в-1 упай г-4 упай

15–20 упайга ээ болсоңуз өзүңүзгө өтө ишенген адамсыз.

20–27 упайга ээ болсоңуз оптимисттик көз карашыңыз бар токтоо акылдуу адамсыз.

27 упайдан жогорку упай топтосоңуз өзүңүздүн акыл күчүңүзгө ишене албайсыз. Тартынчаак чечкиндүүлүгүңүз жокко эсе.

www.bizdin.kg

# МАЗМУНУ

## I ЧЕЙРЕК. АТУУЛ ЖАНА АТА ЖУРТ

1-сабак. 5-класстагы уруттуу, зарыл темаларды кайталоо....5
2-сабак. Кыргызстан – биздин Мекенибиз....11
3-сабак. Кыргыз жергесиндеги эл ыйык туткан жерлер жөнүндө....17
4-сабак. Атына заты төп келген, чүрөктөй көлдөр кимде бар....30
5-сабак. Жер-суу аталыштары....40
6-сабак. Абалкы аттарды кастарлай билели....44
7-сабак. Ата мекенге болгон кусалык....48
8-сабак. Практикалык сабак. Ата журтум ыйык турагым....54
9-сабак. Мугалимдин ыктыярындагы сабак....59

## II ЧЕЙРЕК. АДАМДАГЫ АСЫЛ САПАТТАР

10-сабак. Көп угуп, аз сүйлө, ойчул бол....65
11-сабак. Эмгекчил, сарамжал, мээнеткеч, адамдар коомдун түркүгү....71
12-сабак. Кичи пейил, жапакеч, элпек жана жөнөкөй бол....76
13-сабак. Сынды туура кабылдоо, кемчиликти моюнга алуу, кечиримдүү болуу....81

www.bizdin.kg

14-сабак. «Сөз көтөрүмдүү, жайдары, кең пейил бол»..........87
15-сабак. Сылык, сыйчыл мүнөз адамды ажарлантат.........91
16-сабак. Практикалык сабак
Келгиле, кемчилигибизди оңдойбуз..............................94

## III ЧЕЙРЕК. АДАМДАГЫ ЖОСУНСУЗ ЖОРУКТАР

17-сабак. Кек жана кекчилдик.............................................98
18-сабак. Өзүмчүлдүк, кайдыгерлик..............................103
19-сабак. Мактанчаактык жана кошоматчылык...............107
20-сабак. Ушакчылык, чагымчылык ..............................113
21-сабак. «Ачуу – душман, акыл дос»..............................118
22-сабак. Ичи тардык, көрө албастык, кара ниеттик.........123
23-сабак. Ысырапкерчилик, жалкоолук...........................128
24-сабак. Орой-одонолук, ыксыз күлкү – адепсиздик ........133
25-сабак. Калп айтуу, жалаа жабуу, алдамчылык...............136

## IV ЧЕЙРЕК. УЛУТТУК НАРК-НАСИЛ

26-сабак. Жети ата санжырасын билбеген – жетесиздик....143
27-сабак. Кыргыз эли – жаратман калк ...........................148
28-сабак. Элибиз баскан 2200 жыл.................................. 154
29-сабак. Элдин пейили, сыйчылдыгы, меймандостугу......159
30-сабак. Элдин айкөлдүгү, адилеттүүлүгү, адамгерчилиги.164
31-сабак. Элдин кыз балага, аял затына болгон
урматтуу мамилеси.................................................171
32-сабак. Ата-бабаларды эске тутуу, арбактарды сыйлоо....177
33-сабак. Кайталоо жана жыйынтыктоо сабагы...............180
34-сабагы. Мугалимдин ыктыярындагы сабак .................184

www.bizdin.kg

Окуу басылмасы

**Асаналиев Үсөнбек, Ширимкулова Жумагүл**

**АДЕП (МУРАС)**

**Орто мектептердин 6-классы үчүн окуу китеби**

*Биринчи басылышы*

Адис редактору *С. Иптаров*
Редактору *Ж. Бапаева*
Көркөм редактору *Д. Тимур*
Техникалык редактору *В. Крутякова*
Комп. калыпка салган *У. Дуулатова*
Корректору *Н. Эсенаманова*

Басууга 07.04.2012-ж. кол коюлду. Офсет кагазы.
Форматы $60x90^1/_{16}$. «Мектеп» ариби. 12,0 физ. басма табак.
Нускасы 62 000. Заказ 74.

«Билим-компьютер» басмасы
720065, Бишкек шаары, Чыгыш-5 кичи-району, 14/2.

---

«Учкун» ААКда басылды.
720031, Бишкек ш., С. Ибраимов көч., 24.